63.3(2)722,9кирг
Ж86




1941—1945

*Я. К. ЖУКОВ*

# мекенди бел тутуп

Книга должна быть возвращена не позже указанного здесь срока

Количество предыдущих выдач ____________

63.3(2)722 кыр
Ж86

Я. К. ЖУКОВ

# мекенди бел тутуп

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 307454

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1982

74.213.850
Ж 86

Которгон *Түркмөнов Ажымукан.*

**Жуков Я. К.**
Ж 86 Мекенди бел тутуп /Котор. А. Түркмөнов.— Ф.: Мектеп, 1982. — 192 бет.

Бул китептин автору азыр запастагы контр-адмирал. Улуу Ата Мекендик согуштун биринчи айларында Дунай аскердик флотилиясынын саясий бөлүмүнүн начальнигинин комсомолецтер арасында иш жүргүзүү боюнча жардамчысы болгон. Автор бул китебинде флотилиянын адамдарын, комсомолецтердин эр жүрөктүүлүгүн жана каармандыгын жылуу эскерип, 1941-жылдын согуштук оор шарттарында комсомол уюмдары жүргүзгөн иштердин тажрыйбалары тууралу кызыктуу баяндап берет.

Ж $\frac{60601-273}{М\ 452(17)-82}$ 131.82. 4306030000

373.09
ББК 74.213.850

Рецензент Т. Орозалиев.
© Воениздат, 1980
© «Мектеп» басмасы, 1982-ж. кыргызча которулду.

*Ленин комсомолуна ыраазы болуу, толкундануу жана сүйүү менен арнаймын.*

*Автор.*

# ЧЕК АРА ЖАЛЫНГА БАТТЫ

## КОО-КАЛДАЛАҢДАН УЙКУСУ БУЗУЛГАНДАР

Аскердик кагаздарды салып жүрүүчү жалпак сумкада сакталып калган бир бүктөм саргыч тарткан кагаздагы карандаш менен жазылган сөздөрдү араң окуйм: «Кабардоочу Петр Васильевич Попов. Вахтада өтө кыраакы. Лейтенант Кручин аны азамат! деди».

Мына, эми да ошол саргыч тарткан бир үзүм баракты колума аяр алаарым менен 22-июндун коо-калдалаңдуу таңы көз алдыма кайрадан тартыла түшөт.

Тынч күндөрдүн акыркы бейпил ишембисин эстейм. Кемеде бардыгы жалтырайт. Жез алкактар мизилдете сүртүлгөн. Люктардын[1] резина кынагычтары акталган. Жуулган кирлер керме жиптерде жайылуу. Командирлер түшкү тамактан кийин бир жуманын ичиндеги күжүрмөн жана саясий даярдыктын жыйынтыгын чыгарышты, андан соң кызыл флотчулар менен старшиналар шымдарын, ак формаларын жана бут кийимдерин тазалашып, жээкке барып келүүгө даярдана башташты. Алардын кээ бирөөлөрү парктагы бий аянтына кетишсе, башкалары ошол күндөрдө Измаилде концерт берип жаткан Эдди Рознердин концертине барышты. Ал эми кемелерде калгандар болсо дунайлык-моряктар менен шефтик байланышы бар ун тартуучу комбинаттын өздүк көркөм чыгармачылыгынын концертин көрүүгө чогулушту.

[1] Кемс боорундагы жабылма тешиктер.

Мына, парктагы музыка да токтоп, кемелерге кайтып келишкен моряктар бейкут, көшүп уктап жатышат. Бир гана күзөттөгүлөрдө уйку жок. Күзөттө тургандар түнкү караңгылыкта абдан аяр турушат.

Алар чек аранын көзгө көрүнбөгөн сызыгы өткөн жазы дарыянын ары жагына тыкаттык менен көз салышып, дзоттор менен бекемделген аркы жээкке тикие карашат. Ал жер күндүз алаканга салгандай көрүнүп турат.

Түн ортосу да болуп калган. Эрке толкундар долуланбай, секин шарпылдап турат. Кемелердин эң башкысы болгон «Ударный» мониторунда[1] кабар берүүчү күзөттө Петр Попов турат. Ага Дунай өзү туулуп өскөн Волгасын эстетет. Попов аскердик милдетин өтөө үчүн мында келгенге чейин Сталинградда жашап, ошол эле жердеги мектептен окуган, мектептен комсомолго өткөн. «Красный Октябрь» заводунда иштеген.

Аңгыча болбой дарыянын ортосунда кандайдыр бир чекит пайда боло калды. Бул эмне? Күзөтчү үңүлө карады. Чекит жоголо түштү. Көп өтпөй ал карайып, чоңоюп кайра көрүндү. Ага бир нерсе көрүнчү болуп көрүнүп жаткан жокпу? Жок. Мына, ал аны суу үстүнөн көрүп турат — чекит берилеп сүзүп келатат...

— Жолдош лейтенант, дарыянын үстүнөн жылып келаткан бир нерсени көрүп турам,— деп билдирди кабарлоочу кемелер боюнча дежурный лейтенант Кручинге.

Лейтенант Поповго кайык менен тиги караанга жакындап барууга буйрук берди. Кызыл флотчу калакты күч менен бир нече ирет шилей тартып, заматта эле алиги жерде болду. Аны сууда чаалыккан, бирок чечкиндүү көздөр карап турду. Тиги киши резина түтүктү тиштеп туруптур.

— Мага жардам бериңизчи,— деп өтүндү белгисиз адам орусча сүйлөп.

---

[1] Ири артиллериялуу согуштук кеме.

Попов калакты коё берип, аны ийинден мыкчый кармады да кайыктын ичине тартып түшүрдү. Ал адам чолок дамбалчан гана экен, оор дем алып жатты. Кайык монитордун тепкичине кайтып келди, түнкү мейман лейтенантты көрө коюп чыдамсыздана мингип суранды:

— Мени чек ара начальнигине токтоосуз жеткирүүңүздү сизден өтүнөм.

Белгисиз адам тигил тараптан качып чыккан качкын болуп чыкты. Кемеде аны кийинтишип, чай беришти. Көп узабай мониторго 79-чек ара бөлүгүнүн начальниги майор Савва Игнатьевич Грачев жетип келди. Качкын адам ага немецтер өздөрүнүн аскерлерин чек араны бойлото топтоп жатышкандыктары жөнүндө шашыла айтып берди.

Бул согуш башталаардан бир нече саат мурда болгон эле. Согуштун улагада турганын Грачев да, биз да эчак эле сезгенбиз. Аны сезүүгө мажбур кылып, тынчты кетирген көп эле белгилер болгон. Мындан үч күн мурда — биз аны жээктен байкаганбыз — дарыяда кеме сүйрөгүч пайда болду. Ал жай жүрүп келатты. Кеме сүйрөгүчтүн палубасына коюлган стулдарда жана креслолордо германдык армиянын мундирчен жүргүнчүлөрү кекирейип отурушту. Желек илгичте болсо свастика[1] тартылган кездеме желбиреп турду. Мунун өзү чалгындоо экендиги түшүнүктүү эле.

Душман тарабынан чалгындоолордун жүргүзүлүп жаткандыгы жөнүндө биз кышында эле билгенбиз. Ал жөнүндө кызмат боюнча кеңешмелерде далай жолу айтылган. Ал кезде немецтик самолеттордун биздин суу жээгиндеги территорияларыбыздын үстүнөн учуулары да көбөйө баштады. Алар Гитлердин түздөн-түз буйругу боюнча Бухаресттин жанында топтолуп жаткан подполковник Ровелдин эскадрильясы экени согуштан кийин маалым болду[2]. Фашисттик чалгындоо өзүнүн агентура-

---

[1] Фашизмдин символу.

[2] Безыменский Л. «Барбаростун» өзгөчө папкасы. М., 1972, 276-б.

сын Дунай аркылуу өткөрүп жиберүүгө аракеттенген. Бул китепти жазып жатып мен чек ара аскерлеринин Борбордук архивинде алда нече жолу болдум. Ал жерден мен 1941-жылдын 1-январынан 22-июнуна чейин измаил участкасында гана чек арадан өтүүгө аракет жасагандар кармалган 158 учур катталгандыгын билдим.[1]

Гитлерчилер ушунчалык бетпактыкка барды дейсиз, а түгүл 12-июнда биз тараптан «тил» алып кетүүгө да аракеттенишкен. Мага ал жөнүндө Килиядагы чек ара комендатурасынын начальниги майор Иван Никифорович Бурмистров кыжалаттана айтып берди.

— Ал жерде менин болбогондугум өкүнүчтүү,— деп кыжырданды майор, — мен алардын акесин таанытат элем.

Бирок, заставанын жоокерлери чакырылбаган коноктордун сазайын өздөрү эле беришиптир.

Иш мындай болгон эле. Түн ортосуна аз калганда заставанын начальнигинин орун басары политрук[2] Василий Порфирьевич Козин күзөттөрдү текшериш үчүн канцеляриядан чыгат. Көндүм боло жүргөндөй үйрөтүлгөн итти ээрчитип алды. Он-он беш мүнөттөн кийин ал жээк бойлой жай басып баратып, бадалдын арасынан чыккан шыбыртты, кыска кыйкырыкты жана бирөөнүн басып келаткан дабышын уга калды. Чек арачылар мындай жагдайларда аракеттенүүгө көнүп калышкан.

Политрук жээктеги кайыкты жана андагы эки адамды байкап калды. «Фас»— деп кыйкырды политрук үйрөтүлгөн итке. Анан өзү да ошол эле жерден кайыкка секирип, калактарды кармап бараткан солдатты басып калды. Ит болсо башка солдаттын кекиртегине асылды. Ал Козинди атып ийүүгө үлгүрүп калды, бирок жаздым кетти. Козин пистолеттин кармооч жагы менен солдатты

---

[1] Чек ара аскерлеринин борбордук архиви. (Мындан ары ЦАПВ деп алынат).

[2] Саясий жетекчи.

башка бир койду да борттон ары кулатып жиберди. Эки жагына элецдеше кайыкка дагы экөө шашып келатышты. Алар советтик чек арачынын формасын кийген адамды сүйрөп алышкан. Сыягы оор бир нерсе менен өзөөртө койгон окшойт, чек арачынын өлүү, тирүүсү билинбейт. Бирок политрук Қозинге кармашып жаткандагы дабыштан жана ок атуудан улам жардамчылар жетип келди. Ошентип, чек араны бузуучулардын иши бүттү. Тирүү кармалган эки румын эки немец менен бирге түн жамынып, кайыкка түшүп, жээкке барууга жана ким болсо да бир советтик адамды колго түшүрүп алып келүүгө буйрук алышканын суракта айтып беришти. Алар талдардын түбүндө чек арачы жоокер бет алдыларына чыкканга чейин үч саат жашынып отурушуптур...— «Бизге чоң сыйлык берүүгө убада беришкен эле»,— деп күңкүлдөштү туткундар.

...Мени терезенин катуу түрсүлдөгү ойготту. Чабарман токтоосуз штабга келиңиз деген буйрукту колума карматты. «ТТ» пистолети бар курумду чуркап баратып курчанып, үйдөн атып чыктым.

Түн жымжырт эле. Мен штабдан бар болгону эки көчө гана ары турчумун. Дежурный мага горнизондо аскердик тревога жарыялангандыгын билдирди. Штабдын имаратына командирлер жана саясий кызматкерлер чогулушуптур. Мына ушул жерден мен кайраттуу, чапчаң деп да айтса боло турган, мага өтө жаккан командир лейтенант Павел Васильевич Кручинди жолуктурдум. Алиги мен көп жыл өткөндөн кийин сумкадагы бир топ кагаздардын арасынан таап алган бир бүктөм кагаз мына ошондо жазылган эле.

— Командачынын кабинетине өтүңүздөр,— деп кулактандырды флотилиянын штабынын дежурныйы.

Биз экинчи кабатка чыгып, чоң килем төшөлгөн бурчтагы бөлмөгө кирдик. Бөлмөнүн балконго чыгуучу эшигинен кадимки Суворовду эске салган эски парк ачык көрүнүп турат.

Кабинетте флотилиянын командачысы контр-адмирал Николай Осипович Абрамов жана анын жакын жардамчылары бар экен. Н. О. Абрамов флотилияны ал уюшулган 1940-жылдын июнунан бери жетектеп келатат. Буга чейин Днепрдеги флотилияга командачылык кылып келген. Бул адам тажрыйбалуу моряк, граждандык согуштун катышуучусу, 1917-жылдан бери большевиктер партиясынын мүчөсү. Анын көкүрөгүндө Кызыл Туу ордени жаркырайт.

— Гитлердик генералдар,— деди командачы,— аскерлерин чек аранын өзүнө чейин жылдырышты; алар аны мына-мына бузушат деген маалыматтар да бар. Душмандын опузасына моюн бербеш керек, бирок кол сала турган болсо, кыйрата сокку берүү зарыл. Окко ок менен жооп берилсин!

Саясий пропаганда бөлүмүнүн начальниги, бригадалык комиссар В. К. Беленков да ушул эле мааниде сүйлөдү.

— Эми жолдоштор,— деди командачы, — кемелериңерге, бөлүкторүңөргө, бөлүкчөлөрүңөргө жөнөгүлө. Кайсы жерде согуш өртү чыгып кете турган болсо ошол жерде, адамдар бар жерде болгула...

Биздин флотилиянын кужурмөн составында 5 монитор, 22 бронекатер, 7 катерди сүйрөгүч, 6 бат жүрүүчү мотордуу кеме бар эле. Кемелер топтолуучу район жээктеги коргонуу батареялары, зениттик батареялар, истребителдердин 96-өзүнчө авиаэскадрильясы, аткычтар бөлүктөрү менен корголуп турган.[1] Мен ал түнү көпчүлүк бөлүкчөлөрдө болуп, көптөгөн адамдар менен сүйлөштүм, бирок алардын эч бирөөнөн кенедей да апкаарыгандыкты сезгеним жок. Бардык жерде кужурмөн тыкандык, сокку берүүгө даяр тургандык сезилип турду.

[1] Локтионов И. И., Дунай флотилиясы Улуу Ата Мекендик согушта. М., 1962, 11-бет.

## ЗЕНИТЧИЛЕРДИН БИРИНЧИ ЗАЛПТАРЫ

Мотоциклчи Фёдор Купоросов мени тез эле 463-зениттик батареяга жеткирип койду. Бул флотилиянын башкы базасын коргоп турган 76 миллиметрлүү замбиректин үч батареясынын бири эле. Өздүк состав атуу жайында даяр туруптур. Машиналар, тракторлор, арабалар, снаряддар салынган ящиктер ирети менен жайгаштырылып, калкаланып коюлуптур.

Батареянын командиринин саясий бөлүм боюнча орун басары политрук Д. С. Горель мындайча сунуш кылды:

— Активди чогулталы. Саясий пропаганда бөлүмүнүн начальнигинин жардамчысы азыркы абал жөнүндө айтып берсин.

— Ооба, бул өтө зарыл,— деп аны колдоду командир.

Ошентип, алысты өлчөгүчтүн жанына коммунисттер, комсомол уюмунун бюро мүчөлөрү, замбиректердин командирлери чогулушту. Мен командачынын көрсөтмөлөрүн айтып, чек арада түзүлгөн жагдай жөнүндө билдирдим. Батареянын командири улуу лейтенант Григорий Матвеевич Охота азыркы милдеттерди ачык айтты. Көп жылдардан бери коркунуч түзүп турган согуш оту биздин жерде мына-мына тутанып кетиши мүмкүн экенин баарыбыз түшүнүп турдук. Демек, күн мурун дүрбөлөңгө түшпөй, оор соккуга моюн бербей, кайраттуу туруш керек.

Андан соң митинг болду. Анда замбиректердин командирлери Виталий Ефимов, Василий Семионенко жана пулемёттук расчеттун командири Николай Зубаковдор сүйлөштү... Зенитчилер кандай гана күжүрмөн тапшырма болбосун орундатууга, а эгерде душман менен салгылашууга туура келсе, анда кашык кан калганга чейин кармашууга даяр экендиктерине ант беришти!

Жерге жарык кирип калган эле. Термос менен чай алып келишип, нан, май, кант таратып беришти. Эртең

мененки тамактанууга отурдук. Бирок ушул убакта динамиктен командирдин үнү чыкты: — «Тулча тараптан шаарды көздөй душмандын самолеттору келатат». Зенитчилер өз орундарын ээлешти. Баарыбыз тең асманды карап турдук. Мына, көк асманда кара чекиттер пайда болду. Бомбардировщиктер чубалжып учуп келе жатышты.

— Самолётторду карай... түздөп мээлегиле! —деп буйруган үн угулду.

Залп! Кайрадан да залп... Жарылуулар мээлегенден жогору болуп жатты. Батареянын командири түзөтүү артынан түзөтүү киргизди.

Шаардын үстүнөн самолеттордун катары бузула баштады. Асманда кызыл жылдыздуу истребителдер пайда болду. Фашисттер бомбаларды иретсиз эле ташташты да, төмөндөп учуп Дунайдын ары жагына кетишти.

Позициянын үстүндө, жүзүмзарда кайрадан жымжырттык өкүм сүрдү. Эми бул жымжырттык — катаал, жаман жөрөлгөлүү болуп турду. Охота замбиректердин командирлерин чогултуп алып, өздүк составдын иш аракеттери жөнүндө алардын билдирүүлөрүн угуп, атууга талдоо жасады, асыресе, самолетко чейинки аралык туура эмес аныкталгандыгын көрсөттү.

— Расчеттордо талдоо жүргүзгүлө,— деди ал,— өтө сак тургула.

Командирлер өз-өз постторуна кетишти.

Биз политрук Горель менен алысты өлчөгүчтөрдү көздөй кеттик. Бөлүмдүн командири Валентин Сизов капалуу экен.

— Мен бул жаңылыштык үчүн өзүмдү эч кечирбейм,— деди ал.

Жаңылыштык үчүн алысты өлчөгүчтөрдүн калгандары да кейип жатышты.

— Сабырдаңыңыз, Сизов,— деп политрук анын көңүлүн жооткусу келди.

Бирок көңүл сооротуу жардам бербеди. Анан мен мындай сунуш киргиздим:

— Кана эмесе, немецтик самолеттордун түзүлүш-түспөлүн окуп үйрөнөлүчү. Мына, сиз окуңузчу,— деп кайрылдым узун бойлуу, кең далылуу жигитке (ал карта чийүүчү Иван Первухин эле) эскерткичти суна берип.

Ал минтип окуй баштады:

— «Германдык бир моторлуу тик сайылып учуучу «Юнкерс»— Ю-87 бомбардировщиги. Анын канатынын эни эң эле кууш, учтары мукур, туура таянычтары тик бурчтук формасында. Дөңгөлөктөрү жыйылбайт жана айланып атып өткүчтөргө бириктирилген».

— Бул самолеттор Измаилдин үстүнөн учуп өткөндөрдүн өзү сыяктанат,— деди политрук.

Эми жоокерлердин өңдөрү мурдагыдай олуттуу болбостон бир аз жумшаргансыды. Кобур-собур чыга баштады. Отургандардын баары тең азыр эле зенитчилер менен учкучтар тарабынан сүрүлүп чыгарылган баскынчылык учуп кирүүнү Ю-87 жасады деген ишенимге келишти. Капыстан чыга калуу менен бизди карбаласта калтырууну эсепке алган гитлерчилер төмөнкү бийиктик менен учуп келишкен, анан албетте, тик ылдый сайылып учуп чабуул жасай алышкан жок.

Батареяга бригадалык комиссар Владимир Кондратьевич Беленков келди. Ал сыртынан токтоо көрүндү, атуучу позицияларды карап чыгып, жагдай кандайча түзүлүп жаткандыгын зенитчилерге түшүндүрдү.

— Немецтик самолеттор Севастополь менен Измаилди бомбалашты. Жок, бул опуза эмес, кадимки эле согуш, — деди саясий пропаганда бөлүмүнүн начальниги.

Ал батареячыларды кыраакылыкка, темирдей тартиптүүлүккө чакырды. Бригадалык комиссар абалды түшүндүрөйүн деп чамынып сүйлөгөн жок, бирок анын сөзү өзүнүн жөнөкөйлүгү жана терeңдиги менен акыл-сезимге аябай жетип турду.

Беленков кетип баратып, менин кечинде саясий пропаганда бөлүмүнө келип, бир күндүк иштин жыйынты-

гын билдиришим керек экенин айтты. (Мындай доклад-дын тажрыйбасы андан кийин биздин ишибиздин стилине бекем кирип калды).

Батареяда радиоприемник жок болучу, бирок түш жарымда биз согуштун башталып калганын билдик... Бизге бул жөнүндө дивизиондун командалык пунктунан телефон аркылуу билдиришти. Ал эми үч сааттан кийин флотилиялык «В боевом посту» газетасынын шашылыш чыгарылган саны пайда болду. Чаң басып, тердеп алган мотоциклист анын нускаларын бөлүкчөлөр боюнча таратып жүрдү. Ал газетанын саргыч тарткан бүктөлгөн жерлери өчө баштаган бир нускасы бүгүнкү күңгө чейин менде сакталып турат.

Газета совет өкмөтүнүн билдирүүсүн, ошондой эле флотилиянын командованиесинин кайрылуусун жарыялаган. Душман Измаилдин үстүнөн беш самолетунан ажырагандыгы да жазылган. Биздин авиация жоготууга учураган эмес. Учкуч Михаил Сергеевич Максимов «Юнкерсти» атып түшүрүп, Тулчага келип конгон «Хейнкель— 112 ни» катардан чыгарган. Лейтенант Максимов ордендүү коммунист, Хасан көлүнүн жанындагы уруштун катышуучусу. Максимовдун полктошу лейтенант Леонид Ефимович Фомутов да душмандын бомбардировщигин атып түшүрдү.

Биз газетаны түздөн-түз расчеттордо окууну уюштурдук. Ошол эле күнү душмандын самолету, болгондо да чалгынчы самолету өтө бийиктен көрүндү. Алысты өлчөөчү Валентин Сизов аралыкты аныктады. Удаа-удаа залп атылды. Жарылуунун күрөң түтүн түрмөктөрү самолеттун жолун курчап, жыш каптады. Гитлерчи кайра кеткенче шашты...

Көп отной фашисттик самолеттор кайрадан пайда болду. Алар шаарга ар кайсы багыттан келе жатышты... «Юнкерстердин» бир тобу түз эле портко, калганы аэродромго, үчүнчүсү жээктеги коргонуу батареясына жутунду. Зенитчилер өз убагында ок чыгарышты.

— Родина үчүн!— деп кыйкырды Иван Школа кезектеги снарядды жөнөтүп жатып.

Самолеттордун туш-тушун жарылуулардын түтүндүү түрмөктөрү каптап жатты. Гитлерчилер катарын бузушкан жок, бирок багытты өзгөртүшүп солго бурулушту. Четки самолет аскердик порттун үстүнө дал келип калган эле. Бомба андан кантип түшүп келатканы жакшы көрүнө калып жатты. Самолет бурула баштады, мына ошол учурда бир снаряд анын так тушунан жарылды.

— Күйдү!— деп кубана кыйкырды Валентин Сизов.

Жалынга чулганган самолет Дунайга барып түштү.

Гитлерчилер зениттик артиллериянын зонасынан чыгары менен биздин учкучтар урушка кирипти. Биздин бир шамдагай истребитель бийиктиктеги артыкчылыгынан пайдалануу менен «Юнкерсти» качырып сала берди. Биз атышуулардын жарк эткенин андан-мындан гана көрө калып, бирок бул жекеме-жеке кармашууну демибизди ичибизге катып байкап турдук. Акыры фашист чыдай алган жок. Ал бурулуп качып, Тулчага бет алды. Ал эми истребитель болсо башка «Юнкерс» менен урушка өттү. Көп өтпөй душмандын самолету түтөй баштады, жалын самолеттун тулкусун каптады, анан ал канатынан ала салып барып камыштын арасына түштү. Аны атып түшүргөн учкуч баягыда флотилиялык газетанын шашылыш санына чыккан алиги Михаил Максимов экенин биз кийинчерээк билдик. Дивизиондун командалык пунктунан телефон чалышып:

— Флотилиянын командованиеси батареяга эң мыкты кызматы үчүн алкыш айтат,— деп билдиришти.

Андан бир аздан кийин кайрадан командалык пункттан телефон чалышты. Дежурный политрук Горелди телефонго чакырып, аны уулдуу болдуң деп куттуктады. Биз дагы Дмитрий Самойловичти үй-бүлөсүнө баш кошулушу менен куттуктадык. Ылайым эле бөбөк чоңоюп өсө берсин,— дешти зенитчилер,— биз аны кор кылбайбыз!

Самолеттор учушун токтоткон жок. Душмандын авиациясы зениттик батареянын позициясына да чабуул коюуга аракеттенип жатты. «Хейнкелдер» чабуул коюучунун ролун аткарып жатышты. Алар төмөнкү бийиктикте жуп-жубу менен бир самолеттун артынан экинчиси аралыгы алты-сегиз секунддан учуп, чабуулга өткөндө бардык куралдардан ок чыгарышмай болушту. Адамдын үшүн алыш үчүн алар моторун өкүрткөн боюнча тим эле жерге жакын учуп өтүшөт.

«Хейнкелдерге» каршы ок атуу батареялар боюнча, болгондо да ар бир батареянын секторуна кирген самолеттордун тобуна гана атылып турду. Мунун өзү жеңил эмес эле. Эми пушкалар гана эмес, ар бир батареяда болгон пулемёттор да ата баштады. Бул фашисттерди эсине келтирип койду. Батареяга жакындап келгенде алар зениттик аткылоонун абдан жыштыгына туруштук бере алышпай, багытынан буйтап качып калышты.

Флотилиянын башкы базасын коргоо үчүн бир нече күндөн кийин абадан чабуул коюудан коргоонун жаңы участогу түзүлдү. Аны полковник В. А. Матвеев жетектеди. Участканын составына алты И—153 жана сегиз И—15 истребители бар (командири капитан А. И. Коробицын) истребителдердин 96-айрым авиоэскадрильясы жана да үч батареялуу составдык 46-зениттик-артиллериялык дивизиону (командири улуу лейтенант Н. М. Шило) кирди. Эми зенитчилер менен истребителдердин учкучтарынын өз ара аракеттери тыгыз өтмөй болду.

Атуунун тездиги жана тактыгы көбүнесе дүрмөттөөчүлөргө байланыштуу экенине бизди согуштук биринчи атуулар ишендирди. Мен мындай согуштук иште дүрмөттөөчү Иван Школаны далай жолу көрдүм. Анын замбиректин жанында өз ишине кантип берилип жана тырышып аракеттенип жатканын көрүп, суктанчумун. Баштаган иштеринин баары тең ийкемдүү, так бүтөт. Анын тажрыйбасын башкаларга жайылтсачы! Бирок кантип? Дивизиондун командири Н. М. Шило менен кеңешип

көрдүм. Николай Минович мени кызуу колдоду. Мына ошентип, Иван Школа жолдошторунун алдында чыгып сүйлөөгө даярдана баштады. Мени менен бирге ага дивизиондун командиринин саясий бөлүм боюнча орун басары батальондук комиссар Г. Ф. Сорокин, политрук Горель жардам беришти. Ал эми эртеси күнү замбиректин жанында биринчи үйрөнчүктөр пайда болду. Иван Школа ошол эле жерден, замбиректин жанынан өз ишинин ыкмаларын көрсөтө баштады.

— Албетте, атышуу учурунда,— дейт Иван Школа,— инструкцияны жана айтылган насааттарды катуу сактоо керек, бирок согушта мунун өзү аздык кылат. Согушта өзүңдүн иш аракетиңе оор басырыктуу жана ишенимдүү болушуң керек. Мен «Дүрмөттө!» деген буйрук болгондо снарядды алактабай, так алып, аны өз ордуна жеткире жакшылап түртөмүн. Ал өз ордуна так, жеткире түртүлгөндө эч кандай токтолуу болбойт. Биздин батареяда,— деп улантты ал,— мындай бир окуя болгон: дүрмөттөөчү снарядды замбиректин сайына чоң күч менен ыргытып сала турган. Уркуюп чыгып турган жерди көздөй биринчи эле түртүүдөн снаряд патрондон чыгып кетип, ал эми патрон болсо катуу соккудан кийин артка чыга берди. Натыйжада жапкыч жабылбай, токтоп калуу болду. Мындай окуя болбосун үчүн мен снарядды ар дайым өз ордуна чейин жеткирем.

Андан кийин Иван Школа дүрмөттөөнү өзү кандайча жүргүзөөрүн этаптары боюнча көрсөтүп чыкты.

Эртеси күнү анын замбирегине дүрмөттөөчүлөр кайра да келишти. Ошентип, Школа бир нече күнү катары менен—кечинде жана түнүндө да өз тажрыйбасын айтып берип жүрдү. Башка батареялардын дүрмөттөөчүлөрүн да мында машина менен алып келип турушту. Окуу уюшкандык менен өтүп, ар бир мүнөт текке кеткен жок. Албетте, Иван Школа чарчап да кала турган, бирок өзүн бактылуу сезчү: анткени анын тажрыйбасын, анын билимин башка жоокерлер да үйрөнүп, негизги

багыттагыларды душмандын огунан калкалоочулардын ишине аз да болсо салым кошуп жатпайбы.

— Кужурмөн демилгеңер үчүн ыракмат, зенитчилер,— деди саясий пропаганда бөлүмүнүн начальниги комсомол уюмдарынын секретарларынын жыйынында чыгып сүйлөп. — Кужурмөн тажрыйбаны мына ушинтип ачык-айкын үйрөтүүнүн өзү гана накта пайда алып келиши мүмкүн. Бизге мына ушундай баалуу алдыңкы нерселерди иш жүзүндө күчөтүп өздөштүрүү керек...

Улуу саясий кызматкердин ак ниеттен айткан сөздөрү комсомолдук активди шыктандырып салды. Душман менен салгылашуунун жаңы ыкмаларына үйрөтүү биздин катышуубуз менен замбиректин командирлери алысты өлчөөчүлөр — расчеттордун бардык сапары боюнча да жолго коюлду. Согушта өзгөчө айырмалангандар, баатырлар, сыйлангандар чыгып сүйлөгөн кезде сабак өзгөчө кызыктуу өтүүчү.

## УРУШТАГЫ КОМСОМОЛДУК ТАПШЫРМА

24-июнь күнү кечинде — бул жолу да саясий пропаганда бөлүмүнүн начальнигинин тапшырмасы боюнча— деңиз жөө аскерлерине келдим. Түн кирип калган болучу. Толкундар бир аз чыбырчыктап турду, балыктар анда-санда чулп эте калып жатты. Бирок дарыяда балыкчылар жок, алардын кайыктары да көрүнбөйт, мурдакыдай балыкчылардын көңүлдү дегдеткен ырлары да угулбайт.

Эки жээк бири-биринен Килиянын суусу менен бөлүнгөн. Эки жээк бири-бирине каршы. Бирөөндө биз, башкасында душман. Деңиз жөө аскерлеринин жоокерлери Феропонтия монастрынын түштүгүрөөк жагында коргонуп жатышкан. Алар караңгыга үңүлүп, сак турушат. Кулак-мурун кескен түнкү убактылуу жымжырттыкка ишенич жок. Алыстан, 51-Перекоп дивизиясынын 278-аткычтар полкунун участкасынан от жарк дей түштү—

сыягы, мина жарылды окшойт, аралыктын алыстыгынан өчө түшкөн анын үнү бир нече секунддан кийин бизге келип жетти.

Деңиз жөө аскерлери душмандын жаман бир жөрөлгөсүн сезип турушту. Алар кечке жуук мен келээрге жакын монастрдын жанынан дарыя аркылуу жаңы гана өтүп келген душмандын чалгынчысын кармап алышыптыр. Кароолдогулар ошондой эле душмандын аскерлериндеги алга жылууларды да сезип калышыптыр.

Улуу лейтенант М. С. Козельбашевдин ротасы жакшы даярдалган эле. Марк Степанович аскерлерди куралды уруна билүүгө, тезинен окоп казып алууга, десант менен түшүүгө үйрөтүүдө көп жакшы иш аткарган. Дегинкиси деңиз жөө аскерлери — бизде аз болсо да болгону бир рота — алар айрыкча окуп-үйрөнгөндүктөрү, тартиби, бек ынтымагы менен өзгөчө айырмалануучу. Флотилиянын командачысы окуунун жыйынтыгын талдоого алып сүйлөгөн кезде жаш аткычтардын мына ушул сапаттарын баса белгилөөчү.

Менин катарымда уйпалана тапталган чөптүн үстүндө жоокерлер отурушат. Алар дагы аркы өйүзгө назар салып турушат, көпчүлүгү комсомолецтер. Мында ротанын командиринин да сиңирген эмгеги бар. Ротадагыларды бекем баш коштуруу үчүн комсомолдук уютку кандай чоң күч экенин түшүнүп, ал жөнүндө көп камкордук көргөн. Улуу лейтенант жаштарга аскердик жана рухий чыңалууда жардам берет. Айтмакчы, ал кечээ «Болот кантип курчуду» деген китепти барактап отуруп, анын бир нече барагын үн чыгарып окуп берген. Алардын ар бири буга чейин эле Николай Островскийдин бул чыгармасы менен жакшы тааныш болушса да командирди тегеректеп алышып зор ынтаа менен угушкан. Козельбашев китептен башын көтөрүп:

— Менден согуштук жагдайда комсомолецтерге кандай тапшырма берүү керек деп сурашты, анткени тынчтык кездеги көрсөтмөлөрдүн баары согуш өтү менен



ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 307454

тыйпыл болбодубу. Ошентип менден сурагандарга жана да ВЛКСМдин бардык мүчөлөрүнө мындай деп жооп берем: комсомолецке бериле турган эң башкы тапшырма — урушта алдыда болуу. Түшүнөсүздөрбү, алдыда!

Мен улуу лейтенанттын комсомолецтер менен болгон маеги жөнүндө угуп алып, ага алкыш айтканымда ал ыңгайсыздана түштү, бирок андан соң бир аз үн катпай туруп, ишенимдүү түрдө мындай деди:

— Билесизби, мен командирдин жоокерлерге жакын болушу ар дайым күжүрмөн кошумча запас болот деп эсептегем жана эсептейм.

Биз траншей менен бара жаттык. Бул жерде менин далай тааныштарым жана досторум бар эле. Алар менен далай ирет машыгууларда десант болуп түшкөнбүз. Мен аларга майдандагы, биз жактагы жагдай жөнүндө, зенитчилер, алардын күжүрмөн демилгелери, аткычтар бөлүкчөлөрүнүн туруктуулугу жөнүндө, анан албетте, дунайлык моряктар жөнүндө да айтып бердим. Жоокерлер мага: «Москвада эмне болуп жатат?», «Одесса кандай?», «Севастополчу?» деген суроолорду беришти.

Окоптордун биринен мен качандыр бир кездерде «Красный Кавказ» крейсеринде[1] бирге кызмат өтөгөн Степан Шелестуновго жолуктум. Ал экөөбүз көнүгүү жүрүштөрүн, командирлерди, жолдошторду эске түшүрдүк. Флотко чакырылганга чейин Степан электрчи болуп иштеген. Кемеде да ал электрчи, бирок артиллериялык электрчи болуп иштеп калды. Анан ал күтүлбөгөн эле жерден сүрөт тартууга кызыга баштады. Севастополдогу флот үйүнүн алдындагы сүрөт студиясына барып жүрчү. Шелестунов Дунай флотилиясына келгенде бир аз убакыт клубдун алдында сүрөтчү болуп иштеди. Эми болсо минтип, согуш башталар менен колуна курал алып, деңиз жөө аскери болуп алыптыр.

---

[1] Кеменин бир түрү.

— Бул дагы искусство,— деди ал мылтыгын кызыга кармалап туруп.

Айтмакчы, кызыл флотчу кыл калеминен да кол үзгөн жок. Арадан бир нече күн өтөт, анан ал басма сөздө пайда болгон «Ата Мекен чакырат!» деген плакатты көчүрүп тартып, аны түздөн түз позицияга алып келип коёт. Андан кийин ал биз Москвадан алган «Кызыл аскердин эсине!» деген кыскача нускоону көбөйтүп жазып чыгат. Тек гана көбөйтүп тим болбостон, тартипти чыңдоого, кыраакылыкты жогорулатууга, аскердик устаттыкты өркүндөтүүгө чакырган ондогон плакатты илет. Плакаттардын биринде мындайча жазылган эле: «Родинага жана Совет өкмөтүнө берилгендиктин аскердик антын ыйык орундат. Кызыл Армиянын жоокери кашык каны калганча салгылашат, бирок душманга багынып бербейт. Фашистке туткун болгончо, урушта өлгөн артык. Коркоктун көзү алаңдайт. Коркок өзүнүн бөлүгүнүн күчүн азайтып, душмандын күчүн апыртат. Дүрбөлөңчү— уруштагы эң жаман душман».

...Чатал Киой кордонунан[1] атайын түтүн пардасы чубалжып чыга баштады. Суунун бир аз шарпылдаганы угулуп, душмандын солдаттары толтура түшкөн балыкчылардын кайыктары сүзүп чыкты. Кайыктын саны алтымыш-жетимиштен кем эмес болучу.

Комсомолец Шелестунов аларды биринчи болуп байкай койду.

— Душмандын тобу түз эле кайыктар менен келатат! Ок атууга уруксат этиңизчи? — деп кайрылды ал взводдун командири лейтенант Андрей Егорович Кощейге.

— Буйруксуз атуу болбосун!

Кайыктар жүз элүү метрче жакындап калды. Эми лейтенант буйрук берери менен ок душманды көздөй жамгырдай жаады. Бирок фашисттер жарып өтүүгө тырышты. Айрым кайыктар жээкке жакындап да калды. Гитлердик офицер кайыктан ыргып түштү да, керилип

[1] Чек араны коргоп туруучу отряд.

туруп граната ыргытты. Граната биздин баш жагыбыздан өтүп барып тырс дей түштү да, окоптун ичине жарылды. Менин коңшум комсомолец Николай Новиков термеле түштү, ал катуу жарадар болуп, окоптун түбүнө кулап түштү. Ошол учурда «Дегтеревден» жаадырылган октон гитлерчи да кулады.

Дециз жөө аскерлери атууну күчөтүштү. Фашисттер кайыктардан секирип түшүшүп, жээкти бойлой жүгүрүштү. Калган кайыктар жакындап келүүгө батына алышпады, дарыянын ичинен ок атып жатышты. Душман ок атууга турууштук бере албай, артка чегинди. Окопторлон «Ураалаган» катуу үндөр чыкты. Моряктар алга карай умтулуп жөнөштү да гитлерчилерди Дунайга сүрүп салышты. Уруш тынчый түштү, бирок биз көпкө чейин тынчый алганыбыз жок. Тыныгуу маалында биз ким өзүн атышуу учурунда кандай кармагандыгын айтып, кармашуунун кээ бир учурларын эске түшүрдүк. Ротанын командири Козельбашев басып келди да жоокерлерге аталык мээрим менен көз чаптырып:

— Эң жакшы, моряктар! Душман, көрсө качканды да, чегингенди да билет тура... Баарыңарга, өзгөчө комсомолецтерге алкыш айтамын, алар бүгүн баатырлар!

Биз тамактана баштадык.

— Котелок[1] барбы?— артымап тааныш үн угула калды.

Бурулуп карасам, ал флотилиянын штабынан бизге келген подполковник Петр Васильевич Комаров экен. Аны бул жерде жакшы билишет, ага орун беришип, буркураган, бир аз күйүк даамданып, эт кошулган боткодон котелокко толтура салып беришти.

Эртең мененки тамактан кийин ал ушул эле жерде, командирлердин көзүнчө ротанын алдына коюлган милдетти айтты. Эртең, 25-июнда таң заардан чек арачылардын тобу менен бирге Сатул-Ноу жарым аралына

---

[1] Жоокердин тамак ичүүчү идиши.

түшүп, Ласкэр-Катаржу кыштагын ээлеш керек. Аралга түшүрүү жээктеги батареялардын, «Ударный» жана «Мартынов» мониторлорунун жардамы менен бронекатерлер жана кеме сүйрөгүчтөр аркылуу жүргүзүлөт.

Жарым арал бизге өтө эле жолтоо болуп туруп алды. Душман андан биздин аскердик порттун ишин токтотө үзгүлтүксүз аткылап турат. Доттор андан жарым километр аралыкта — так гана кеме токтоочу жайдын каршысында жайгашкан.

Түндүн бир оокумунда ротага флотилиянын штабынын чалгындоо бөлүмүнүн начальниги келди. Сөз душмандын тылында диверсия жасоо, асыресе, анын зым байланышын иштен чыгаруу жөнүндө болду. Бирок аны кантип иштөө керек? Дарыядан кайык менен шырп алдырбай өтө албайсың да.

— Сүзүп өтүүгө мага уруксат бересизби?— деп кайрылды 2-статьядагы старшина Петр Кудрицкий.

Кудрицкий өзүнүн тажрыйбалуу чалгынчы экендигин буга чейин эле көрсөткөн болучу. Ошентип, анын сунушу кабыл алынды. Ал караңгыны жамынып, дарыядан сүзүп өттү да, билинбей жылып отуруп, байланыш зымдарына жетип, аларды бир нече жеринен кескилеп салды. Кайра кайтып келип жай гана:

— Жолдош командир, сиздин буйругуңузду орундаттым. Душман байланыштан айрылды... деп билдирди.

Тан атаар менен жээктеги коргонуунун № 725 батареясы жана 46-зениттик артиллериялык дивизиондун эки батареясы, «Ударный» жана «Мартынов» мониторлору душмандын жарым аралдагы чыңдалган жерлерин көздөй ок жаадырышты.

Зениттик батареянын командири лейтенант Николай Николаевич Кашинин аскердик демилгени көрсөттү. Ал түндө эле эки замбиректи портко алдырып өткөрүп, аларды жашыртып койгон. Эми ошол замбиректер түптүз сокку берип жатты. Кашининдин батареясы броняны атуучу снаряддар менен коңгуроолор турчу жерде

жайгашкан душмандын байкоочу жайын жок кылды. Мында алысты өлчөөчү (комсомол уюмунун секретары) Григорий Подчалимов жана аспапчы Иван Гелеверия айырмаланышты. Алар натыйжалуу атууну камсыз кылган маалыматтарды беришти. Батареянын командири колу бошобогонуна карабастан аларга: «Григорий Подчалимов жана Иван Гелеверия, сиздерге алкыш билдирем!» деп кат жазып жиберүүгө убакыт тапкан. Мындай көңүл буруу жоокерлер үчүн канчалык жогору тургандыгын айтуунун кажаты барбы. Бир нече күн өтөт, анан саясий пропаганда бөлүмү урыштун жыйынтыгын чыгарып жатып, батареянын командири комсомолец Кашининдин бул демилгесин белгилеп көрсөтөт.

Артиллериялык аткылоо душманды жашырынуучу жайга сүрүп киргизди. Бронекатерлер менен кеме сүйрөгүчтөр жарым аралга лейтенант Николай Егорович Бодрунов башкарган чек арачылардын ротасын, жана да деңиз жөө аскерлеринин взводун эч жоготуусуз алып келип түшүрдү. Биз взводдун командири Андрей Егорович Кощей менен бирге бронекатердин бортунан жээкке секирип түштүк да, сактык менен чуркап, душман бекинип алып аткылап жаткан жепирейген бир кабат казарманы көздөй умтулдук. Взводдун жоокерлери жете келишти.

Бир аз кармашуудан кийин жарым арал алынды. Моряктардан жана чек арачылардан кийин жарым аралга 51-дивизиянын 287-аткычтар полкунун батальону түшүрүлдү. Чечкиндүү салгылашуудан кийин батальон душманды ийинден басып, Баклажанов кордонуна чейин алга жылды. Ошол эле учурда бронекатерлер отряды Сатул-Ноу жарым аралынын төмөн жагындагы Пардино кыштагына десант түшүрдү. Десантчылар душмандын 70 солдатын туткунга алып, эки замбиректи жана он пулемётту колго түшүрүшкөн.

Менин жаныма ротанын командири Козельбашев басып келди.

— Яков Карпович, сизге менин өтүнүчүм бар,— деди ал,— кайра кайтып барганыңызда флотилиянын командованиесине биздин десантта чек арачылар менен батальондун аткычтары эң сонун аскердик жолдоштор экенин айта барсаңыз. Алар бири-бирине эң ишенимдүү арка-бел.

Мен ротанын командиринин оюн жакшы түшүндүм. Биз мындан ары да аскердик бир туугандыкты, согуштагы өз ара аракеттенүүнү чыңдай беребиз. Андан калса андай салттын негизи түзүлүп да калды. Дунай флотилиясы өзү адеп түзүлгөндөн тартып эле Одесса аскер округунун бөлүктөрү жана чек ара аскерлеринин бөлүктөрү менен байланыштарын эң тыгыз абалда чыңдады. Дунай жана Пруту боюнча чек арада 79-жана 25-чек ара отряддарынын бөлүкчөлөрү турушкан.

Флотилиянын моряктары согуштун биринчи күнүнөн тартып эле чек арачылар менен бирдикте чалгындоо жүргүзүшкөн, десант түшүрүшкөн, атуучу каражаттар менен бирин-бири колдоп турушкан.

...Бул июлдун биринчи күндөрүндө болгон эле. Лейтенант Николай Иванович Смертиндин «БКА-115» деген катери Килия суусунун сол жээгинде чүмбөттөлүп күзөттө турган. Пулемётчу Николай Лошкарев жээктин ары жагына байкоо жүргүзүүдө. Ал ар бир бадалга, дөңсөөгө, курулушка абдан кунт коюп карап турду. Аңгыча болбой Николай душмандын солдаттары түшкөн кайык жээктеги бийик өскөн өсүмдүктөрдүн көлөкөсүнө жашырынып, кумдуу саяңга жакындап келип калганын көрө койду. Мына, кайык жээкке жанаша берди. Солдаттар бөжөңдөп чуркашып, жакын жерде турган сарайга кирип жашырынышты. Лошкарев дагы көбүрөөк этияттана түштү. Ал бир мүнөттөн кийин ошол эле сарайга башка тараптан душмандын андагы буктурмасын эч элес албастан, биздин чек арачылар жакындап бара жатканын байкай калды. Өзүбүздүкүн кырсыктан дароо куткаруу керек, ал кырсык жөнүндө эскертүү зарыл.

Ошентип байкоочу командирге жагдайды билдирди.

— Толук алга!— деген лейтенант Смертиндин командасы угулду. Кеме окту мөндүрдөй жаадырып, душмандын буктурмасын көздөй сүзүп жөнөдү.

Душман окуянын мындай болорун күткөн эмес, ошондуктан буктурманы токтотууга аргасыз болду.

— Арамзаларды тирүү кетирбегиле! — деп кыйкырды лейтенант. — Душмандын кайыгына пулемёт менен кеменин тумшугундагы замбиректен ок атылсын!

Кайык талкаланды. Гитлерчилерден бир нечеси гана кутулуп кетти.

Ал эми чек арачылар болсо булар жөнүндө толук билген соң кийинчерээк өздөрүнүн кужурмөн жолдошторуна алкыш айтышты...

Кечинде саясий пропаганда бөлүмүнө кайтып келдим. Измаилдин биринчи эле жол кесилишинен мени патруль токтотуп калды. Булар шаарды коргоого өз ыктыярлары менен келишкен куралдуу жумушчулар эле. Пропускамды көрсөттүм. Тосуп тургандар мени билишчү, анткени, комсомолдук конференцияларда жолугушуп жүргөнбүз. Алар алдынкы чекте абал кандай, жоготуулар барбы, кандай жардам берүү керек,— деп тынчсыздана сурамжылашты.

— Эсиңиздерде болсун, биз ар дайым силер мененбиз!— деген алардын сөздөрүн узай берип угуп калдым.

Саясий пропаганда бөлүмү Мектеп көчөсүндөгү эки кабат өзүнчө үйдү ээлеп турчу. Ал кечте дээрлик бардыгы тең: бөлүмдүн начальнигинин орун басары Сидор Ильич Дворяненко, парткомиссиянын секретары Тихон Сергеевич Камышников, пропаганда жана агитация боюнча улуу инструктор Валентин Иванович Федоров, партиялык уюштуруу иштери боюнча улуу инструктор Василий Иванович Колчин, партиялык учет боюнча инструктор Константин Иосифович Цымбал болуп кеңешмеде отурушуптур. Мында жаңы жолдоштор да бар экен, алар менен ошол эле жерден тааныштык, В. И. Ле-

нин атындагы Аскердик-саясий академиянын бүтүрүүчүлөрү, запастан чакырылган саясий кызматкерлер, Карадециз флотунун саясий башкармасынын өкүлдөрү болучу. Бул жерде флоттун «Красный черноморец» газетасынын кабарчысы Владимир Михайлович Апошанский да бар эле.

Кеңешме биз согушка чейинки мезгилде иштеген инструкторлордун бөлмөсүндө өттү. Согушка чейин! Мунун өзү азыр эчак болгонсуп көрүнөт. Ал эми согуш тозоңунун башталганынан бери бар болгону аз гана күндөр өттү. Бөлмөнүн ичине көз жүгүрттүм. Андагылардын бардыгы: столдор, дубалга илинген портреттер, шахмат столу фигуралары менен мурунку калыбында эле туруптур. Снаряддын жарылышынан улам балкондогу каалганын айнектери гана сыныптыр, ал аркылуу каалганын сынбай калган жыгачтарына чатышып өскөн роза гүлдөрү көрүнүп турат.

Өздүк составдын саясий аң-сезимдүүлүк абалы жана партиялык саясий иштер жөнүндө Камышников, Колчин жана мен чыгып сүйлөдүк. Акырында саясий пропаганда бөлүмүнүн начальниги В. К. Беленков партиянын Борбордук Комитети бизден аскерлердин арасында партиялык-саясий иштерди дагы кеңири жайылтууну талап кылып жаткандыгын айтты. Бардык командирлер, саясий кызматкерлер, коммунисттер аскерлердин арасында агитация жана пропаганда иштерин түздөн-түз өздөрү жүргүзүп, майдандагы турмуштун оордугун майтарылбас эрк менен жеңип чыгуулары зарыл.

— Флотилиянын кемелери менен бөлүмдөрүнүн, 14-аткычтар корпусунун аскерлери тарабынан жүргүзүлгөн алгачкы уруштардын тажрыйбасы, — деп сөзүн улантты бригадалык комиссар,— гитлердик «жеңилбес» армияны сопсонун эле талкалоого боло тургандыгын көрсөттү. Ал үчүн уруштун ыкмаларына тезинен ээ болуу, десантка тартынбастан баруу, окопту жакшылап казып, коргонууда өз позициясын туруктуулук менен сактап

калууга жетишүү, дүрбөлөңчүлүккө чечкиндүү сокку уруу гана керек.

Тынч күндөрдө ушунчалык ийгиликтүү колдонулуп келген иштин бардык түрлөрү менен ыкмалары азыркы шартка жарай бербестиги түшүнүктүү. Коммунист, саясий кызматкер! Азыр сенин жеке үлгүң эң күжүрмөн, эң таасирдүү ыкмалардан болуп калды. Биз согуштун кайнаган жеринде болушубуз керек, биздин демибиз чабуул учурунда, десант маалында, кеменин бортунда сезилип турушу өзгөчө маанилүү. Сөз менен иш ажырагыс болуш керек! Биздин кыскача кеңешмебизде мына ушулар жөнүндө сөз болду.

Бригадалык комиссар комсомол уюмдарынын демилгелерин мисал кылып, атайын токтолгондугуна кубандым. Ал комсомолец деңиз жөө аскерлери десантка чыгар алдында өткөрүшкөн чогулуш, согуштук тапшырманы так аткаруу үчүн коллективдүү берилген ант, батареянын командири Кашининдин башкалардан айырмаланышкан ыраакы өлчөгүчтөргө жиберген куш тилиндей каты, Кызыл аскер Шелестунов тарткан плакаттар жөнүндө кабардар экен.

— Бардык демилгелүү, бардык курч иштерди белгилөөгө аракеттенгиле,— деди бригадалык комиссар. Согуштагы жылуу сөз сыйлыктан да артык.

Партиялык таасир көрсөтүүнүн күчү эмнеде экенин бул карыя коммунист мыкты биле турган.

Биз аскердик сооданын ашканасына кечки тамакка чогулдук, бирок ошол учурда артиллериялык атуу башталды. Бомбадан жашырынуучу жайга түшүүгө аргасыз болдук. Анда адамдар көп экен. Мен кире беришке токтой калып, оор каалганы тартып жаптым. Снаряддар улам жакындан жарылып жатты. Жер солкулдап, жарылуу болуп, анан шыптан кирпичтер урап түшө баштады. Жарык өчүп калды. Кайсы бир аял кыйкырып жиберди, балдар ыйлай башташты. Кишилер түртүшүп,

сыртты көздөй умтулушту. Ошол учурда үнүмдүн болушунча кыйкырууга туура келди:

— Сыртка чыкпагыла, снаряддар жакын эле жерде жарылып жатат. Бөөдө өлүп каласыңар!

Түртүшүүлөр токтоп, кайрадан тынчтык боло түштү, кимдир бирөөнүн гана бышактап жатканы угулуп турду.

Мына, жарылуулар да алыстан угулуп калды. Мен бомбадан калкалануучу жерден чыктым. Көрсө снаряддар биз отурган подвалдын үстүндөгү үйгө тийиптир. Бактыга жараша, анча кырсык болгон жок.

Тамак ичүүгө табитим тартпады. Мен ашканага кирбестен Суворов проспектиси боюнча Дунайдын жээгин көздөй жөнөдүм. Көпүрө снаряддардан кыйраптыр. Үйлөрдүн биринин жанында баштарын жерге салып бир топ адам турат. Жерде чөлмөктөгөн канга батып бир адам жатат, анын жанында бир жаш аял боттодой боздоп отурат. 12-курулуш башкармасынын башкы инженери Арчил Викторович Геловани ары жактан басып келди. Ал госпиталдан машина чакырыптыр. А. В. Геловании гарнизондо жакшы билишчү, урматташчу. Ал күчүн үрөп эмгектенип, кандай гана тапшырманы аткарбасын жанын аёочу эмес. Согушту да калбаат каршы алды, шаарды коргоо үчүн көп иштерди иштеди.[1]

Санитардык машинанын доошу угулду. Тормоз чырылдай түштү, замбил алып машинадан санитарлар түшө калышып, жарадар болгон адамды алып кетишти...

Мен келген окоптордо эч ким уктай элек экен, чалгындоонун маалыматы боюнча душман түнкү десантка

[1] А. В. Геловани согуштан кийинки мезгилде Севастополдун аскердик куруучуларын жетектеген, баатыр шаарды калыбына келтирүүгө активдүү катышкан. Кара деңиз флотунун командачысынын курулуш боюнча жардамчысы, СССРдин Коргоо министерствосунун ар түрдүү аскердик-курулуш башкармаларынын начальниги болгон. Кийинки кызматы — Коргоо министринин курулуш жана аскерлерди үйлөргө жайгаштыруу боюнча орун басары (1971—1978-жылдар). Инженердик аскерлердин маршалы, Лениндик сыйлыктын лауреаты. *Автордун эскертүүсү.*

даярданып жатыптыр. Жоокерлер менден шаарда курман болгондор көппү, кайсы үйлөр кыйрады деп сурай башташты. Мен көргөн, билгенимди айтып бердим.

Кызыл флотчу Старостин үйүнөн келген катты көрсөттү. Апасы ага Смоленскинин жанынан жазыптыр. Катта атасынын өз ыктыяры менен аракеттеги армияга кеткенин, колхоздун председатели катары согушка чакырылбаса да ал атайы суранып согушка кеткенин жазыптыр. «Баары тең эле өз ыктыярлары менен кетип жатышат, баары эле алдынкы чекке тезинен жөнөтүүнү талап кылышат...— деп улантат апасы,— кантип эле биз, орустар, биз, советтик адамдар каргыш тийген фашисттердин таманынын алдында калмак элек. Кагылайын уулум, сок аларды, менин коргоочум, бизге кол салуу кандай экенин кылымдар бою, түбөлүк эстеп калышсын үчүн аларды аябастан сок!»

Мен анын ишеними үчүн алкыш айтып, катты кызыл флотчуга кайтарып бердим. Дыйкан эне жеке эле өзүнүн уулуна эмес, анын көптөгөн жоокер жолдошторуна да кайрылгансын, ал кат улам колдон колго өтө берди. Катты баары окуган соң жоокерлер өздөрүнүн ойлорун, душманды жеңээрибизге ишенгендиктерин айтышты. Ырасын айтсам, ал түнкү сөздөр укмуштай толкундантты. Мен керектүү кагаздарды салып жүрчү жалпак сумкадан саясий пропаганда бөлүмүнөн ала чыккан «Правданы» алып чыгып, андан Алексей Сурковдун ырын таап, окоптун кырына тура калып, үнүмдү бийик чыгарып окуй баштадым:

Арсыз душман кундак менен каалгабызды койгулап,
Ата-Журтту добул басты, бороондотуп ызгаарын.
Ук, Мекеним! Кандуу согуш маалында,
Жеңебиз!— деп ант беришет сенин кыраан уулдарың.

Мен сап артынан сапты дем албастан окуй бердим. Ырды окуп бүткөн соң айланама көз жүгүртсөм, окоптогулардын баары тең ордуларынан туруп, кандай гана бол-

босун сыноого даярбыз дегендей сүрдүү, чыйралып турушту.

Сүйүү менен жек көрүү биздин жүрөгүбүзгө мына ушинтип уюган...

### КИЛИЯ-ВЕКЕНИ КАРАЙ, АЛГА!

Мен күндөрдүн бириндe Мектеп көчөсүндөгү бөлүмгө келип деңиз жөө аскерлеринде иштелген иштер жөнүндө билдирүү жасап, айрым документтерди жазып-тактоого камынып жаткан элем. Бирок ошол учурда батальондук комиссар Дворяненко мындай деди:

— Жолдош Жуков, сизге бул жерде көпкө кармалууга болбойт, тезинен аскердик портко жөнөңүз. Саясий пропаганда бөлүмүнүн начальниги менен бирге кемеге түшүп, Килияга барасыздар...

Порттогулар мониторлорго снаряд жүктөп жатышыптыр. Бригадалык комиссар В. К. Беленков ушул жерде экен. Мониторлор кийинки күнү, 26-июнда эртең менен душман жактагы жээкке түшүрүлө турган десантты ок атуу менен калкалап туруш керек эле.

— «Мартынов» менен кетесиз,— деди мага Владимир Кондратьевич,— сиздин да жана бардык активисттердин башкы милдети — адамдарды жеке үлгүңөр менен шыктандыруу.

Кемелер токтоп турган жеринен алыстап, агым боюнча Кислицк куймасына тез эле жетишти. Душманды ушул жерден аткылашмак. Анан жээктеги чөп-чардын арасына жашырынып алышты. Алыс эмес жерден Килия-Веке (Эски Килия) шаары көрүнүп турат.

Советтик жээкте, Килия-Векенин дээрлик каршысында Жаңы Килия шаары (азыркы Килия) жайгашкан. Бул жерде дарыяны бойлой 51-Кызыл Туулуу Перекоптук аткычтар дивизиясынын 23-аткычтар полку, 25-чапаевдик аткычтар дивизиясынын 99-артиллериялык полку жана флотилиянын жээктеги коргонуу № 65-батареясы турган.

Душман согуштун биринчи күнүндө эле Килия-Веке тарантан артиллериялык аткылоону баштаган. Үрөй учурган ышкырыктары менен оор снаряддар казармаларга жана турак үйлөргө, 23-аткычтар полкунун жайкы лагерине түшкөн. Гитлерчилер менен алардын союздаштары лагердин чок ортосунда жарылып жаткан снаряддарды көрүп, кандай кубанганын элестетсе болот. Алар бул лагерде бүтүндөй полк жатат деп эсептешкен. Бирок полктун бөлүкчөлөрү айдын башында эле духовой оркестр менен бүтүндөй шаарды аралап, андан палаталарга көчүп кетпеди беле. Килия-Векенин коңгуроолуу жайдагы байкоочулары кызыл-аскерлер эртең менентен кеч киргенге чейин плацтарда[1] көнүгүп, окоп казып, буталарды атып жатышканын кантип көрбөсүн. Түнкүсүн палаткалар шаарчасында чырактар күйүп турууч.

Снаряддар лагерге эсеп-кысабы жок түшүп эле жатты, бирок баары тең текке кетти. Полктун командири П. Н. Сирота душманды куп гана жазгырды да! Куралдуу кармашуу болбой койбой тургандыгы белгилүү болору менен Павел Никифорович дивизиянын штабынын билдирүүсү менен төмөнкү чараларды кабыл алган: лагерден бөлүкчөлөрдүн бирин калтырбай жашыруун алып чыгып кетип, аларды суу жээктете атуучу позицияларга жайгаштырды, ал эми лагердин көнүгүүчү шаарчасындагы палаткалардын жанында жасалма «спектакль» ойнолуп жатты. Ал жерде күндүзү дежурный рота лагердин көнүмүш турмушунун көрүнүшүн түзсө, кечкисин кыяктын үнү басылбай турган.

Бул амал жүздөгөн адамдын өмүрүн сактап калды.

— Командирдин акылдуулугунун бир мисалы мына,— деше турган дивизиянын штабындагылар.

Килия-Веке кайталап айтайын, бизге аябагандай жолтоо болуп туруп алды. Жаңы Килиядагы гарнизон

---

[1] Аскер ойноочу жер.

дайым атышуунун астында жатты. Дунайда кеме жүрүү дээрлик токтоду: а түгүл кичинекей кайыкчалар да өтө албас болду. Коргонуунун сол тарабын ишенимдүү калкалап туруу жана кемелерди токтотпош үчүн 14-аткычтар корпусунун командованиеси Килия-Векени ээлөө жөнүндө чечим кабыл алды. Бул максатка жетишүү үчүн Жаңы Килияда турган бөлүктөрдүн зарыл күчтөрү, чек арачылардын бөлүкчөлөрү анан албетте, флотилиянын кемелеринин айрымдары эске алынган. Шаарды ээлөө жоопкерчилиги окурмандарга жогоруда маалым болгон 23-аткычтар полкунун командири капитан Павел Никифорович Сиротага жүктөлдү. Чек ара кемелеринин 4-отрядынын командири капитан-лейтенант И. К. Кубышкин анын жакын жардамчысы болду.

Мен Иван Константинович менен апрелде, Кислицк аралына түшүрүлгөн көнүгүү десантынын учурунда таанышкам. Биздин жаныбызга узун бойлуураак, кең далылуу, көк кителине ап-аппак ички жакасы кынай тигилген моряк чек арачы басып келгени эсимде.

— Отряддын кемелери десант түшүрүүгө даяр, — деп ал так билдирди.

Кубышкин Николаевде төрөлгөн. Мектепте окуп жүргөндө эле жел кайык спортуна кызыккан, жел кайык клубунда көптү үйрөнгөн. Андан кийин кеме куруучу заводдо иштеген, флотто кызмат өтөгөн, аскердециз окуу жайында окуган. Командирлик даража, алгачкы ийгиликтер, жаштыгына карабастан чек ара кемелеринин отрядына да командир болуу анын шыгына шык кошту. Мына азыр да бригадалык комиссар Беленковго жана капитан Сиротага Кубышкиндин:

— Тапшырманы аткарабыз, эч качан уятка калтырбайбыз!— деп билдиргени мага жакты.

Кыска, түшүнүктүү, ынанымдуу...

Десанттын өзөгүн тажрыйбалуу, жакшы машыккан жоокерлер түздү. Мурунку күнү аларды кемеге отургузуу жана жээкке десант түшүрүү сыяктуу көнүгүүлөр

өткөрүлдү. Бул жерде биз, комсомолецтер да демилге көрсөттүк. Бирөө мындай бир ой бөлүштү: мына биз урушка киребиз, киргенде да бир эле буйрук менен бир кишидей, бир максатта жалпы умтулуп киребиз. А биз бири-бирибиз жөнүндө эмне билебиз — моряктар-дунайлыктар, жөө аскерлер-перекопчулар жана чапаевчилер, чек арачылар дегенди элеби?

«Чын эле, эмне үчүн бизге жолугушууга, бири-бирибиз менен аңгемелешүүгө болбосун?» — деген ой кетти мага. Анткени, командирлер, штабдардын командирлери, саясий кызматкерлер өз ара жолугушуп, өздөрүнүн милдеттерин тактап жатышпайбы. Демек, бизге, комсомолецтерге да өзүбүздүн милдет жөнүндө, биздин бөлүмчөлөрдүн салттары жөнүндө жана да аларды жаңы даңкка бөлөө жөнүндө сөзсүз сүйлөшүү керек.

— Акылдуу иш,— деп колдоду бригадалык комиссар Беленков. Айтмакчы, ал өзү да жолугушууга келүүгө макул болду. Тынч күндөрдөн сакталып калган белекбечкектерден да ала келүүгө убада берди.

Саясий пропаганда бөлүмүнүн начальниги чыны менен эле келип калды, буга жөө аскерлер да, комсомолецтер да терең кубанычта болушту. Кызыл Армиянын ыктыярдуу жоокери, 1919-жылдан бери партиянын мүчөсү, бир катар ордендердин ээси болгон ветеран менен пикир алышуу ар дайым жаштар үчүн майрам.

В. К. Беленков десантка бөлүнгөн командирлерди жана кызыл флотчуларды кыска, бирок аталык мээрим менен мүнөздөп өттү.

— Алар силерди уятка калтырбайт, күжүрмөн достор!

Ал ошол эле жерден аткычтар бөлүкчөлөрүнүн жана чек арачылардын өкүлдөрүнө Дунай аскер флотилиясынын желекчелерин тапшырды. Бул кичинекей желекчелер биздин күжүрмөн туубуздун бөлүкчөсү катары десантта биз менен бирге болот.

Жолугушууда 23-полктун комсомолдук бюросунун

секретары Михаил Буров сүйлөдү. Ал өзүнүн 51-Кызыл Туулуу дивизиясы жөнүндө сыймыктануу менен толкуп-данып сүйлөдү. Граждандык согуштун учурунда уюшулган бул дивизия Уралда салгылашкан, Каховканы, Перекопту алган. «Уралдык пролетариаттын балдары чегинүү деген эмне экенин билишпейт» деген сөздөр ушуларга тиешелүү. Врангелди талкалоодон кийин М. В. Фрунзе Түштүк майданынын аскерлерине «...51-дивизиянын баатыр артиллериясы менен жөө аскерлери душмандын жаалы катуу танктары менен броневиктерин ала салдырып, аларды биздин окоптордун жанында согуштук таштанды кылып салганын... 51-аткычтар дивизиясынын эң сонун каармандыгын белгилөө» жөнүндө... атайын буйрук берген. Ошол эле күндөрдө дивизия Перекоптук дивизия болсун деген ардактуу ат берилген.

Алыс айдап түрмөктөрүн түтүндүн,
Кан жытданып, чаң уюлгуп жаткан суз.
Шарпылдаган жээктеринен Крымдын,
Кызыл тууну желбиретип өткөнбүз...

— Белгилүү акын Эдуард Багрицкий,— деди Буров,— бул ырларда Врангелди жеңген перекопчу-жоокерлердин сезимдерин чагылдырган. Ал күндөрдүн даңкы ата мекенге ак ниет кызмат өтөө менен артылган.

Чек арачылардын атынан деңиз чек ара отрядынын комсомолдук кызматкери политрук Василий Степанович Родин сүйлөдү. Андан соң сөздү комсомолец «СК-065 тен» келген миначы Григорий Куропятников алды. Ал берилүү менен сүйлөдү. Окуядан бир топ алыстап, анын десанттын катарында да берилүү менен салгылашкандыгын белгилемекчимин,— комсомолецтин сөзү менен иши эч ажырым болбогону бул эң сонун. Григорий Александрович бир жылдан кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болду, ага биздин эч бирибиз таңыркаган да жокпуз.

26-июндун таңында «Ударный» жана «Мартынов»

мониторлору, 99-артполктун жана жээктик коргонуунун артиллеристтери ок атууга даярданууну башташты. «Мартынов» мониторунун басып жүрүүчү жайынан душмандын окопторунда снаряддар жарылып жатканы мага жакшы көрүнүп турду.

Таңкы саат 5те төрт бронекатер алгачкы десант түшүрүлүүчү жерди көздөй сызып жөнөдү. Бирок көп өтпөй эле душмандын артиллериясы аларды аткылай баштады. Снаряддар кемелердин жанында жарылып, палубалар сууга толуп жатты; жаркырак из калтыруучу октор десантчылардын төбөлөрүнөн кайып өтүүдө. Биздин монитор токтоосуз түрдө душмандын терең коргонуусун аткылап, анын батареяларына сокку ура баштады. Бул, сыягы, жардам берди окшойт. Кантсе да душмандын аткылоосу сезилерлик эле начарлай түштү.

Лейтенант М. А. Майоровдун «БКА—132» катери баштап баратты. Михаил Александрович командир болуп жакында эле дайындалып, тажрыйбасы азыраак эле. Ошондуктан катерде бронекатерлердин отрядынын командири лейтенант Дмитрий Павлович Козлов бараткан. Капитан туруучу жайда Майоров менен бирге командирдин дублеру болуп саналган Филипп Иванович Образко турду. Али да курсанттык форма кийишкен бул командир да, дублер да Кара деңиз аскер-деңиз окуу жайынын бүтүрүүчүлөрү. Алар флотилияда практикадан өтүшкөн, андан кийин, июль-августта, аларга аскердик наам берилиш керек эле. Бирок согуш бул ишти тездетип жиберди. 1941-жылдын 24-июнунда окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнө Аскер Деңиз флотунун эл комиссарынын буйругу менен «лейтенант» деген наам берилген. Бул жөнүндө капитан-лейтенант Кубышкин Майоров менен Образкого десанттын мурунку күнү күжүрмөн милдеттерди алдыга койгон кезде билдирди жана бардык катышуучулардын көзүнчө аларды чын көңүлүнөн куттуктады. Бир гана жери, алар кийимин алмаштырып алууга үлгүрүшкөн жок...

Дарыянын ортосунан бронекатерлер бурула баштады. Башкы катердин оң жагында лейтенант Иван Иванович Перышкиндин «БҚА-131» деген катери, солдо улуу лейтенант Михаил Степанович Ткаченконун «БҚА-133ү» жана лейтенант Иван Васильевич Павловдун «БҚА-134ү» бара жатты.

Қатерлер тынымсыз ок жаадырып баратты. Қомендор[1] комсомолецтер Николай Бабошкин, Егор Турчин, Яков Қазбанов, Андрей Смирнов алга жылууга жолтоо болуп аткылап жаткан жактын накта чордонун соккуга алышууда. Пулемётчулар окоптор менен дзотторду кароолго алып жатышты. Десантчылар палубаларга жайгашып алышып, колдогу куралдары менен аткылашууда.

Қемелер десанттарды түшүрүүгө ыңгайлуу келген жээктеги жантайма жерге келип токтоду. Душмандын аткылоосу күчөдү, жарадар болгондор, өлгөндөр болду. Десанттарды түшүрүүнү басандатуу кошумча жоготууларга алып келмек. Жоокерлерди шыктандырып, алга ээрчитип кете турган үлгү керек болду. Аны лейтенант Образко жасады. Ал жагдайды баалап көрүп: «Родина үчүн! Моряктар, менин артыман, алга!» деп кыйкырды да жээкке секирип түштү. Анын артынан бардык моряк-десантчылар жапырт жабалактап түшө баштышты.

Жээкке илинишкен соң, алар катуу кармашуудан кийин окопторду душмандардан арылтышты. Бул уруш-та лейтенант Образко катуу жарадар болду.

Мен анын снаряддын чачырандысы тийип жыгылганын көргөнүм жок. Бирок анын эрдиги жөнүндө кийин, уруш аяктар менен эле дивизиондун комсомолдук бюросунун секретары 2-статьядагы старшина Емельян Сигуля толугу менен айтып берди. Баатырдын бирге окуган жолдошу Михаил Майоровдун уруштун жүрүшүндө «Лейтенант үчүн өч алабыз!» деп кыйкырганын да айтып берди.

---

[1] Артиллерист-моряктар.

Калган кемелер да биринин артынан бири душмандын жээгине жете келишти. Мына «БКА-131» катери да жээкке келип такалды. Түшүргүчтү берүүгө да чолоо жок. Жоокерлер борттон түз эле сууга секирип түшүшүп, «ураалаган» боюнча чабуулга кирип жатышат. Ошол эле учурда катердин комендорлору менен пулемётчулары жээкте тириле калган душмандын атуучу точкаларын жапшыра атып салып жатышты. Бирок биздин катерге да снаряддар тийип жатты. Лейтенант Перышкин ийнинен жана көкүрөгүнөн жарадар болду, бирок өзүнүн ордун таштаган жок, катерди жана ок атууну башкарууну уланта берди. Перышкин тапшырманы аткарып бүткөн соң жана далай канынан ажырагандан кийин госпиталга жатууга макулдугун берди.

«БКА-132» катери да жээкке келген кезде бир аз зыянга учурады. Снаряддын чачырандылары машинанын каптоочун, аба магистралын, электр зымдарын, кыймылдаткычты, серүүндөтүүчү коллекторду, май куюучу кошумча челекти тешип, бүлдүрүп кетиптир.

— Эч дүрбөлөң болбосун достор, эч дүрбөлөңсүз!— деп талап кылып жатты башкы старшина Иван Калиберда.

Анын жетекчилиги астында бөлүктүн командири Тимофей Повстяков, моторчулар Филипп Грузий, Никифор Музыченко жана Николай Лукашин (баары тең комсомолецтер) тешиктерди бүтөшүп, катердин жүрүшүн камсыз кылышты. Катер десантчыларды түшүрүп коюп, биздин жээкке кайтып келди да бортуна жоокерлердин жаңы тобун алып кайра жөнөдү... Ошентип, ал бир нече жолу барып келди.

«ПК-25» деген чек ара катери да айырмаланды. Ага да душмандын снаряддарынын чачырандылары тийди, бирок моторчу комсомолецтер Александр Жуков, Вячеслав Солоухин бүлүнгөн жерди ондой коюшту. Десантчыларды түшүрүү ийгиликтүү бүттү. Мындагы көрсөтүлгөн эрдиктери үчүн көп өтпөй эле Жуков Кызыл Туу

ордени, Солоухин «Эрдиги үчүн» медалы менен сыйланышты.

Десантчылар душмандын жээгинде аябагандай туруктуу аракеттенүү менен таш үйлөргө, кандайдыр бир курулуш материалдарынын үймөгүнүн ары жагына бекинип алышкан душмандарды жок кылууну уланта беришти. Душман каяша берип, анын коргонуусунун улам бир жеринен атышуу боло берди. Килия-Векенин чет жакасынан минометтук батарея аткылап кирди. Миналар «Мартыновго» жакын эле жерден жарыла баштады. Кеменин командири капитан-лейтенант Леонид Самойлович Шик токтоолук менен команда берип жатты:

— Сол жаккы бортко... Кичине алга! Артиллеристтер, минометтук батареяны талкалагыла!

Расчеттор ишенимдүү иштөөдө. Акыркы замбиректин башкы калибринин снаряддары минометтук батареянын жаагын жап кылды. Кемедеги радио уктуруудан төмөндөгүдөй кабар берилди: «Азыр эле 2-статьядагы старшина комсомолец Андрей Майборода айырмаланды. Фашисттик миномёттук батареяны ошонун расчету жайлады...»

Ал эми ошол учурда бронекатерлер десантчыларды түшүрүп, жаңы толуктоолорду, ок-дары запастарын ташып жатты. Якорун оң жээкке ыргыткан «БКА-133» катери гана бир аз токтоп калды. Сыягы, якору бир нерсеге илинип калса керек, аны эч бир көтөрө алышпай коюшту. Бөлүмдүн командири Николай Бабошкин сууга чумуп кирди да якорду тазалады. Ошентип, ал катер да душмандын аткылоолорунан суурулуп чыгып, башка кемелер менен бирге, артта калбастан өз жээгине кайтып келди. Мында да жоокерлерди жеңил-желпи жумуштар күтүп турган жери жок. Катерлерге ок-дарыларды жүктөө керек. Жүктөп алып кайрадан коркунучтуу жүрүшкө чыгуу.

Тартып алынган жерде туткундар көбөйө берди. Аларды биздин жээкке өткөрүү керек. Аларды кайтаруу

үчүн да киши керек. Бош киши жок. Эмне кылуу керек? Убакыт күтпөйт. «БКА-133түн» командири улуу лейтенант Михаил Ткаченко буйрук берди:

— Бардык туткундарды катердин тумшугуна жана арткы бөлүгүнө салгыла! Сак болгула! Кенедей эле бирдеңке болсо аткыла!

«Мартынов» монитору амал издеп, атуучу жайын алмаштырды. Бизге эми дарыянын эки жээги тең жакшы көрүнүп калды. Мына, түшүрүүчү жерге «ИП-22», «ИП-23» деген эки буксир десанттын негизги күчтөрү менен келип токтоду. Жоокерлер менен командирлер дароо эле урушка киришти, фашисттерди жээкке жакынкы дзоттордон чыга качууга аргасыз кылышты. Командир башкаларга үлгү көрсөтүп, алдыда чуркап баратат. Ал лейтенант Терентий Юрковский экенин билип турам. Аны Карель мойнундагы согушта Ленин орденине татыктуу болгон баатыр катары флотилияда да жана аткычтар бөлүктөрүндө да жакшы билише турган. Биздин аскерлер Маннергеймдин линиясын жарып өткөндө Юрковскийдин взводу душмандын мөндүрдөй жааган огуна карабастан, биринчилерден болуп согуштук тапшырманы ийгиликтүү орундаткан. Лейтенант эми минтип Дунайдын жээктеринде салгылашууда. Менин болжолум ырасталды: Юрковский чын эле кеменин палубасынан сууга биринчи болуп секирип, жээкке биринчи болуп чыгыптыр, душмандын траншейине да биринчи болуп кирип барыптыр. Командирдин үлгүсүнүн күчүнө шыктанышкан десантчылар анын артынан чуркашты. Эч ким артта калган жок, эч ким октон жалтанбады. Биз лейтенант Юрковскийдин ротасындагы баатыр-перекопчуларга теңелдик дешти далай моряктар кийин. Ал эми Юрковскийдин өзү болсо уруш жүрүп жаткан учурда бир нече жолу:

«Азаматсыңар, дунайлыктар! Ыракмат силерге...» деп кыйкырды.

Флотилиянын моряктары чынында эле эрдикти көрсөтүштү. Катерлер тынган жок — тигил жакка ок-дары

жүктөп барса, кайра кайтканда туткундарды алып келишет. Ошентип, такай атылган октун алдында жүрүп турушту.

Моторчу Иван Липатов мойнунан жарадар болду. Ал башын бура албай араң кармап турду. Таңылган чүнүрөк канга боёлуп кетти. Көзү караңгылап, колдору алсырай түштү, бирок Липатов вахтада турушун уланта берди.

— Өзүңдү карма, дос!— деп рулчу Леонтий Конин Липатовду чымыркантты.

Бронекатерлер да замбиректеринин снаряддары менен душмандын атуучу жайларын жоготууда десантчыларга жардам берип жатты. Бирок, катерлердин бирине снаряд келип тийди. Жүрүшүн жана башкаруусун жоготкон катер душмандын кароолунда калды. Бирок ага жакын турган лейтенант Владимир Александрович Тимошенко командачылык кылган «МО-257» катери жардамга келди. Ал душманга карата ок атууну токтотпой туруп, снаряд тийген катерге жете келип, аны сүйрөп алды да коопсуз жерге алып барып салды. Катер азырынча иштен чыгып, көмөк күтүп жатса да, анын экипажы урушууну уланта берди. Бул учурда радист Иван Куликов эрдик жасады, ал жөнүндө флотилияда далайга дейре суктануу менен айтып жүрүштү. Куликов байкоочу катарында уруштун жүрүшүнө көз жүгүртүп, анын баарын командирге билдирип жаткан. Аңгыча болбой жыгылып түштү, көрсө бутуна ок тийиптир. Ошол эле учурда пулемёт да тып басылды. Пулемётчу оор жарадар болуптур. Куликов пулемётко жылып жетип ок жаадырды. Аңгыча дагы жарадар болду. Комсомолец алдан-күчтөн тайганга чейин аткылай берди.

Куликовду госпиталга алып келишти. Ал улам-улам эс учун жоготуп жатып доктурларга уруштун жүрүшүн айтып берди. Хирург Николай Владимирович Загуменный анын колун кармап, кан тамырынын бошоңдоп баратышын байкап турган.

— Биздин балдар катуу кармашышты. Эч нерсе эмес... Родина үчүн өлүү коркунучсуз...

Бул жоокер-комсомолецтин акыркы сөзү болду. Анын төш чөнтөгүнөн канга боёлгон, төрт бүктөлгөн бир барак кагаз табылды. Сыягы тыныгуу боло калганда жазылган болуу керек. Ал карандаш менен: «Биздин жолдошторду ар бири өз постторунда эр жүрөктүүлүк менен салгылашты. Биз, катердин өздүк составындагылар, душманды кыйраткыч сокку менен жексен кылабыз, фашисттик арамзаларды талкалайбыз деп убада беребиз, жана флотилиянын өздүк составын да буга чакырабыз!» деп жазыптыр.

Иван Куликов жазган бул бир барак кагазды кийин биз Кара деңиз флотунун газетасына жибердик. Ал текст «Канга боёлгон кат» деген тема менен жарыяланды. «Кара деңизчи жоокер, сенин баатыр — жолдошуңдун каны сени өч алууга чакырат!— деп жазган газета. — Анын колунан түшкөн куралды колуңа ал да, фашисттик наадандарды акыркы деми чыкканга чейин талкала!»[1]

Биз моряктын өлөр алдындагы катын бардык бөлүкчөлөрдө окуп чыктык.

Эртең мененки саат 8де Килия-Веке багынып берди. Туурасы 12 жана узундугу 4 километрге чейинки плацдарм түзүлдү. Коңгуроосу бар имаратта гана ок атууну уланткан душмандын бир пулемёттук расчету калды. Ал имаратты бузбай туруп расчетту жайлаш керек эле.

«БКА-134» катеринин командири лейтенант Павлов билгичтик менен буйтоо жасап, мээлеп атуу үчүн өзүнүн комендорлоруна эң сонун шарт түзүп берди. Комсомолецтер-замбиректин командири 1-статьядагы старшина Яков Казбанов менен мээлегич Иван Перевозчиков бир нече жолу атышты. «Мартынов» монитору да

---

[1] «Красный Черноморец», 20-август, 1941.

кыроолго алып ата баштады. Көп узабай пулемёттун үнү үгүлбай калды.

Уруштун закону ар дайым сак болууга үйрөтөт. Буга алар да биздин көзүбүз жетти. Ушул участкадагы уруштун жүрүшүнө жетекчилик кылып жаткан полктун штабынын начальнигинин жардамчысы Александр Овчаров менен комсомолдук бюронун секретары Михаил Буров коңгуроолуу имараттын үстүнө көтөрүлүш үчүн эми гана чиркөөнүн аянтынан чуркап өтөөр менен душмандын пулемёту кайрадан тилге кирди. Бактыга жараша эч кимге ок тийген жок. Овчаров артына, Юрковскийдин ротасын көздөй чуркады да кырк бешинчиден мунараны учкайлата атууну буюрду. Учкайлата гана! Расчет күттүргөн жок, үч мертебе атты.

Овчаров баш болгон аткычтар кууш тепкичтер менен чуркап жогору карай жөнөштү.

— Багынгыла!— деп кыйкырышты алар.

— Атпагыла, багынабыз!— деп жооп беришти коңгуроо жактан.

Румын солдаттарынан үчөө колдорун көтөргөн боюнча төмөн көздөй чуркап түшүштү. Анан анын бирөө жандан бир нерсени көрсөтө, Овчаров менен Буров баратkan аянтчадагы талкаланган пулемёттун жанында сулап жаткан гитлердик офицерди көздөй кошо басты. Солдат жөнү жок каршылык көрсөтүүнү токтотуу үчүн офицерди алар өздөрү өлтүргөндүгүн түшүндүрдү. Лейтенант Овчаров комсорг менен бирге чиркөөнүн коңгуроосуна кызыл желекти илишти. Желек шаардын туш тарабынан, Дунайдан да, советтик жээктен да жакшы көрүнүп турду.[1]

[1] Бул китеп үчүн материалдарды чогултуп жүрүп, Овчаровдун кийинки уруштарда да татыктуу салгылашып, Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгонун мен кубануу менен билдим. Согуштан кийинки учурларда генерал-майор А. П. Овчаров Волгоград областтык аскер комиссариатын башкарып туруп, жакында гана запаска чыккан. — *Автордун эскертүүсү.*

Килия-Векеге түшүрүлгөн десант. Ал унутулгус. Убакыт өтөт, анан согуштун башталышында түштүктө, Одессанын жанында салгылашкан Советтер Союзунун маршалы Н.И. Крылов мындай деп жазат: «Мен билгенден майдандын бир да жеринде советтик солдат ошол кезде душмандын жерине аттап кирип, анда бир аз да болсо өз позициясын чыңдап турган учур болгон эмес»[1].

Килия-Векени, Сатул-Ноу жарым аралын жана Пардино кыштагын ээлөө менен жетимиш алты километрге созулган Дунайдын эки жээги тең биздин колдо болуп калды.

Советтик информбюронун билдирүүсүндө мындай деп айтылган: «...Биздин аскерлердин тобу дарыя флотилиясынын жардамы менен Дунайдын аркы тарабына өттү жана ыңгайлуу пункттарды ээледи, 510 туткунду колго түшүрдү. Анын ичинде 2 офицер, 11 замбирек жана көп төгөн курал-жарактар бар[2]. Биздин десантчылар беш адамынан ажырап, жетөө жарадар болду.

Биз Килия-Веке үчүн урушта курман болгон баатырларды акыркы сапарга узаттык. Жаңы Килияда лейтенант Образконун, Измаилде — кызыл флотчу Куликовдун сөөгү коюлду.

Филипп Образкону эскерүүгө арналган митингди капитан-лейтенант Кубышкин ачты. Лейтенанттар Маршин, Майоров, Базик чыгып сүйлөштү. Алар досунун өлүмү үчүн фашисттерден өч алууга ант беришти. Абага жарган залп менен анын табытын жерге койдук. Мүрзөсүнө гүлдөр коюлду, анын жанына курсанттын жеңине тигилчү белгилерди коюшту. Кантсе да Филипп Образко командирдин формасын алмаштырып кийүүгө үлгүрбөй калбадыбы.

Мен согуштан кийин бир жолу жол жүрүп баратып Килияда болуп, Образконун бейитин таппай койдум.

---

[1] «Правда» газетасы, 1941, 28-июнь.

[2] Крылов Н. И. «Эч качан өчпөйт». М., 1969. 18-бет.

Албетте, аябай капаландым. Кийин уксам, баатырдын табытын боордоштордун көрүстөнүнө алынып барыптыр, мүрзө көзөмөлдөнөт экен. Мен ал моряк окуган Кара деңиз жогорку аскер-деңиз окуу жайында да болдум. Күжүрмөн дацктын бөлмөсүнөн мага Ф. И. Образконун таржымалын, ага аскердик наам берүү жөнүндөгү буйруктун көчүрмөсүн, окуудагы жетишкендиги тууралуу кагазды көрсөтүштү. Филипп Иванович 1920-жылы Харьков областындагы Закаманьев кыштагында төрөлгөн. Үй-бүлөсү кийин Харьковго көчүп барып, Дзержинский көчөсүндөгү № 26-үйдө жашаган. Жаш жигит комсомолдун Харьков областтык комитетинин жолдомосу боюнча аскер-деңиз окуу жайына жиберилген. Аны бул жерден партияга кабыл алышкан. Образко «жакшы» жана «эң жакшы» деген баалар менен окуган.

Навигацияны[1], кеме электротехникасын сүйгөн, деңиз иштерине кызыккан, кайык менен жарышуу мелдештерине катышкан.

Мен окуу жайынын курсанттарына Филипп Образкону билгендигимди, аны менен бирге урушка катышканымды, лейтенанттын чөнтөк дептеринде «Болот кантип курчуду» китебинин авторунун өмүрүнүн максаты жөнүндөгү ой жүгүртүүсү, жаш большевиктин урааны болуп калган ой жүгүртүү жазылгандыгын айтып бердим.

— Ал жөнүндө эскерүү ыйык,— деди курсанттардын бири.

Ооба, баатырлардын элеси, алардын иши, алардын сөздөрү биздин эсибизде керез катары сакталып калат. Баатырлар өлбөйт деп айтылат. Алар чынында эле жаңы муундардын, биздин бүткүл армиянын жана флоттун тынчы жок иштеринде жана ой-максаттарында түбөлүк жашайт!

Эми кайра кырк биринчи жылдын окуяларына кайрылалы. Биздин аскерлер душманды ары сүрүп салып по-

---

[1] Кеме жүргүзүү илими.

зицияны чыңдашты. Флотилиянын кемелери миналарды коюшту. Биз Килия-Векеде плацдармды 19-июлга чейин кармап турдук жана майданда түзүлгөн жалпы ыңгайсыз жагдайга байланыштуу буйрук боюнча уюшкан түрдө сол жээкке өтүп кеттик.

## БАТАРЕЯ КАТАРГА КОШУЛДУ

Флотилиянын жээктеги коргонуусун күчөтүү үчүн Одессадан 122 миллиметрлүү төрт пушка алынып келинди. Алардын ок атуусунун алыстыгы 20 километрге чейин. № 226-жаңы батарея үчүн атуучу жай Кошаная Балка районунда жабдылып жатты.

— Ошол жакка барып келиңиз,— деди мага бригадалык комиссар,— батареяда партиялык жана комсомолдук уюмдарды түзүү керек.

Мен эртең менен эле батареяда болдум. Бул жердеги адамдардын баары тең жаңы. Бирөөлөрүн коңшу батареядан которуп келсе, башкаларын запастан чакырышкан.

Иштер шашылыш эле. Командалык жайды, замбиректик короочолорду жабдуу, снаряддарды ташып жеткирүү, тамак-ашты уюштуруу, аскердик коллективди баш коштуруу иштери алдыда турду. Анын үстүнө батареяда командалык состав да толук топтоло элек. Комиссардын орун басарынын орду да бош турган эле.

Батареянын командири Александр Григорьевич Кривошеев мени кубанычтуу тосуп алды, иштөө үчүн шарт түзүп берди. Мен коммунисттер жана комсомолецтер, жана да бүтүндөй өздүк состав менен таанышып чыктым. Партиялык уюмдун секретарлыгына улуу лейтенант, батареянын командиринин жардамчысы Михаил Данилович Зайцев шайланды. Комсомолдук бюрону сержант Иван Парев башкарды. Алгачкы уюштуруу чогулуштарында Родинага берилгендиктин анты катарында толкундануу менен сүйлөштү. Коммунисттер менен комсо-

молдор чогулуштан чыгаар менен эле ок-дарылардын запасын түшүрүп алууга жөнөштү. Мен алар менен бирге болдум, жаңы эле таанышсам да, баары тең эски тааныштарымдай сезилди. Алардын чын ниети менен берилип, күрөшкө даяр экени, өз жери үчүн бир да кадам артка чегинүүнү ойлобогон, Дунай жээгинде эчактан бери жашагандардын дилгирлигинен кем эмес эле. Адамдар зор эргүү менен оор снаряддарды замбиректерге ташып жатышты. Ал эми кечки тамакка чакырганда баары тең командирден адегенде ишти бүтүрөлү андан соң котелокту колго алалы деп суранып туруп алышты.

Түн бейпил өттү. Эртең менен биз Зайцев экөөбүз көзөмөлдөөчү жайга бардык. Ал кыштактагы коңгуроо туруучу имаратка жайгаштырылыптыр. Көзөмөлдөөчү жайда турнабай, дүрбүлөр, телефон бар. Көзөмөлдөөчүлөр бул жерде күзөттө туруучу.

Турнабай аркылуу аркы жээкке көз жүгүрттүм. Тулча шаары жакшы көрүнүп турат. Анын көчөлөрү аңгырап ээн. Бирок, бул жымжырттык убактылуу гана. Немецтик артиллеристтер түн бою бүт снаряддарды ташып келишкенин жана алар мына-мына аткылай башташы мүмкүн экенин биз билебиз да.

Мына залптын ак жарыгы. Көзөмөлдөөчү сержант Царев: ноль бир, ноль эки... деп секунддарды үн чыгарып санай баштады. Бешинчи секундада атуунун үнү бизге жетти. Сүзүп жүрмө батарея атып жатыптыр. Биз анын кайдан атып жатканын көрүп турдук. Бирок биз ага каршы атууга даяр эмес элек.

Түштө атуучу жайды жабдууну бүттүк. Замбиректер, короочолор, тракторлор тыкан жашырылды. Батареянын командири У-2 самолету менен абага чыгып батареянын үстүнөн бир нече жолу учуп өттү да жашыруу эң жакшы деп тапты. Комсомолдор «Батареяны сактоонун мыкты түрү—жакшылап жашыруу» деп күжүрмөн баракча чыгарышты.

Атуучу жайдан бир аз четтебирээк жердеги жүзүм-

зардын ичинде жашыл дасторкон жабылган чакан стол турат. Анда батареянын командири отурат. Советтик Аскер-Дециз флотунун катарына келип кошулган жаш жоокерлердин улам бири столдун жанына басып келип, совет элине, совет өкмөтүнө берилгендиктери жөнүндө салтанаттуу түрдө ант беришүүдө. Аскердик антты согушка чейин Днепропетровскидеги заводдордун биринде фрезерчи болуп иштеген коммунист Михаил Васильевич Володин, Николаевскидеги кеме куруу институттун мурдагы студенти комсомолец Виктор Цюбко айтышты...

Замбиректердин жанында машыгуулар, окуп-үйрөнүүлөр башталды. Булар азырынча көнүгүүлөр. Бирок жоокерлер азыр ар бир мүнөт кымбат экенин, батарея урушка даяр болушу керектигин түшүнүп турушту.

3-июлдун түнүндө мени саясий пропаганда бөлүмүнө чакыртышты. Мен келген кезде бөлүмдүн бардык кызматкерлери чогулуп калышыптыр. Бирок белгиленген кеңешме өтүлбөй кала берди. Флотилиянын командачысы контр-адмирал Н. О. Абрамов колунда телеграф лентасын кармап турган калыбында:

— Жакында радиодон маанилүү уктуруу болот. Баарыңар тең командирлер да, саясий кызматкерлер да, штабдагылар да бөлүкчөлөрдө болуп, Москвадан берилүүчү уктурууну камсыз кылышыңар керек... — деди.

Контр-адмирал башка эч нерсе айткан жок, бирок кетип баратып:

— Дежурный, мен «Ударный» мониторунда болом, — деп кошумчалады.

Мен батареяга кайтып келүүгө үлгүрдүм. Командир Кривошеев кагаз, карандашын даярдап, приемниктин өчүп-күйгөн жарыгын чыдамсыздана тиктеп отуруптур. Капитанга жакын келип отуруп, отургандарга көз жүгүрттүм, замбиректердин командирлери менен комсоргдору да ушул жерде экен. Аңгыча болбой үн чыкты.

— Жолдоштор! Граждандар! Бир туугандар жана эже-карындаштар! Биздин армиянын жана флоттун жоо-

жерлери! Менин досторум, мен сиздерге кайрылып отурам.

«Бул Сталин да!»— биз дароо эле түшүндүк. Ошол замат бардык нерсени унутуп, бир калыпта, токтоо чыккан үнгө берилип, жан-дилибизден тыңшап турдук.

Приемникте чагылгандын үнүнөн улам үзүлүп кетип жаткансып, бир нерсе кытырап жатты. Бирок Сталиндин ар бир сөзү бизге ачык айкын угулуп турду. Советтик Ата Мекендин башына түшкөн эң оор коркунуч улам толугураак айкындала берди. Сөз СССР элдеринин өмүрү жана өлүмү жөнүндө болуп жатты. Сталин бейпил күндөгү бейкапар сезимден баш тартып, бардык ишти согуштук нукка салууга чакырды. Душман,— деп угулду приемниктен,— ырайымсыз, ээ-жаа бербейт, биз ак эмгегибиз менен жыйган эгинибизди тартып алып, нефтибизди басып алууну, эркин элдерди немецтик князьдар менен барондордун кулуна айландырууну максат кылып койгон...

— Тишибиз сынганча чайнашабыз! — деп кобурады артта отургандардын бирөө.

А Сталин сөзүн уланта берди. Анын сөзүнөн жеңиш акыры биздики болоруна ынануу сезими улам барган сайын көбүрөөк сезилип турду. Ал ынануу буга чейин эле от менен өлүмдү аралап келген, бирок душман жүзүкаралык менен согуш ачкан сааттарда солк этип койбогон биздердин ар бирибизде бар эле.

Биз ошол эле замат митинг өткөрдүк. Анда Кривошеев, Зайцев, Царев чыгып сүйлөштү. Алар бүткүл өздүк составдын атынан батареячылар Родинаны коргоодо душман менен акыркы деми чыкканча, кашык каны калганга чейин салгылаша тургандыктарына партия менен өкмөттү ишендиришти.

Митингден кийин согуштук коо-калдаландын кабары болду. Бүгүн биринчи жолу согуштук атышуулар болорун баары билет. Снаряддар замбиректерде жатат. Алар күнгө чагылышып жаркырабасын деп жабылып коюл·

ган. Буга чейин 725-батареяда кызмат өтөгөн жана уруш тарга алда канча жолу катышкан экинчи замбиректин командири Тимофей Герасименко өзүн токтоо жана ишенимдүү тутту. — Эч нерсе эмес, балдар,— дейт ал, азыр душманга белек жиберебиз...

Герасименко борду алып чыкты да снарядга «Анто нескуга—эстеликке!» деп жазып койду.

Жакын эле жерден душмандын снаряды жарылды. Биздин батарея жооп кайтарып атты. Жоокерлер ынтаа коюп, тез, так аракеттенип жатышты. Чаалыккандык, ополоң-тополоң сезилбейт. Биздикилердин бир нече зал пынан кийин душмандын батареясынын жаагы жап болду.

Архивдин документтери күбөлөндүргөндөй, ошол эле күнү 3-июлда саат 17. 30да Дунай аскер флотилиясынын командачысы Кара деңиз флотунун Аскер советине № 726-батарея өзүнүн замбиректерин сыноодон ийгилик түү өткөрүшкөндүгү жөнүндө билдириптир. Эсте калар лык ошол сааттан тартып ал өзүнүн таржымалынын санагын баштады.

Батарея салгылашуунун жеңил эмес жолдорунан өт тү: ал Одессаны коргоого, Азовдогу уруштарга катышат,

### ГЕНЕРАЛ МАЗАРИНИ ТУТАЛАНУУДА

4-июль. Эртең менен күн ачык тийди... Учкуч Л. Е. Хомутов башкарган У-2 самолету батышты көздөй багыт алды. Биз Рени шаарынан алыс эмес жердеги Журжулеш кыштагына барып конушубуз керек. Ал жер де, Пруттун Дунайга куйган жеринде 14-аткычтар кор пусунун бөлүкчөлөрү жана чек арачылар менен бирге № 724-флотилиянын 17 пулемёттук ротасы жана жээк теги батареясы коргонууда турат. Мага ошол бөлүкчө лөрдөгү комсомолдук иштердин тажрыйбасын тактап билип келүү, жаңы кабыл алынгандарга комсомолдук билеттерин тапшыруу табышталган.

Самолет анча бийиктикте баратат. Көрүнүш эң жакшы, сол жакта гана Карпаттын алыскы бийик чокуларын туман чулгап турат. Мына, биз татынакай, тап-таза Ялпу көлүнүн үстүндө баратабыз. Согушка чейин бул жерде яхта-клуб, пионер лагери, бала бакча жайгашкан. Сууга түшүүчү жерде ар дайым эл көп боло турган. Азыр ал көл аңгырап ээн көрүнөт. Анын ары жагынан шаардык башталат. Жашыл дарактардын катарынан агарган үйлөр өзгөчө бөлүнүп турат. Эрке жел эгин талаасынын үстүнөн жортуп өтсө бийик өскөн буудайлардын ыргалганы, жүгөрүлөрдүн сабактары кандай шуудурап термелгени жакшы көрүнүп турат. Бессарабиянын мейкин талаасы...

Мына Журжулештиге да келип калдык. Учкуч конууга жер тандап айланып учту, бирок ошол учурда биздин үстүбүзгө «Мессершмитт» учуп келип калыптыр. У-2 шарт эле төмөндөп, үйлөрдүн үстү менен учуп баратты. Мындай бийиктикте истребитель изибизге түшө албайт, ошентип ал Прутту көздөй алыстап кетти.

Биз жерге келип кондук. Мен самолеттон ыргып жерге түштүм, колдорумду төбөмдөн өйдө көтөрүп, манжаларымды бекем кыса кармап, учкучка ыракмат айтып жакшы бар деген белги бердим. Самолет ошол эле жерден күүлөнүп барып көтөрүлдү да белгилүү бийиктикке жетип, канаттарын калдактаткан бойдон Измаилди көздөй багыт алды.

Батареянын командиринин орун басары Алексей Сергеевич Мишаков мени жеңил араба менен тосуп алды, биз дароо эле атуучу жайларды көздөй жөнөдүк. Батарея азыр гана Прут аркылуу кайыктарга түшүп бери өтүп келүүгө аракеттенген душмандын жөө аскерлерин аткылаптыр. Жок, советтик жээкке жөн эле басып кире албайсың, батареянын замбиректери (алар төртөө) күчтүү, 152 миллиметрлүү пушкалар.

Биринчи замбиректин калканч торунун алдына расчеттордун командирлери, взводдордун комсоргдору жы-

йылышты. Маектешүү башталды. Мен аларга майдандагы абал жөнүндө, дунайлык моряктар кандайча салгылашып жаткандыктары тууралу айтып бердим. Батареянын адамдарына адрестелген каттарды тараттым. Бизде, саясий пропаганда бөлүмүндө жана штабда да бөлүкчөлөргө бараткан болсоң каттарды да ала баруу адат болуп калган. Анткени алар жоокерлерге суу менен абадай эле керек да.

Көзөмөлдөөчү Александр Рязанцев гитлерчилердин атууга даярданып жатышканын байкап калды. Анын билдирүүсү боюнча батареянын командири улуу лейтенант Михаил Вениаминович Спиридонов аларды аткылоо жөнүндө чечим кабыл алды. Артиллериялык эрөөл башталды. Батареянын жайына фашисттик үч снаряд келип түштү, бирок анын бирөө да жарылган жок.

— Биздин пайдабызга үч — ноль! — деп тамашалады атуу взводунун командири лейтенант Федор Леонтьевич Величко.

Пруттун ары жагынан бомбардировщик чыга калды да батареяны көздөй тик сайылып учуп келатты. Кенже сержант Михаил Рудойдун пулемёттук расчету карбаластап калган жок. Немецтик «Юнкерс» кайкып чыга бергенде Рудой кнопканы басып калды. Самолет атып түшүрүлдү, ал биздин бөлүктөрдүн карамагындагы жерге келип түштү. Туткунга түшкөн экипаж бул тим эле кокустук, вермахттын учкучтары учуп келишет да, бизди куткарып кетишет... дешип кекирейишти.

Аскердик иште күжүрмөн, бирок сөзгө келгенде кашаң Рудой жек көрүү менен:

— Мейли, учуп келе берсин. Алар да ушуну көрүшөт!— деди.

Михаил Рудойду чынында да абадагыларды мээлеп атуунун снайпери деп эсептешчү. Согуш башталганда ал кенже командирлердин курсунда окуп жүргөн болучу.

— Мени фронтко жиберициздер,— деген ал,— эми билимди практикада колдонуш керек!

Аны батареядагылар кучактарын жая тосуп алышты, ар бир адам бул жерде алтындан кымбат эле. Рудой сыяктуу эң мыкты жоокер жана активдүү комсомолец өзгөчө баалуу эле.

— Мына бул сүрдүү нерсени кабыл ал,— деди лейтенант Величко кенже сержантты ири калибрдүү пулемёттун жанына ээрчитип келип.—Билип кой, ишенимди акта!

— Пулемётту кабыл алам жана ишенимди актайм!

Андан он-он беш мүнөт да өткөн жок. Батареянын үстүнө «юнкерс» пайда болду. Кенже сержант токтоолук менен эч коркпостон жана толкунданбастан мээлей баштады. Аткылоолор бомбардировщикти тешип өттү, андан соң ал кулай баштады. Пулемётчу чеке терин сүрттү да:

— Мына, экзамен да тапшырылды! Эми жуунуп алууга мүмкүнбү? — деп жылуу жылмайды.

Мен адамдардын иш аракеттерин байкап, урыштарда айырмаланышкан жоокерлер жөнүндө алардын аңгемелерин угуп отуруп, батарея үчүн улам көбүрөөк сыймыктануу сезимине чулгана бердим. Ал эми сыймыктануучу нерселер чындыгында эле көп болучу. 22-июнда саат 4тон 14 мүнөт өткөндө батарея душмандын огуна ок менен жооп берди. Мына ошондон бери батарея салгылашуунун үстүндө.

Артиллеристтер 24-июнда өзгөчө айырмаланышты. Ошол күнү кечинде душмандын үч монитору Галацтан чыгып Измаилди көздөй бет алды. Батареянын байкоочулары аларды биринчи болуп байкашты. Командир Спиридонов тревога жарыялап, душмандын кемелери келе жатканын флотилиянын штабына радио аркылуу билдирди да аларды үстөккө-босток аткылай баштады. Душман муну күткөн эмес, ошондуктан Галацко кайтып кетүүгө аргасыз болду. Душман бул батареянын сазайын берүү үчүн 27-июнда Журжулешти районунда диверсиялык аба десантын түшүрдү. 31-аткычтар полкунун кызыл

аскерлери жана чек арачылар десантты талкалап, бир офицерди колго түшүрүштү.

Гитлердик командованиенин жеңишке оңой эле жетишебиз деген эсеби ордунан чыкпады. Советтик жоокерлер өз жерин туруктуулук менен коргошту, уруштарда курал-жарактарды жана техникаларды билгичтик менен пайдаланышты. Муну душмандын өздөрү да моюндарына алышты. 1941-жылы жайында Кызыл Армиянын бөлүктөрү тарабынан талкаланган 3-румындык дивизиянын штабынан жашыруун документтердин чоң тобу колго түшүрүлүп алынган. Биз алардын арасынан «СССР менен болгон буга чейинки согуштарда жүргүзүлгөн операциялардан чыгарылган жыйынтыкты жана сабакты» таптык.[1] Бул документтерге румындык армиянын генералдык штабынын начальниги генерал Мазарини кол койгон. Генерал ачык эле мазасы кетип туталанган. Ал ийне-жибине чейин эске алынгансып көрүнгөн пландар аткарылбастан кала берет деп күткөн эмес. Жана анын баарына «күнөөлүү» советтик аскерлердин болуп көрбөгөндөй туруктуулугу.

Мазарини минтип жазыптыр: «Советтик жөө аскерлер каардануу менен каршылык көрсөтүп жатат. Советтик жөө аскерлердин каршылык көрсөтүүсүнүн күчү жакшы көнүккөндүктүн натыйжасы. Советтик артиллерия таамай атат. Орустардын контратака формасындагы жоон кайтарган чабуул коюу аракеттери өтө эле тез-тез болуп тургандыгын баса белгилөө керек.

...Советтик флот өзүнүн карамагында болгон дарыя каражаттарын жакшы пайдаланды. Кызыл Армия согуш үчүн жакшы уюшулган, жабдылган жана машыктырылган өзүнчө бир армия экендигин жыйынтыктап айтабыз. Бирикмелер, бөлүктөр жана бөлүкчөлөр билгич командирлер тарабынан башкарылат».

---

[1] Советтик информбюронун билдирүүсү. 1-том, М., 1944-жыл, 173—174-беттер.

Бул ак сөз, господин генерал. Кагазда баары жылма болот эмеспи, бирок...

№ 24-батарея соккусун күчөтө берди. Флотилиянын командачысында өткөн кеңешмелердин биринде мен муну жазып белгилептирмин, батареячылар чек арадагы уруштан баштап душмандын 2 батареясы, аскерлер түшкөн 2 темир жол эшелонун, дарыяда кеме сүйрогүчүн, десантчылары менен кошо бир нече кайыкты жок кылышты, көпүрөнү жарышты, снаряддары менен кошо согуштук заводду өрттөштү, душмандын жүздөгөн солдаттары менен офицерлерин жок кылышты»[1].

«Таамай аткандыгыңар үчүн алкыш айтабыз!»— деп жазышкан чек арачылар батареянын өздүк составына.

Душманды улам катуу соккула! Алар биздин өч алуучу соккуларыбыздын бардык кубатын кайра көрсүн!» деп кайрылышкан жөө аскерлер.

Батареянын командири Спиридонов өз ишин эң жакшы билүүчү. Анын согушта өзүн-өзү кармай билгенине, анын буйруктарынын тактыгына суктануу менен мен аргасыздан бул адам аскердик кесип үчүн, флоттук форма үчүн туулса керек деген ойго келер элем. Анан менин эсиме майдандагы — акын Георгий Суворовдун ыры түшүүчү. Ал ыр улуу лейтенантка эң шайкеш келгидей эле:

Жарашык бар орус офицеринде,
Көрсөң аны — өзүң дагы даяр тур.
Бороондон да, от-жалындан өтүүгө,
Сыпдалуучу эң жооптуу бул учур.

Лейтенант Ф. Л. Величко артиллеристтик кесибин абдан өркүндөтө билген. Анын командачылыгы астында атуучу взвод ар кандай мактоодон жогору турчу.

— Мына, менин ишеничтүү таянычым,— деп кайталоону сүйүүчү Федор Лесетович, комсомолецтерди бөлө көрсөтүп.

---

[1] ЦВМА, ед. хр. 34, л. 8.

Анын взводун комсомолдук взвод деп аташчу. Мээлөөчү Иван Колосов, дүрмөттөөчү Николай Яковлев, ыраакты өлчөөчү Василий Пономарев өзгөчө айырмаланышчу. Алар күрөш менен жашоочу, өздөрүн аёочу эмес.

Артиллеристтердин устаттыгын ачык-айкын мүнөздөгөн күрөш эсимде сакталып калыптыр.

Бул окуя эртең менен болду. Башкарманын взводунун командири лейтенант Антон Варфоломеевич Васюра көзөмөлдөө жайында туруп душмандын жээгиндеги жандануулaрды байкап калды. Ал назар салып байкоо менен душман камыш өскөн жерлерге балыкчылардын кайыктарын топтоп жаткандыгын аныктады. Алар сан жеткис көп эле. Десанттын даярдалып жаткандыгы анык болду. Лейтенант бул жөнүндө батареянын командирине билдирди.

Көп өтпөй камыштын арасынан бир нече ондогон кайыктар жана десантчылар түшкөн эки баржа көрүндү.

Батарея аларга каршы ок атты. Биринчи залптан тартып эле снаряддар мээлеген жерге тийди. Залп, дагы залп. Бир нече мүнөт өткөндөн кийин десанттын ордуна баржанын сыныктары жана түбү асманды карап аңтарылган кайыктар агып калды. Душмандын бир дагы солдаты аман кутулган жок.

Бөлүкчөлөргө жиберилген баракчаларга биз «Михаил Спиридоновдун батареясынан үлгү алгыла» деп жазып жөнөттүк.

Кийинки күнү душмандын алыска атуучу батареясы биздин батареяны байкап калды. Ондогон снаряддар чаңды асманга сапырып биздин атуучу жайыбыздын катарында жарылып жатты. Спиридонов атуучу жайды которууну чечти. Бул маневрду калкалоо комсомолец Свирид Соленыйдын замбирегине тапшырылды.

— Үзгүлтүксүз аткыла! Бүткүл батарея үчүн атылсын! Атуу эч бир токтотулбасын!— деп буйрук берди командир.

— Өлсөк өлөлү жолдоштор, бирок буйрукту аткарабыз,— деп кайрылды замбиректин командири. — Акырына чейин турuштук беребиз!

Свирид Соленыйдын замбиректик расчету так иштеди. Батарея атуучу жайын которуп алганга чейин алар колдон келген нерселердин бардыгын иштешти. Душмандын снаряддарынын чачырандылары ышкырган бойдон жоокерлердин баш жагынан өтүп барып түшүп, аларды чаң-топурак жаап калып жатты, бирок расчёттон эч ким солк эткен жок. Замбирекчилер аткылоону улапта берди. Эч ким чарчадым деп даттанбады — жоокерлер аны сезишкен да жок. Ал эми батарея орун которун бүткөн кезде Свирид Соленый өзүнүн замбирегин душмандын аткылосунан четке алып чыгып кетти. Ошентип расчет эч токтолбостон жалпы согуштук ишке кошулду.

— Ыракмат, достор,— деди батареянын командири, расчеттун жоокерлерин кучактап,— силер буйрукту арнамыстуулук менен аткардыңар, бүгүн эрдик көрсөттүңөр!

Бул салгылашта сержант Свирид Харитонович Соленый «Каармандыгы үчүн медалы» менен сыйланган. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1941-жылдын 14-июнундагы Указы менен батареянын командири улуу лейтенант Михаил Веньяминович Спиридонов жана атуу взводунун командири лейтенант Федор Леонтьевич Величко «Кызыл Туу» ордендери менен сыйланышкан.[1]

Ушул эле Указда башка артиллеристтер да белгиленген. Согуш башталган жай айында сыйланышкандар деле аз болгонун окурмандар түшүнүшөт. Эгер бирөө

[1]М. В. Спиридонов согуштан кийин Харьковдогу мурда өзү иштеген заводуна келип иштеп, өндүрүштүн новатору катары Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга татыктуу болгон. — *Автордун эскертүүсү.*

орден же медаль алып калган болсо, анда бүт өздүк состав кубанган.

Жагдай татаал жагына айланып турса да батареяда күн сайын күжүрмөн баракчалар чыгарылып, саясий аңгемелер өткөрүлүп, көрсөтмө агитациянын материалдары жаңыртылып турган. Өздүк составдын жоокерлерине күрөштүн баатырлары чыгып сүйлөп, кызыл флоттун өздүк көркөм чыгармачылыгынын катышуучулары концерт берип турушчу... Аскердик коллективдин биримдигин чыңоо үчүн көп, эң эле көп иштер иштелүүчү. Мында барыдан мурда батареянын командиринин саясий бөлүк боюнча орун басары политрук А. С. Мишаковдун эмгеги зор. Алексей Сергеевич ар дайым атуучу жайларда болуп, бүткүл партиялык, саясий иштин маңызын ачып бере турган. Ал жоокерлерди сөзү менен да, жеке иши менен да шыктантчу. Бир жолу душман чабуул коюп жатканда биздин күчтүү жөлөгүбүз болгон — тракторлор коркунучта калды. Тракторчулар адегенде алдастап калышты. Мишаков мындай учурда өзүн кармай билүүнүн үлгүсүн көрсөтүп, техниканы сактап калуу үчүн чуркап жөнөдү. Эми беркилер да эстерин жыйып, анын артынан чуркашты. Тракторлорду сактап калышты.

Күн сайын кечинде комиссардын орун басарынын жанында комсомол активдери, агитаторлор чогулушчу. Алар бир күн ичинде эмне иш иштелгенин, жоокерлердин кимиси айырмаланганын, өздүк состав эмнеге кызыгарын билдиришчү. Мишаков улам жаңы тапшырмаларды берип, батарея чече турган маселелерди ачык түшүндүрчү.

Июлдун башында майдандагы абал оор болуп, биз өз ара байланышта аракет кылган 14-аткычтар корпусунун бөлүктөрү курчоодо калуу коркунучу турганда политрук Мишаков өздүк состав менен кеңешти. «Керек болсо өз өмүрүн да кыюуга даяр туруу — советтик жоокердин эң жогорку каармандыгы». Биз, советтик жоокерлер,— деди ал,— майдандын кайсы гана жагында

болбойлу, бири-бирибиз менен тыгыз байланыштабыз. Душманга сокку кайсы жерден урулса да бизде, түштүктөбү же түндүк фронттобу, баары бир чогуу кубанабыз...

Бизге азыр кыйын. Бирок, биздин туруктуулугубуз, тайманбастыгыбыз, контрчабуулдарыбыз, бизден да оор жана коркунучтуу абалда тургандарды, соккунун негизги башкы багытында калгандарды куткарууга пайдасы тиет.

Жоокерлер саясий кызматкердин сөзүн угуп олтурушуп, бүткүл майданда жан аябай күрөшүп жатышкан миллиондогон жоокерлердин кубаттуу биримдигин, эриш-аркактыгын сезип, улуу Родинасынын тагдыры үчүн өз жоопкерчиликтерин терең түшүнүп турушту.

Өздүк состав согуштук иштер менен алек болсо да, батареянын бардык жерлеринде, пулемёттук короочолордо, жер кепелерде жана баш калкалоочу жерлерде, көчмө ашканада, мен айтар элем, эң сонун тазалык сакталып туруучу. Мындай тазалыкты оор басырыктуу, жаш, сөзгө сараң аял Мария Яковлевна Бережная камсыз кыла турган. Автомашинанын шоферу Григорий Бережной согуштун алдында айылына эс алууга барып, командирдин уруксааты боюнча аялын өзү менен кошо чек арага ала келген экен.

— Мени кошо ала кет — жолтоо болбойм, —деп сураган аялы андан жүрөгү жамандыкты сезип турса да. Чындыгында эле Мария Бережная бөлүктө жолтоо болмок турсун, кайра бардык жерде кереги тийип, аялдын колу тийген нерсе кандай болорун байкатып турду. Мария Яковлевнаны баары урматташчу болду. Согуштук тревога болгондо Мария Бережная батареянын командирине келип:

— Михаил Вениаминович, мени бул жерде калтырыңыз. Менин ордум батареяда. Мен ушул жердегилер менен чогуу Ата Мекенди коргогум келет!

Ошентип, ал батареяда калды. Ал согуштук шарттарда да өзүнө иш таап алды. Жоокерлердин кийимкечелерин жууп, тор кийимдердин жыртылгандарын тордоп, аскердик кийимдерди жамап-жазган, ашканада тамак даярдоого жардам берүүчү. Ал күйөөсү менен кошо машинага түшүп суу, азык-түлүк, снаряд ташып келүүгө жардамдашчу. Бул иштердин баарын алар душмандын жамгырдай жаадырган огу астында аткарышчу.

Мен № 724-батареяда болгону үч күнгө жетпеген убакыт болдум. А бирок анын күрөш күндөрүнө аралашып, жоокерлер менен ушунчалык үйүр алышууга үлгүрдүм. Согуштагы күндөр өзгөчө календарь менен эсептелет деп бекеринен айтылбаса керек.

Мен бараткан 17-пулемёттук рота катарыбызда эле жайгашкан. Бул да тиги батарея сыяктуу эле полковник Ефим Тимофеевич Просянов башкарган жээкти коргоонун Дунай бөлүгүнүн составына кире турган. Ал жөнүндө өзүнчө сөз болот.

## КОММУНИСТТЕРДИН АРТЫНАН ОТКО ДА, СУУГА ДА

Душман агрессияга даярданып, Галац шаары тарапка көп аскерлерин топтоду. Ага 11-жөө аскерлер полку, 8-атчандар полку, 5-артиллериялык полк, запастагы 3-полк, моторлоштурулган жөө аскерлер полку, танкттар, авиация кирген. Анын карамагында ошондой эле жээктеги кубаттуу жакшы жабдылган батареялар бар эле.

Душмандын аскерлерине биздин 31-аткычтар полку жана чек ара бөлүктөрү каршы турду. Аларды 25-аткычтар дивизиясынын 99-артиллериялык полку жана да окурмандарга жогоруда белгилүү болуп калган жээктеги 724-флотилиялык батарея колдоого алышты. Ушул эле жерде Прут дарыясында, согуштун алдынкы күнүндө 17-пулемёттук рота коргонууну ээлеген болучу,

анын турган орду Рени шаарынан Журжулешти кыштагына чейин созулуп жатат.

Мен бул ротада мурда, ал Жебрияны кыштагында жайгашкан кезде да болгом. Анда мен атуу жана чуркоо машыгууларына катышкам. Согуш талааларындагы машыгууларды камсыз кылуу үчүн комсомол уюмдарынын иштерине кызыгып, роталык активдер менен таанышкам. Ротада мени азыр эски тааныштай тосуп алышты.

...7-июлда эртең менен ротанын командири Алексей Николаевич Матвейчук жана саясий иштер боюнча анын орун басары Глеб Евгеньевич Хмельницкий менен бирге роталык жайды кыдырып чыктык. Коргонуу үчүн бул жердин өзгөчөлүктөрү жакшы пайдаланылган деген бир пикирге келдик. Ротада өзгөчө көп көңүл бурушкан согуш талаасындагы окуп-үйрөнүүнүн пайдасы мына ушул жерде тийиптир.

Жээктин бийигирээк кырынан дарыянын ары жагындагы жерлер жакшы көрүнүп турат. Дүрбү менен карасаң Галац шаары да көрүнөт. Дарыянын жайылмасы он километрче созулуп жатат, анда камыш баскан бир топ көлдөр бар. Прут дарыясынын оң жээгиндеги кургак тилкенин ары жагында Братеш көлү көгөрүп жатат. Бир кезде жээкти суу жеп кетүүдөн сактоо үчүн дарыянын боюна кырдата топурак төгүлгөн. Эми болсо душмандын солдаттары окоп казып бекинишкен. Биздин сол жагыбызда королдук Румыниянын аскерлери жардырышкан темир жол көпүрөсүнүн сыныктары уруюп турат. Анын кулап түшкөн тулкусу Пруттун куймасын бөгөп калыптыр. Көпүрөнүн ары жагында аралдар көрүнүп турат. Алардын чоңураагын бүт тегерете бадал каптап кеткен. Ушул жерде, мамлекеттик чек араны коргоп жатып 22-июндун таңында 79-чек ара отрядынын биринчи заставасынын начальниги улуу лейтенант Александр Григорьевич Плотников курман болду — ал биздин жактагы майдандын биринчи согуш

курманы болду. Душман ошол күнү батальонго талкаланган темир жол көпүрөсүнүн жанынан күч менен дарыядан өтүп келүүгө аракеттенди. Бирок биздин 25-аткычтар дивизиябыздын 31-аткычтар полкунун, 79-чек ара отрядынын 1-заставасынын, 17-пулеметтук ротанын жана 724-батареянын жоокерлери өз ара тыгыз аракеттенүү менен десантты талкалады.

Пулемётчулардын көңүлдөрү шайдоот. Алар согушка кирүүгө даяр турушат! Мен окопторду кыдырып ВЛКСМдин мүчөлүгүнө жаңы кабыл алынган — Андрей Бецкийге, Григорий Осейкого комсомолдук билеттерин тапшырдым. Жигиттердин толкундангандары сезилип турат. Алар душманды эч аёосуз талкалоого ант беришти.

Командалык жайдан алыс эмес жердеги жер кепелердин бирине взводдордун, бөлүмдөрдүн, расчеттордун комсомолдорунун өкүлдүгүн билдирген делегаттар чогулушту. Ооба, делегаттар. Иштин жөнү, азыркы кезде баардык комсомолецтерди чогултуу мүмкүн эмес экендигинде. Делегаттардын чогулушу болсо өзүн актады. Согуш башталгандан бери ротада 3 жолу чогулуш болду. Делегаттардын чогулушу андан кийин башка комсомолдук уюмдарда да чакырылуучу болду, албетте, ал согуштук жагдайга шартташып өткөрүлүүчү. Делегаттар, эреже катары, бөлүмдөрдө, расчеттордо, взводдордо шайлануучу, ал эми өзгөчө учурларда политруктар тарабынан дайындалуучу. Алар чогулуштан кийин окопторго барышып, комсомолецтерге чогуу талкууланган маселелерди баяндап беришчү.

Пулемётчулардын бул жолку чогулушу да ошондой болду. Делегаттар түз эле жаңы чабылган чөп төшөлгөн жер кепеге жайгаша олтурушту. Баары тең күнгө тотугуп, жүздөрү сүрдүү. Мен бир тобун мурдатан билчүмүн, бирок согуш башталган эки жуманын ичинде эле алар олуттуу тартып, өзгөрүп калышыптыр. Менин

жанымда дубалга жөлөнүп жаш жоокер Николай Костенко отурат. Бул тайманбаган чалгынчы, пулемётчунун көз карашы акылдуу, өткүр. Анын катарында отурган взводдун командири сержант Николай Литвин. Салгылашуунун биринде бул сержант билгичтик менен жашырынып алып пулемёт менен душмандын ондон ашык солдатын жок кылган.

Мен комсомолецтерге майдандагы абал, флотилиянын согуштук иштери жөнүндө айтып бердим. Докладда жаштардын жасаган эрдиктери жөнүндө да сөз болду. Отурган жоокерлер уруштарда каармандык менен салгылашкан кызыл флотчулардын, старшиналар менен сержанттардын ысымдарын кол чабуулар менен угушту.

Ротанын командири лейтенант Матвейчук чыгып сүйлөп, мурунку салгылашуулардын жыйынтыгын чыгарды да комсомолецтердин алдына жаңы милдеттерди койду. Ал мыкты пулемётчулар деп — Николай Виноградовду, Николай Почининди, Сергей Нерсесянды, Алексей Филипповду, Петр Сторчакты атады. Мындай көңүл бөлүү жоокерлерди толкундатып, дагы жеңиштерге шыктандырарына шек жок эле.

Ротадагылар командирди тайманбаган эр жүрөктүүлүгү үчүн жакшы көрүшө турган. 26-июнь күнү кечинде, фашисттер Прутту кечип өтүп, ротанын ээлеген жайын көздөй бет алып калган кезде Матвейчук жоокерлерди шыктандыра өзү баштап, душманга каршы жөнөгөн. Катуу качырып кирген жоокерлер фашисттерди качууга аргасыз кылып, дарыяга жапшырып талкалап киришкен, 18 солдатты туткунга алышкан. Ошол урушта көрсөткөн каармандыгы жана эр жүрөктүүлүгү үчүн лейтенант Алексей Николаевич Матвейчук көп өтпөй Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

Сөздү биринчи взводдун комсомолдук жетекчиси Николай Виноградов алды. Ал комсомолецтердин кандай күрөшүп жаткандыгын айтты. Айтмакчы, душмандын тылына кирүүчү чалгынды башкарып өзү да айырма-

ланган. Бул чогулуш болордун мурунку күнү болгон. Сержант Виноградов жана жоокерлер Павел Поздняков менен Трофим Лысун дыйкандардай кийинип алышып, душман тарапка өтүп, эл жашаган ири кыштактарда болуп ротага баалуу маалыматтарды алып келишкен. Флотилиянын штабынын начальниги болгон ишти өз оозунан угуш үчүн сержант Виноградовду чакырткан.

Ошол күндөрдө батареяда бул сержанттын дагы бир эрдиги жөнүндө айтылып жүрдү. Ал жөнүндө да ротанын командиринен укканымды айтып берейин.

Бир жолу жел тегирмендин жанындагы бийиктен уруш кызып турган маалда бөлүмдүн ээлеген жайын карай жайылып келе жаткан койлор көрүндү. Ок ышкырып, миналар учуп жатса кандай койчу өз өмүрүн тобокелге салып, ушул жакка кой жаят — деп, Виноградов шексинип калды. Көрсө ал жаңылбаптыр, душмандын автоматчылары койлордун арасына жашынып алышып чабуулга келе жатышыптыр. Ал мээлеп туруп аларды карай ок жаадырды. Фашисттик солдаттар да жерге боортоктой калышып ата башташат. Ошол учурда тоонун ары жагынан жардамга биздин атчандар чаап чыгышат.

— Алты жүз метр аралык менен аткыла!— деп буйрук берет сержант. — Жакын келтирбегиле. Болбосо алар ойдуңга түшүп кетип, биздин жөө аскерлерге сокку урушат...

Капыстан барып басып калууну көздөгөн душмандардын тобу талкаланып тынды.

Ал күнкү согуш кечке чейин жүрдү. Пулемётчулар жөө аскерлерди, атчандарды жана атуучу орундарды карай атып турушту. «Максимдер» өтө ысып кетип, суу керек болуп жатты.

— Мен барып суу алып келем, жолдош командир,— деди жоокер Григорий Осейко.

Кудукка жетиш үчүн ачык жер менен баруу керек

эле. Осейко окоптон абайлап жылып чыкты да боору менен жылып жөнөдү. Гитлерчилер аны көздөй тынымсыз аткылап турушту. Октор төбөсүнөн шуулдап өтүп, жанына келип тийгендери жерге житип кетип жатты, бирок жакшы көнүккөн жоокер ишенимдүү түрдө алга жылып бара жатты, ошентип ал суу алып келди. Пулемёттор ок атууну уланта беришти.

Григорий Осейконун эрдигин, өзүнүн досторунун согуштук иштерин Виноградов берилүү менен айтып берди, өзү жөнүндө болсо бир жолу да ооз ачкан жок. Бул мага абдан жакты.

Андан кийин взводдун командири Сергей Нерсесян чыгып сүйлөдү. Ал чалгындагы жоокер комсомолецтердин иштери жөнүндө айтып берди. Анын өзүнүн да чалгынчылык сапаты ачылды. Эгерде «тил» алып келүү талап кылынса, ал тапшырмага сержант Нерсесянды жиберишчү. Ошентип бир жолку чалгындоодо ал баалуу маалыматтарды берген туткунду кармап келди. Мындан көп өтпөй эле душмандын десанты менен болгон кармашууда Нерсесян фашисттик катерди пулемёт менен атып кыйраткан. Тайманбастыгы жана эр жүрөктүүлүгү үчүн Сергей Нерсесян флотилияда биринчилерден болуп Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

Демейдегидей эле комсомол уюмунун секретары Илья Белый чогулушта жигердене сүйлөдү.

— Эми болсо биз,— деп баса белгиледи ал, — жан аябаган кармашуу жүрүп жатканын, душмандын мыкаачы экенин, ал эч кимди аябасын ачык көрүп турабыз. Өмүр биздин ар кимибизге кымбат, ырас, күрөш мынча башталган соң, биз жеңиш үчүн өмүрүбүздү аябайбыз. Мына ошон үчүн биз жеке турмушубузду эмес, бир гана Мекен, эл жөнүндө ойлоого тийишпиз. Мына ошон үчүн Мекенди бел тутуп күрөшүп жаткан ар бир адамдын алдында жалгыз гана бир милдет — гитлердик баскынчыларды жок кылуу турат!

Чогулуш Дунай флотилиясынын комсомолецтерине

жана бардык жоокерлерине карата кайрылууну кабыл алуу менен аяктады.

Түштө тамак алып келишти. Термосторго куюлган тамактарды окоптогуларга таратып беришти. Жоокерлер тамактанып бүтөрү менен Пруттун ары жагынан артиллериялык залп жаңырды. Хмельницкий саатын карады. Саат бир болуптур, гитлерчилер күн сайын атууну так ушул убакта баштоочу. Биздин батареялар тигилерге жооп кылып ок атышты. Артиллериялык эрөөл күнү бою улантылды.

Туш тарапта снаряддар жарылып жатты, бирок жоокерлер калбаат турушту, а түгүл кенедей да абдырагандыкты көрсөтүшкөн жок. Мен көп учурда адамдар бомбага, артиллериялык аткылоолорго туруштук берe турган, душмандын чабуулунун мизин кайтарган жана өздөрү да чабуул жасай турган чоң күчтү кайдан алышат деген ойго батчумун. Аскер кызматындагылардын жогорку моралдык саясий жана күжүрмөн сапаты өздөрү менен кошо туулбайт, ал командирлердин, саясий кызматкерлердин, партиялык жана комсомолдук уюмдардын тарбиялык иштеринин натыйжасында калыптанаарын согуштун биринчи күндөрүнүн тажрыйбасы көрсөттү.

Ошол эле пулемёттук ротаны алып көрөлү. Партиялык-саясий иштер бул жерде активдүү жүргүзүлчү, анын уюштуруучусу, мен айтар элем, таланттуу уюштуруучусу, ротанын командиринин саясий иштер боюнча орун басары политрук Г. Е. Хмельницкий болгон. Коммунисттик бекем көз карашы бар бул адамда жалын жүрөк жана көрө билгич акыл бар эле, ишине өз керт башын унутуп койгонго чейин бериле турган.

Глеб Евгеньевич Крымда төрөлгөн, ошол жерде жашаган, Ялтада жана Евпаторияда электрчи болуп иштеген. Орто мектепти бүткөн соң 1937-жылы күзүндө армияга чакырылган. Севастополдо аткычтар полкунда кызмат өтөгөн. Ошол эле жерлерден кенже командир-

лердин мектебин бүтүрүп, андан кийин ротанын политругуна дайындалган. Биз 1939-жылы стадиондон тааныштык, ал полктун футболдук командасы үчүн күйөрман экен, мен крейсердики үчүн жан тартып отургам. Сыртынан Глеб Евгеньевич эч нерсеси менен өзгөчө айырмаланчу эмес: орто бойлуу, кара тору, чап жаак, кара көз, жазы маңдай адам. Бирок эң эле шайдоот, күжүрмөн болучу. Анын тулку боюнда, бүткүл кыймылында кандайдыр бир ички күч, ишенимдүүлүк сезилип турчу. Учурашкан кезде ал ар дайым колду бекем кыса кармачу. Биз кышында партиялык агартуу үйүнөн такай жолугуп калчубуз — философиядан лекцияны чогуу укчубуз. Ал лекциялар биздин билимибизди көбүнесе байытып, биздин ар нерсеге көзүбүз каныккан саясий кызматкер болушубузга жардам бергендигин жашыра албайм.

Мен пулемёттук рота согуш башталар алдында Жебрияны кыштагында тургандыгын мурда айткан элем. Эми Хмельницкий экөөбүзгө кайрадан жолугушууга — талаада атышуу учурунда жолугушууга туура келди. Жоокерлер политруктун пулемётту, мылтыкты таамай атып, гранатаны билгичтик менен ыргытканына суктанышып, сыймыктанышчу. Ал пистолетти да таамай аткандыгы менен таң калтыра турган. Аткычтар полкунда кызмат өтөө аны чыдамкай, тапкыч болууга, тегерек четине туура ыңгайлашууга, жашырына билүүгө үйрөтүп, тарбиялаганы ал жасаган иштерден көрүнүп турат. Политрук өзүндө болгон сапаттарды жоокерлерге да үйрөткөн. Алар андан үлгү алышып, анын ар бир сөзүнө кулак төшөп угуша турган.

Бир жолу душмандын артиллериясынын төрт замбиректик залпы дүңгүрөй түштү. Дүңгүрөгөндө да күтүлбөгөн жерден, укмуштуудай дүңгүрөдү. Биздин аткычтардын бирөө окоптун түбүнө жата калды, бирок антүүнүн эч кандай зарылчылыгы жок экендигин түшүнгөн соң айланасына айыптуудай каранып, ордунан турду.

— Сизге эмне болду?— деп сурады андан Хмельницкий. — Окоп сизди снаряддан калкалап калат деп каптип ойлодуңуз. Караңызчы душман канча жолу аткылап жатат, а тийген жери — ноль...

Артиллерия үчүн окоп анча деле жеңилер жер эмес, деп түшүндүрдү саясий кызматкер.

— Согушта тайманбастыкка жана токтоолукка үйрөнүңүз,— деп кеңеш берди ал жоокерге.

Анын ысмын атаганым жок. Анткени ал кийинки салгылаштарда өзүн татыктуу кармап, чалгынга бир нече жолу барып, эр жүрөктүүлүктүн жана каармандыктын үлгүсүн көрсөттү. Бирок согуштун биринчи күндөрүндөгү мүнөзү боштукту жеңип чыгууда ага кенже политрук көп жардам берди.

Хмельницкий ишсиз бир саат да тура албай турган. Ал иштен, согуштук иштен ички канааттанууну, кубанычты табуучу.

— Кенже политрукту көргөн жоксуздарбы? — деп сурадым ротага келгенден кийин экинчи, же үчүнчү күнү.

— Көрдүк. Ал батареяга кетти,— дешти.

Эмне үчүн? Артиллеристтерде анын кандай жумушу болду экен? Глеб Евгеньевич замбиректик расчеттордо бат-бат болуп, дүрмөттөөчүлөр, мээлеп атуучулар менен аңгемелешип турарын билдик. Көрсө, ал артиллеристтер менен пулемётчулар бири-биринин жөлөк-таягын өз ара сезип турушун каалоочу экен.

Душман десантка даярданып, сүзүп чыгуучу жерге анын жөө аскерлери топтолуп жаткан кезде пулемётчулар аркы өйүздү кыраакылык менен байкап турушту. Ротанын комиссарынын орун басары да бар эле. Бул жөнүндө батареянын командалык пунктуна билдирди.

Душмандын солдаттары балыкчылардын кайыктарына отурушуп, сүзүп жөнөй башташты.

— Бир... эки... үч... Ой, буларды санап бүтпөйсүң! — деп өзүнчө күбүрөдү да Хмельницкий пулемётко ыктай отурду. — Жок, силерге аёо болбойт!

Кайыктар дарыянын ортосуна жакындап калды. Мурда шартташкан боюнча сержант Петр Сторчак ракета атып кабар берди. Бул ротанын жоокерлерине гана берилген кабар эмес, ошондой эле коңшу-батареячыларга да берилген кабар эле. Станоктук жана кол пулемёттор тытырай баштады. Алар узак жана кыска аткылоолор менен дарыяда дүрбөлөң түшкөн кайыктарды теше атып жатышты. Бир-эки мүнөттөн кийин артиллериялык залптар угулду. Демек, кабар түшүнүктүү болуптур жана кабыл алыныптыр. Снаряддар десант чокмороктошкон жерлерге түшүп жатты. Артиллеристтер менен пулемётчулардын иш аракеттери эң ийгиликтүү болду, душмандын бир да солдаты өз жээгине кайтып кеткен жок.[1]

Хмельницкий чалгынга барып келүүнү каалагандыгын алда печен жолу айткан эле. Ал коммунисттик, саясий кызматкердин жеке үлгүсүндөй эч нерсе жоокерлерди шыктанта албай тургандыгын түшүнгөн. Мына эми ал улуу начальниктин уруксатын алды.

— Душмандын тылына чалгынга ким барат?— деп сурады комиссардын орун басары жоокерлерден.

Каалоочулар арбын болуп чыкты. Көбүрөөк тажрыйбалуулардан, уруштарда сыналгандардан иргеп алууга туура келди. Чалгынга дыкаттык менен даярданышты. Ал эми эртең менен эрте, душмандын күзөтчүлөрүнүн байкоолору бошоңдой баштаган кезде Хмельницкий башында болгон чалгынчылар душмандын жээгине өтүп кетишти. Алар билинбестен жер тамга жакын жылып келишип, аны жарым жартылай курчоого алышты. Басып калуучу топ алга жылды. Бардыгы өз жайында өтүп жаткансыган. Жер тамдын тегерегиндеги алкак улам тыгыздала берди. Бирок душмандын күзөтчүсү, дабышты угуп калдыбы же бадалдан кыймылды байкап калдыбы, ок чыгарып калды. Чалгынчылар аб-

[1] ЦВМА, ед. хр. 34, л. 6.

дырап калышкан жок. Алар күзөтчүнү жок кылышты да жер тамды курчоого алышты. Душмандын дүрбөлөңгө түшкөн солдаттары сууну көздөй качышты. Жетөө колдорун көтөрүшүп, туткунга түшүштү.

Жер тамдан үн чыгып жатты, анда, сыягы, дагы кимдир бирөө, мүмкүн даражасы улуулардан калса керек.

— Ким орусча сүйлөй алат? — деп сурады Хмельницкий туткундардан.

Алардын арасынан котормочу боло ала турган бир румын табылды. Ал жер тамда офицер отурганын түшүндүрдү.

— Офицерге айткын,— деди Хмельницкий туткун солдатка,— эгерде ал өзү чыкпай турган болсо, граната ыргытабыз, чыкса — тирүү калат!

Коюлган талап кабыл алынды. Королдук румын армиясынын лейтенанты калтыраган колдорун көтөрүп, жер тамдын тепкичтери менен чыга келди.

Хмельницкий кийин да чалгынга барды. Ошентип, нечен жолу! Бир жолу анын тобу —-бул жолу бар болгону төрт гана адамдан турган — түн ичинде аркы жээкке өтүштү да штабдын жер тамына кирип барышты. Албетте, жер там кайтарууда эле. Бирок душмандын жер тамдагы солдаттары советтик жоокерлердин капилеттен пайда болушунан апкаарып калышты. Сыягы, алар биздин жоокерлерди көп деп ойлошту көрүнөт, корккондорунан туш-тушка качып жөнөштү. Чалгынчылар «тил» кармап, штабдык документтерди алышты да өздөрүнүн ротасынын карамагына аман-эсен кайтып келишти.

Жоокерлер жана сержанттар кенже политрукту жакшы көрүшчү. Душмандын жээгинен чегинип баратып, мурда жарадар болгон Хмельницкий зым тосмолорго чатышып калган кезде Сергей Нерсесян аны чыгарып алууга жөнөдү. Ал душмандын аткылоолорунун алдында саясий кызматкерге кырсыктан бошонуп чы-

гууга жана өзүбүздүн жээкке жетишине жардам берди.

Хмельницкий жараттан кийин бир аз убакыт рота турган жерлерге бара алган жок. Анда жоокерлер ал жаткан госпиталга барып, кат жиберип турушту. Каттардын биринде минтип жазышыптыр: «Жолдош политрук, сизге большевиктик салам жиберебиз. Тезинен сакайып чыгышыңызды каалайбыз. Биз үчүн кам санабаңыз — биз өз жайларыбызда бекем турабыз жана согушка ар дайым даярбыз!»

Коммиссардын орун басары жок кезде ротадагы тарбиялык иштер бошоңдогон жок. Саясий кызматкердин кужүрмөн достору болгон коммунисттер жана комсомол-активисттер партиялык акыйкат сөздөрдү окопторго жеткирип турушту.

...Жылжылуу жайкы кеч. Адамдар кечки тамактан кийин эс алып жатышты, уруштардын аралыгында азыркыдай бейкуттук дайым эле туш келе бербейт. Сергей Нерсесян баянда ойноп, бир топ үн чогуу тааныш обондорду коштоп кетти. Биз орус, украин, грузин ырларын ырдадык.

Андан кийин кенже командир Алексей Кукушкин Нерсесянга кайрылып:

— Кана, Сергей уктаар алдында «Пулемётчуну» тартчы,— деп өтүндү.

Дасыккан манжалар седептерди сыдыра ойной баштады. Баяндын үнү сыбызгып, ага кошулуп пулемётчулар өздөрү ушул жерден, ок жааган жээктен жазган ырын ырдашты.

Ата турган чекте ошол,
Эх, чекте ошол ок атуучу.
Орун алды пулемётчу,
Жанжаш улан, кара каштуу.

Ыр канаты кеңейип, алыска-алыска, ракетаны үздүксүз атып жатышкан душмандын күзөтчүлөрүнө чейин жетип жатты.

Токойдо түтүн буралып,
Дайрадан зуулдайт ок улам.
Кароолду мээлеп калды эми,
Пулеметчу жаш улан.

Дунайлыктар ушундай согуштун оор шарттарында да турмушка болгон сүйүүнү, сергектикти, келечекке болгон ишенимдерин жоготкон эмес.

## КЕМЕЛЕРДИН ЖАРЫП ӨТҮШҮ

8-июль күнү ротага 724-батареядан чабарман жетип келди. Ал мага флотилиянын саясий пропаганда бөлүгү менен байланышым керектиги жөнүндөгү буйрукту берди.

— Мүмкүн болушунча тезирээк — деп кошумчалады ал.

Мен 20 мүнөттөн кийин Измаил менен телефон байланышы бар батареяда болдум. Бөлүмгө телефон чалдым. Телефонду дежурный К. И. Цымбал алды:

— Сизге шашылыш түрдө Криновдун чарбасына келүүгө буйрук берилди. Тапшырманы бөлүмдүн улуу инструктору Федоров айтып берет, ал ошол жерде,—деди ал.

Капитан-лейтенант В. А. Кринов мониторлордун дивизионунун командири. Анын дивизиону, ошондой эле бронекатерлердин отряды согуш башталар алдында Рени шаарынын районуна барып турган. Топтоштурулган орду боюнча кемелердин бул тобун биз рениндик деп атачубуз. Ал душмандын Дунай менен төмөн өтүп кетүүгө аракеттенген кемелеринин мизин кайтарып, анын десантын талкалап, Галац тарабынан душмандын аскерлери урган соккунун мизин кайтарууда Кызыл Армиянын бөлүктөрүнө көмөк көрсөтө турган эң маанилүү милдетти аткарчу.

Пулемёттук ротадан мага машина бөлүп беришти, ошентип 30—40 мүнөттүн ичинде Этулия кыштагына

жакын жерде болдум. Ал жерде — Кагул көлүндө —топтун кемелери бар экен.

Жээкте чүмбөттөлгөн эки бронекатер, андан араакта «Железняков», «Жемчужина», «Ростовцев» мониторлору туруптур. Бир бронекатер Викета дарыясынын куймасында күзөттө экен. Мен катерлердин токтоп турган жеринен отряддын командири улуу лейтенант С. П. Шуликке жолуктум. Биз «Железняков» мониторуна өтүп бардык. Азыр кемелердин тобун башкарып турган комдив С. П. Шулик мурда брейд-вымпелди жеңип алган. Мониторго кемелердин командирлери, командирлердин саясий иштер боюнча орун басарлары, партиялык уюмдардын секретарлары чакырылыптыр. Саясий бөлүмдүн окулу Федоров да ушул жерде экен. Биз ал экөөбүз алдыдагы жүрүшкө — ал мониторлор менен, мен — бронекатерлер менен катышуубуз керек.

«Железняковдун» кают-кампаниясында кеңешме башталды. Всеволод Александрович Кринов азыр эле флотилиянын командачысы менен телефон аркылуу сүйлөшкөндүгүн билдирди. Контр-адмирал Н. О. Абрамов Түштүк майданда жалпы жагдай начар экенин: душман Бельцы шаарын ээлеп алып, эми Кишиневго чабуул коё баштагандыгын билдирди. Июндун аягында душман Фэльчиул-Цыганка районунда Прут дарыясынан кечип өтүп, Болград шаарына коркунуч туудурган. Душман 14 корпустун оң тарабынан айланып өтүп, анын бөлүкторүн Ялпух көлүнө чейин чегинүүгө аргасыз кылды.

— Мен командирлерге, саясий кызматкерлерге, старшиналарга жана кызыл флотчуларга немецтик-фашисттик баскынчылар менен болгон күрөштө көрсөткөн эрдиктери жана каармандыктары үчүн алкыш айтамын,— деди В. А. Кринов. — Биздин кемелердин тобунун алдында турган милдет аткарылды, эми алардын алдында жаңы милдеттер турат. Бүгүн түнү «Железняков», «Жемчужина» жана «Ростовцев» мониторлору, «БКА-11» «БКА-113» бронекатерлери өздөрүнүн башкы базасы

болгон Измаилге душмандын бекемделген Исакча районунун жанынан жарып өтүүлөрү тийиш. Зыянга учураган «БКА-112» катери жардырылсын.

Көлдүн жээгине бронекатерлердин экипаждары катар тизилди. Кыска митинг болуп өттү. Анда отряддын командири Шулик, андан кийин мен сүйлөдүм. Биз майдандагы абал жөнүндө, командачынын буйругу тууралу айтып берип, моряктарды өздөрүнүн милдетин ак ниеттүү аткарууга чакырдык. Кызыл флотчулардын жана старшиналардын сөздөрү кыска болду. Алар согуштук буйрукту кандай гана болбосун орундатууга ант беришти. Митингден кийин менин жаныма радист Георгий Тяпкин басып келди. Ал толкунданып мындай деди:

— Сиз мага комсомолдук билетти тапшырган кезиңизде мен комсомолецтин ар-намысын булгабайм, деп убада бергемин. Ошол сөзүмөн эч качан кайра тартпайм.

Георгий жүрүштөгү вахтаны эң жакшы өткөрдү. Ал андан кийин далай урушптарга катышты, 1941-жылы 20-августта Херсонду коргоодо Днепрде баатырларча курман болду.

Шулик менен «БК-112» катерине бара жатабыз. Ал катер уруштарга бар болгону төрт күнү гана катышты. 26-июнда Дунайдын кеме жолдоруна мина коюуда олуттуу зыянга учурап калды. Душмандын түз келип тийген эки снарядынан сууну шилөөчү валы, рулдук башкаруусу иштен чыкты, бөлүмдөрүнүн биринен өрт чыкты. Экипаждын күч-аракетинин аркасында өрт өчүрүлдү, бирок катер жүрө албай калды. Коңшу катердин моряктары жардамга келишти, алар «БКА-112ни» Кагул көлүнө сүйрөтүп барып салышты. Эми болсо командованиенин буйругун аткарып, экипаж пулемётторду, согуштук запастарды андан башка катерлерге ташып салышты...

— Өздүк состав желекти түшүрүүгө тизилди,— деп билдирди лейтенант А. П. Кузьмин.

Отряддын командири Шулик экипаждын алдына чыгып сүйлөдү. Ал кеменин согуштук жолу жөнүндө баяндап, өтөгөн кызматтары үчүн кызыл флотчуларга жана командирлерге алкыш айтты.

Аны жээктен катерге сүйрөтүп барып жардырып келишти. Саат 22.30да кемелерде согуштук тревога угулду. Моряктар өз-өзүнүн кужүрмөн орундарын ээлешип, урушка жана жүрүшкө даярдыктары жөнүндө так билдирип жатышты.

Мен отряддын командири менен «БКА-111» катеринде элем. Биздин катер жай тартылып, алдыда Викстага жакындап кетип баратат. Дарыя жазы эмес, ийри-буйру. Анын жээгине калың камыш өсүптүр. Июнь айы бүт кургакчыл болуп, суу да тартылып калыптыр. Байкоочулар эски плотинанын түркүктөрүн көрүп калышты. Ал кемелердин жүрүшүнө жолтоо болууда. Катерден төмөн карай кайык түшүрүлдү. Ага лейтенант Георгий Кондаков менен матрос Степан Короткий отурушту. Жолтоо болуп жаткан түркүктөрдү жардырып келишти. Кеме жолу тазартылды.

Кемелер түн ортосунда Дунайга кирди. Айдын нуру төгүлүп, түн жарык. Асман жарк дейт түштү. Викста дарыясынын Дунайга куйган жеринде турган душмандын төрт замбиректүү жээктеги батареясы «Железняков» мониторун көздөй атып жатыптыр. Биздин катер жээктеги жарыкты көздөй атты. Монитордун башкы калибри да тилге кирди. Анын үч залпынан кийин батареянын жаагы жап болду.

Бурулуучу чекке жеткенде «Железняков» багытын өзгөрттү. Берки кемелер да ошентти. Душмандын батареясы «Жемчужинаны» көздөй да атып калды, бирок эки эле замбирек менен. Монитор ага жооп кайтарып жиберди эле батарея кайрадан атпай, токтоп калды. Эң аягында «Ростовцев» монитору өтүп бараткан кезде ал такыр эле кыңк этпеди.

Мониторлор Дунайда бири-биринен эки кабельтова[1] аралык менен, бронекатерлер алардын оң жагында траверз[2] аралык менен баратат. Дарыянын эңкейишин көздөй тез жылып баратабыз, бирок биздин жолубузда душмандын ири гарнизону менен оор артиллериясы жайгашып, кубаттуу бекемделген — Исакча шаары жатат.

Отряддын командири башкаруучу постто калды, мен моторчулар, артиллеристтер, пулемётчулар жайгашкан жерге жөнөдүм. Бронекатер анча чоң эмес кеме: анын сууга сыйымдуулугу 27 тонна. Бирок ал жакшы жабдылган. Брондоштурулган мунарасында 76-мм пушка, пулемёттук мунараларда 4 ири калибрдүү пулемёт бар. Кубаттуу мотору ылдамдыкты саатына 30 километрден ашырууга мүмкүндүк берет. Кеменин сууга чөгүшү — 70 сантиметр, мунун өзү дарыя жана көл шарттарында аракеттенүү үчүн эң ыңгайлуу. Борттун бронясы 15 миллиметрге жетет.

...Катердин оң капталындагы бронго чыпылдап октор тийип жатат. Аны бизди байкап калган душмандын жээктеги жайларынан пулемёттон аткылап жатышат. Биздин катер жооп кайтарып ок атты. Бир мүнөт өттү, жээк кайра тынчый түштү.

Мен палубага чыктым. Көзүм түнкү караңгылыкка көнүксүн үчүн бир пас турдум. Душмандын бекемделген районуна чейинки аралык улам кыскара берди. Булуттун ары жагынан ай көрүнө баштады. Кемелердин караанын эми даана көрүнүп турду. Ай, ушу коё турганда болбойт беле! Душман Исакчада 10-артиллериялык батареяны, 38-жөө аскерлер полкун, моторлоштурулган жөө аскерлердин бөлүкчөлөрүн топтоштурганын биз билгенбиз.[3] Ал бизге олуттуу сокку бериши мүмкүн.

---

[1] Деңизде колдонулуучу узундук өлчөмү. Анын узундугу 185,2 метрге барабар.

[2] Кеменин жүрүшүнө перпендикуляр багыт.

[3] ЦАПВ, ед. хр. 4, л. 130.

Мен капитан турчу жайга келдим.

— Карацызчы, чептин мечиттери көрүнө баштады. — Демек, душмандын батареялары турган жайларга жакындап калды,— деди улуу лейтенант Шулик.

Жээк азырынча тынч. Кемеде да тып-тынч. Лейтенант Кондаков катерди ишенимдүү айдап баратат. Отряддын командири:

— Оң жээкке ыктай кармагыла!— деп буюрду.

Катерлер демейки жолдон четтеди. Отряд душмандын жээгине, анын артиллериясынын «аракетсиз зонасына» ыктай алга жылууда. Кемелер Исакча бийиктигинин траверзин өтөөр менен душмандын батареялары аткылай баштады. Жээк дароо эле жанданды да дүңгүрөй түштү. Мониторлор менен бронскатерлер жооп кайтаруудан кечигишкен жок. Атышуулардан улам айлана күндүзгүдөй жарык боло калып турду. Катерлер түтүн пардасын колдоно баштады. Биздин катердин тумшугунан түтүн шашкаларын ыргытып жаткан комсомолец Андрей Мухопад тайманбай иштеп жатты.

Душмандын снаряддары катерлердин үстүнөн дүңгүрөп, ышкырган бойдон өтүүдө. Алар үстүдөн өтүп барып жарылып жатты. Мына сол жактан суунун түркүгү көтөрүлө түштү да жарылган снаряддын чачырандылары броняга чыпылдап тие баштады.

— Сол капталдагы суунун чачырандысы жыйырма метр аралыктан,— деп билдирди Мухопад.

Маневр жасоо менен катар коркунучтан буйтап өттү. Душман эми артта чубалжып калган түтүн парданы аткылоодо. Снаряддар четке түшүп жатат.

Сол жактан сегиз метр келген чоюн пирамида — 1828-жылы орус аскерлери Дунайды кечип өткөндө, алардын урматына коюлган эстелик көрүндү. Эми баары артта калгандай сезилди. Бирок, андай болбоду! Тулчанын айрылышына кирс берген жерде кемелер кайрадан душмандын аткылоосунда калды. Тулча шаары тараптагы Чатал тумшугунда турган оор батареялар жылгыс

кылып аткылай баштады. Биринчи снаряддар кемелердин багыты боюнча алды жакка 4—5 кабельт аралыкка келип түштү.

Улуу лейтенант Шулик тыкан жана токтоо. Ал жарылууларды байкап туруп, батареянын залптары ар бир он эки-он беш секундда атылып жаткандыгын белгиледи. Кемелерди көздөй ок жамгырдай жаады.

— Жүрүш басаңдасын,— деп буюрду Шулик.

Катер жүрүшүн басаңдатты. Снаряддар эми форштевнийдин алды жагынан жарыла баштады. Снаряддын чачырандылары броняга чыпылдап тийип, палубаны суу каптай баштады.

— Жүрүш толук ылдамдатылсын!

Катер шарт алга атып чыкты да атуулардын тосмосунан аман-эсен өтүп кетти.

Биз башка кемелердин аракеттерине көз салып бараттык. Алар дагы билгичтик менен маневр жасашты. Душмандын снаряддары окчун түшүп жатты.

Чатал тумшугунан кемелер солго бурулуш жасап Килия суусуна өтүштү. Буга чейин үнсүз жаткан батареялар бизге каршы ата баштașты. Тумшуктагы замбиректер чындыгында таамай эле мээлеп аткылашууда. Бирок бул жерден биз жээктеги өзүбүздүн батареялардын колдоосун сезе баштадык. Алар тулчалык батареяны жана Чатал тумшугундагы батареянын жаагын жап кылышты. Измаил аэродромунан көтөрүлүшкөн истребителдердин учкучтары солдаттарды жарларды, окопторду көздөй кубалап, душмандын батареяларынын турган жайларын штурмалашты. Кемелердин Килия суусу менен алга илгерилешин бронекатерлер койгон түтүн калканчтары да жеңилдетти.

Мониторлордун дивизиону менен бронекатерлердин отряды эч жоготуусуз 9-июлдун таңында Измаилге келди.

Кемелердин рениндик тобунун ийгиликтүү жарып өтүүсү дунайлык-моряктардын согуштук эң жогорку

такшалгандыктарын, алардын аскердик парска берилгендиктерин көрсөттү. Совинформбюро бул жарып өтүү жөнүндө эч нерсе билдирбеген болсо да (анын өзү да түшүнүктүү, себеби, ал майдандагы иштин абалына кандайдыр бир олуттуу өзгөртүү киргизген жок да) канткен менен мунун өзү эрдик болду.

Флотилиянын командачысынын бизди тосуп алышы да ошондон улам болуу керек. Контр-адмирал моряктардын катарын кыдырып өтүп, эң жогорку мактоо сөздөрдү айтуудан тартынбастан ал өзүнүн карамагында ушундай баатырлардын бар экенине сыймыктана тургандыгын айтты.

## ИЗМАИЛДИ КОРГООДО

Майдандын биз тараптагы абалы татаалдашты. Бул жөнүндө бизге, саясий пропаганда бөлүмүнүн кызматкерлерине 14-аткычтар корпусунун штабында болуп келген флотилиянын штабынын начальниги 2-рангадагы капитан В. В. Григорьев билдирди. Душман күч жагынан артыкчылыкка ээ болуу менен Кишинёвго, Одессага чабуул коюусун улантып, 14-корпусту курчап алуу коркунучун туудурду. Чалгындоонун маалыматтары боюнча душман Измаилди басып алууга даярданып жатыптыр. Ал бул максатта Тулча районунда жөө аскерлер жана моторлоштурулган бөлүктөр топтоштурулган; аскерлер түнкүсүн алга жылдырылган. Кайыктар, балыкчылардын кайыктары понтондор сүзүп чыгуучу жерлерине дыкаттык менен далдаланган.

Биз ошол эле күнү бөлүктөргө тарап кеттик. Бул жолу менин алдымда 96-айрым эскадрильяда иштөө милдети турду.

Аэродром Измаилдин чыгышыраак жагында, шаардан алыс эмес жерде эле. Ушул эле жерде, учуу талаасынын четинде турак палаткалар жана жер кепелер бар,

бирок учкучтар аларда түнкүсүн гана болуша турган. Алар күндүз самолеттун жанында, ал эми дежур звенонун учкучтары машиналардын кабиналарында отуруш чу, жер кепелердин жанында бир нече столдор турат; ал — ашкана (тамакты термосторго куюп шаардан алып келишчү). Ошол эле ачык асмандын алдында кечкисин кинофильмдер көрсөтүлчү.

Эскадрильянын командири капитан А. И. Коробицын — тажрыйбалуу учкуч, айрым мүнөзү менен кадимки Чкаловго окшошуп кетет. Эскадрильяны ал согуш башталардан эки ай мурда кабыл алган.

Александр Иванович мындан жети жыл мурда уча баштаган. Өз кесибин ал берилип сүйчү.

— Мен өзүмдү абада жүргөндө жердегиден алда канча мыкты сезем,— дей турган ал мага.

Эскадрильянын командири чынында эле өзүнүн жардамчыларын учуунун жогорку техникасы, учууга укмуштай дасыккандыгы, жүрөктүүлүгү менен көп учурда таң калтыра турган. Бирок Коробицындын иш аракеттеринде чакчарылгандыктын жышааны да жок эле. Акыл-эстүү түрдө тобокелге салуусу, ишти эң сонун билгендиги кужурмөн устаттыгы менен шайкеш келе турган. Ал өзүнө баш ийгендерди да бул эң сонун сапаттарга тарбиялоочу.

Эскадрилья согуштун биринчи эле мүнөтүнөн тартып урушка кирген. Мына ошол уруш командир жана анын жолдоштору үчүн согушка биринчи жолу катышуу болду.

Маневрленген машиналар текши катар менен жеңил жүрүп баратты. Коробицын башында. Фашисттик бомбардировщиктер көрүнгөндө (алар көп болчу) кызыл жылдыздуу истребителдер бараткан багытынан бурулган жок. Алар душмандарга жакындай баштады. «Юнкерстер» чыдай алышпады, кайра тартышты.

Коробицын жана анын карамагындагылар аларды куугунга алышты. Гитлерчилер беш машинасынан айры-

ышты.[1] А биздин учкучтар өздөрүнүн аэродромуна эч жоготуусуз кайтып келишти. Алар немецтик самолетторду атып түшүрүүнүн күжүрмөн эсебин Кара деңиз театрында биринчи болуп ачышты.

96-эскадрильянын истребителдеринин учкучтары көп тапшырмаларды аткарышты. Алар Измаилди, Вилковону, Килияны, Ренини абада коргошту, душмандын кемелери менен базаларын штурмалашты (биздин флотилияда бомбардировщиктер менен штурмовиктер болгон эмес), абадан чалгындоо жүргүзүштү. Ал эми Кара деңиз флотунун бомбалоочу авиациясы Сулинге, Тулчага жана Галацка учууларды жасаган кезде эскадрилья аларды коштоп барчу.

Эскадрильянын эң мыкты аба жоокерлери Александр Иванович Коробицын, Лаврентий Парфилович Борисов, Борис Васильевич Маслов 1941-жылдын жайында Кызыл Туу ордени менен сыйланышты.

— Комиссардын орун басары — менин оң колум,— дечү эскадрильянын командири.

Улуу политрук П. Д. Ивченко командирге баа жеткис жардам көрсөтө турган. Маселен, бомбардировщиктерди түнкү шартта коштоп баруучу истребителдердин учкучтарын даярдоо керек болгондо Павел Даниловичтин демилгеси менен партиялык чогулуш болду. Коммунисттер бардык жагынан жеке үлгүлөрүн көрсөтүшчү. Партбюронун мүчөсү инженер Филипп Егорович Бабенков техсостав үчүн: «Авиациялык техниканы жерде эң мыкты даярдоо — абадагы жеңишке жетишүүгө кошкон салым» — деген темада лекция окуду.

ВЛКСМдин баштапкы уюму да согуштук учууларды камсыз кылуу боюнча чоң иштерди жүргүзүүчү. Бюронун секретары Федор Ноженко адамдарды жакшы билүүчү, комсомолецтердин үлгү болуулары жөнүндө кам көрө турган, алардагы эр жүрөктүүлүктү, эрдикке даяр

[1] ЦВМА. Улуу Ата Мекендик согуштагы дунайлык согуштук флотилиянын согуш аракеттеринин хроникасы. Инв. № 7715, 9-бет.

тургандыкты баардыгынан жогору баалоочу. Бирок, мен андан эки учкуч-комсомолецтин партияга өтүү үчүн рекомендация сурап жазган өтүнүчтөрүн кароо эмне үчүн кечендетилип жатат деп сураганымда, ал — чогулушту өткөрүүгө мүмкүнчүлүк болбой жатат, күндүз — согуштук учуулар, түнкүсүн — ремонт иштери,— деп актана баштады. Бюро мүчөлөрү менен сүйлөшүүгө, аларга башка бөлүктөрдө да, кемелерде деле шарттар жеңил эместигин, бирок комсомол уюмдарынын турмушу толук өз нугу менен өтүп жаткандыгын айтып берүүгө туура келди.

Эскадрильянын командирине кайрылдык. Капитан Коробицын:

— Чогулушту даярдагыла, эртең өткөрөбүз,— деди.

Комсомолецтер кийинки күнү кечинде ашканага чогулушту. Кимдир бирөө: «Биздин ишибиз адилет иш. Душман талкаланат. Жеңиш биз тарапта болот!» деген ураанды илип коюптур.

— Күн тартибинде бир маселе,— деди чогулуштун председатели,— комсомолецтер Б. В. Маслов менен А. И. Евстигнеевдин партияга өтүү үчүн аларга рекомендация берүү жөнүндөгү өтүнүчтөрүн талкуулоо.

Адегенде Масловдун өтүнүчү талкууланды. Үч адам, анын ичинде эскадрильянын командири чыгып сүйлөдү. Ал Масловду биле тургандыгын айтты. Согуштун биринчи күнүнөн бери кан майданда. 30-июнда урушка катышып, анын жүрүшүндө бир «Юнкерсти» атып түшүрдү. Андан соң «Мессершмиттер» менен болгон кыйын урушту жүргүзүүгө туура келди. Маслов ал жолу да эр жүрөктүүлүгүн көрсөттү. Анын самолёту кыркка жакын жеринен тешилди, моторуна залал келген. Учкучтун өзү сол ийнинен жарадар болгон. Ал ага карабастан самолетту өз аэродромуна алып келип кондурган.

Комсомолецтер Борис Васильевич Масловго партияга өтүүгө рекомендацияны бир добуштан бекитишти.

Чогулуш комсомолец-учкуч Александр Илларионович

Евстигнеевди да оң мүнөздөдү. Урушта ал каарман, турмушта карапайым. Идеялык-саясий жактан өсүүсүнө күм көрөт. Александр күчтүн салмагы душман тарабында болгон бир жолку урушта жарадар болуп, бирок өз самолетун Измаилге чейин айдап келип, аэродромго кондуруп, андан кийин акыл-эсин жоготкон.

Евстигнеевдин адресине менин көз карашымча, олуттуу бир пикир айтылды. Иштин жайы мына мында эле, арызын аягына ал: «Коммунист болуп өлгүм келет» деп жазыптыр. Ал жөнүндө эскадрильянын командиринин саясий иштер боюнча орун басары, партиянын көп жылдан берки мүчөсү Ивченко мындай деди:

«Коммунист болуп өлгүм келет» деп жазуунун кереги жок. Антип ойлобош керек Сиз партияга коммунист болуп жашап, коммунист болуп күрөшүп, коммунист болуп жеңиш чыгыш үчүн өтүп жатасыз!

Комсомолецтер экинчи рекомендацияны да бир добуштан бекитишти.

Мен аэродромдон бул авиаторлордун күжүрмөн коллективине болгон сыймыктануу сезим менен жөнөп кеттим. Эң сонун жоокерлер! Элдин эң сонун уулдары!..

Измаилдин флотилиясынын башкы базасын жана бүткүл жээкти коргоо ишинде байкоо жүргүзүү жана байланыш кызматынын участогу өзүнүн жупуну салымын кошту. Дунайдын сол жээги боюнча түзүлгөн анын постторy душмандын иш аракеттерине дайыма көз салып турган. Ал эми душмандын солдаттары дарыяны кечип өтүүгө аракет жасашкан кезде биздин байланышчылар такай биринчи болуп урушка киришкен.

Байланышчылардын комсомол уюмунда 200дөн ашык адам болгон. Анын топтору посттордо активдүү иштешкен.

13-июлда участканын комсомолдук бюросунун байланышчы-комсомолецтердин кыраакылыгы жөнүндөгү маселени талкуулаган заседаниеси болду. Биз тарап үлгүрө элегибизде эле казарманын жанында снаряддар

жарыла баштады. Душман Измаилди аткылап жатты.
Раздельный постунан:

— Артиллериялык аткылоону Тулча суусунун айрыгынан чыккан эки монитор жүргүзүп жатат,— деп билдиришти.

Бул душмандын мониторлорунун Дунайга чыгуусу жасаган биринчи тобокели эле. Биздин жээктеги батареялар ошол эле замат жооп кайтарып аткылашты. Бирок алардын аткылоосу тиешелүү натыйжа берген жок. Раздельный постунда турган байкоочу-радист Яков Поляков жээктеги батареялардын аткылоолоруна түзөтүүлөрдү киргизүүгө даяр экендигин билдирди.

—Жарайт,— деп жооп берди байкоо жүргүзүү жана байланыш кызматынын участогунун начальниги улуу лейтенант А. М. Молчанов.

...Улуу кызыл флотчу Поляков кайыкты камыштын арасына калтырып, жээкке кирип барып мониторлорго мүмкүн болушунча жакын жайгашып алып, түзөтүүлөрдү бере баштады. Снаряддар кемелердин жанында улам көбүрөөк жарыла баштады. Көп өтпөй эле снаряддар таамай тийип жатканы белгиленди.

Душмандын кемелери түтүн пардаларын колдонушуп, Тулча куймасына кайтып кетишти. Бирок, эми Тулчадан жана Чаталдан артиллериялык батареялар аткылай башташты. Поляков да аткылоо зонасында калды. Кечке жуук душман Раздельный посту турган районго кайык менен автоматчыларды түшүрдү. Ал эми Поляков суудан сүзүп чыгып, камыштуу жерлер менен куугунтуктоочулардан жашырынып отуруп, акыры Жаңы Некрасовкага аман-эсен келип жетти.

Атууга түзөтүү киргизүү — татаал иш. Аны адатта тажрыйбалуу, тайманбаган радисттин жардамы менен тажрыйбалуу артиллерист-командир жүргүзөт. Сыртка чыгып кетүү менен түзөтүү киргизүүчү посттор биздин флотилияда да кеңири пайдаланылчу, бирок ал күнү душмандын мониторлорунун Дунайда пайда болушу ка-

ныстан болду. Жакын эле жерде мурда үйрөнчүк атууларда аткылоолорго түзөтүү киргизүүгө алда канча катышкан радист бар болуп чыкты. Ал да алдына коюлган тапшырманы ийгиликтүү орундатты. Билгичтик менен жасалган тайманбаган аракеттери үчүн Яков Поляков Кызыл Туу орденине татыктуу болду. Саясий пропаганда бөлүмү ага атайын баракча арнап чыгарды, ошентип, комсомолецтин эрдиги жөнүндө флотилияда бардыгы угушту.

Баракчаны биз байкоо жүргүзүү жана байланыш кызматынын участкасынын начальнигинин орун басары улуу политрук Д. С. Калинин менен бирге жаздык. Биз бири-бирибизди көптөн бери билчүбүз, а мен чынымды айтсам, Дмитрий Семеновичти абдан жактырып калгам. Сөзү ишинен эч ажырым болбогон адам мына ушул эле. Анын сөзүн моокум канганча угасың, анан урушка сени менен катар кирет. Ошентип, өзүң да баатыр болгуң келген учурлар болот деше турган ал жөнүндө. Мага комсомолдук иштер боюнча Калининге бир канча жолу кайрылууга туура келди.— Ал жардам же кеңеш берүүдөн эч качан баш тарткан эмес. Адамдар үчүн ал ар дайым даяр турган. Өз тегерегине жаштарды, комсомолецтерди бириктирүү, алардын ташыган күч-кубатын душманды талкалоого багыттоо кандай маанилүү экендигин ал түшүнгөн. Менин блокнотумда 41-жылдын жолунда жазылган жазуу сакталып калыптыр:

«13.7. Комиссардын орун басары Калинин фашисттердин жырткычтыктары жөнүндө Совинформбюронун билдирүүлөрү боюнча комсомолецтер менен аңгемелешүү жүргүздү. Анын сөздөрү кыжырдануу менен айтылып жатты...

14.7. Кеч. Күзөттөн бош болгон байланышчылар өзөрүнүн саясий кызматкерин тегеректешип, тапталган чөптүн үстүндө отурушат. Дмитрий Семенович Алексей Толстойдун «Правдага» жарыяланган «Биз эмнени коргоп жатабыз» деген макаласын окуп жатат. Анда соци-

ализмдин улуу жеңип алгандары жөнүндө, биздин элдин рухий, правалык негизинин бийиктиги жөнүндө, анын баатырдык өткөндөрү жөнүндө айтылат. Эл бир киши дей болуп өз жерин коргоого аттанат, анткени өз канынан бүткөн мамлекетти, өз колунан курулган социализм дүйнөсүн коргойт. «Бул — менин Родинам,— дейт андан ары сүйүктүү жазуучу макаласында,— менин бир туулган жерим, меңин Ата Мекеним, өмүрдө сени сүйүүдөн артык ысык, тереӊ жана ыйык сезим жок...»

Биз Калинин менен бирге ВЛКСМдин мүчөлүгүнө кабыл алынган байланышчыларга комсомолдук билеттерди тапшырдык. Ал ар биринин колун бекем кыса кармап, ар бири үчүн насаат сөз таап сүйлөп жатты.

Андан көп өткөндөн кийин Анапанын алдында чалгындоо отрядына командачылык кылып жатып капитан Дмитрий Семенович Калинин каза болду. Ага өлгөндөн кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилди. Ал кандайча болгон? 1943-жылдагы 1-майдын түнүндө эки катерге түшүп, биздин чалгынчы моряктар деңизге чыгышты. Жээктен алыстап барышып, катерлер маневр жасашты. Ошентип, аларды эч ким байкабай калганына көздөрү жеткенден кийин белгиленген чекти карай бурулуп кетишти. Отряддын алдына урушуу менен чалгындоо жүргүзүү, душмандын коргонуу районунун атуу системаларын ачык билүү милдети коюлган. Душмандын тылына биринчи болуп Мичман Земцовдун тобу, андан кийин улуу сержант Левинскийдин тобу түштү. Ал эми урушка жетекчилик кыла турган капитан Калинин менен болгон топ түшкөн катер таӊ атаар алдында чөлдүү жээкке келди. Адырда Варваровка кыштагы бар. Биз так ушул жерге ири десантты түшүргөндөй болуп душманды ишендирип, алдоо керек эле. Командованиенин ою мына ушундай болучу. Земцов менен Левинскийдин тобу өздөрүнүн участкаларында душманга каршы салгылаша баштады. Калининдин тобу гитлерчилерге тылдан сокку урду. Душман дүрбөлөңгө

түштү, качан эсине келгенден кийин гана десантчыларды курчап алууга аракеттенип, өз күчтөрүн кайрадан топтоштура баштады. Биздин жоокерлер коргонууда бекем турушту, көп учурларда алар өздөрү да контрчабуулга өтүп турушту. Ал эми Варваровка тарапты көздөй немецтик аскерлер улам көбүрөөк жыла башташты. Душман чынында эле бул жерде советтик ири десант бар экен деп ишенип калган сыяктанды.

Чалгынчылар 23-чабуулдун мизин кайтаргандан кийин бул жерден оңой менен чыгып кете албай тургандыгына түшүнүштү. Демек, акырына чейин салгылашуу керек! Күнү бою согуш болду. Моряктар биринин артынан бири катардан чыгып жатты. Капитан Калининдин тобунан кечке жуук ал өзү гана тирүү калды. Согушка жетекчилик кылып жаткан гитлердик полковник аны кандай гана болбосун тирүү бойдон туткунга алууга буйрук берди.

Автоматчылар аябай жараланган жана кансыраган капитанды көздөй жабалакташты. Капитандын өзү жарган танкага каршы колдонулуучу граната душманга болгон акыркы, акыйкат соттоону аяктады.

Согуштан кийин Берлинде бул урушту жана эрдикти чагылдырган документ табылган. Десантчылар менен согушка катышкан немецтик офицер мындай деген:

«Полктун командири орус офицеринин сөөгүнүн жанына бизди катарга тизди. Анын катарында немецтик ондогон солдаттын өлүгү жаткан.

— Мен орустун деңиз офицеринин жогорку аскердик эрдигин белгилеймин,— деди полковник.— Мына, силерге кандай салгылашуу керек экендиктин мисалы. Душмандын офицеринин эрдиги силерди кайратыңарга келтирет деп ишенемин. Мага берилген укуктан пайдаланып, мен аны баатыр катары, аскердик урмат көрсөтүү менен көмүүгө буйрук беремин».[1]

[1] «Красная звезда», 10-ноябрь, 1964-жыл жана 1-сентябрь 1965-жыл; «Советская Россия», 30-апрель, 1966-жыл.

Гитлердик полковниктин бул кылыгы кең пейилдүүлүктөн, гумандуулуктан улам келип чыкпастан, жалгыз гана өзүнүн тарпы кеткен аскерлеринин сезимин ойготууну каалагандыктан келип чыккандыгы түшүнүктүү.

Мен советтик архивдерден Д. С. Калининди мүнөздөөчү документтерди таптым. Мына, Дмитрий Семенович Дунай флотилиясында кызмат өтөп жүргөндө өзү жазган өмүр баяны. Ал анын партиялык жетилген, эр жүрөк мүнөзүнөн кабар берип турат. Анын башаты жумушчу үй-бүлө, жумушчулук турмуш, жаш чагынан эмгектенүү. «1910-жылы 15-сентябрда Горький областындагы Новое кыштагында туулгам. Койчу болдум, андан соң кулакка малай болуп иштедим. Кожоюндун кемсинтүүсүнө чыдабай качып кеттим. 1925-жылы кеме ремонттоочу заводго келдим. Заводдо кийинтип, бекер тамак, турак жай беришип — адам катарына кошушту. 1926-жылы комсомолго өттүм. Адегенде слесарь-аспапчы, андан кийин рационализатор, ойлоп табуучулар бюросунун начальниги болуп иштедим. 1929—1930-жылдардагы коллективдештирүү учурунда партиянын чакырыгы боюнча айыл-кыштактарда иштеп, ремонттук-механикалык мастерскаяларды уюштурууда жаңы уюшулган колхоздорго жардам көрсөттүм. Партияга 1932-жылы өттүм. Ошол эле жылы флотко чакырылып, кара деңиздик «Профинтерн» крейсеринде кызмат өтөдүм. 1934-жылы командование Ленинграддагы Энгельс атындагы аскердик-саясий окуу жайына жиберди. Окуу жайын бүткөндөн кийин Севастополдогу Кара деңиз аскер-деңиз окуу жайынын көп нускалуу газетасына редактор болуп, андан кийин Дунай аскер флотилиясынын байкоо жүргүзүү жана байланыш кызматынын участкасынын начальнигинин саясий иштер боюнча орун басарлыгына дайындалдым».

Баатырдын тууғандары мага анын майдандан жазган каттарын көрсөтүштү. Биз ал убакта чегинип бараткамбыз, акыркы күчүбүз калганга чейин кармашып

жаткапбыз, бирок жазылган каттарда биздин жеңишке жетишээрибизге кандай гана ишеним айтылбаган, жүрөктө кандай гана туруктуулук бар!

«Эр жүрөк элге командачылык кылам, ошого сыймыктанам,— деп жазган ал аялына. — Эгерде бир нерсе болуп кетсе, билип кой, өзүңө дайым жазып жүргөндөй, оңой эле алдыра койбойм, эң негизгиси — өлө турган болсом, анда согушуп жатып өлөм!»

«...Менин бөлүкчөмдүн жарымы ордендүүлөр, ал эми айрымдарында экиден же үчтөн да бар. Мен азыр аларга партияга өтүүгө жардамдашып жатам. Кечээ эле 11 адам документтерин толуктоо үчүн парткомиссияга барышты. Алардын ичинде дунайлык Каравашкин, Бала, Субботин бар. Менин дунайлыктарым — эр жүрөк эл. Мурдакы атчы жана катардагы солдат азыр минометчулардын батареясына командачылык кылат, сыйланган. Жалпысынан, анын баарынын тең аскердик «чиндери» бар, баары тең тартынбаган, демилгелүү жана эр жүрөк, партияга берилген солдаттар».

Эми, Измаилдин алдындагы окуяларга, байланышчылардын — Калининдин тарбиялануучуларынын иш аракеттерине кайрылып келели. Алар 1941-жылдын жайында өздөрүнүн милдетин ак ниеттүүлүк менен аткарууну уланта беришти.

Байкоо жүргүзүү жана байланыш кызматынын постунун телефончусу комсомолец Георгий Савлучинский өзгөчө айырмаланды. Ал ишке киришкенден көп өтпөй эле душман тараптагы суудан сүзүп чыгуучу жерлерде кайыктардын топтолгондугун байкады. Георгий ал жөнүндө командирге билдирип, байкоо жүргүзүүсүн уланта берди. Душман дарыядан сүзүп өтүүгө даярданып жатты. Анын солдаттары кайыктарга отурушуп биздин жээкти көздөй багыт алышты.

Байкоо жүргүзүү жана байланыш кызматынын посту тарабынан өз учурунда кабардандырылган чек арачылар менен моряктар урушка кирушти. Савлучинский

байкоо жүргүзөр менен душман жөнүндөгү маалыматтарды телефон аркылуу тез эле билдирди. Өтүп келаткандарды көздөй ок ата башташкан жээктеги батареялар ошол маалыматтардан пайдаланышты. Снаряддар кайыктардын жыш топтолгон жерине барып тийип жатты. Сүзүп өтүп келүү аракети оңунан чыкпай калды.

Байкоо жүргүзүү жана байланыш кызматынын постундагы так аткарылган кызмат душмандын дарыядан сүзүп өтүүсүнүн оңунан чыкпай калышынын себептеринин биринен болду. Муну, сыягы душмандын командованиеси да түшүндү окшойт, эми пулемёттук жана артиллериялык аткылоолор түздөн-түз постту көздөй топтоштурула баштады. Октор менен снаряддардын чачырандылары анын имаратын калбыр кылып кирди. Савлучинский пайдаланып жаткан телефон аспабы да иштен чыгып талкаланды. Бирок байланышчы солк эткен жок. Ал ошол эле замат запас аспапты ишке киргизди да маалыматтарды командалык пунктка бере баштады.

Георгий Николаевич Савлучинскийди ошол уруштан кийин партияга мүчөлүккө кандидаттыкка кабыл алышты. Ал арызына: «Мени ВКП(б)нын катарына кабыл алууну өтүнөм. Бул улуу наамды ар-намыстуулук менен алып жүрөм. Биздин Родинанын душманы — германдык фашизм менен — жеңишке жеткенге чейин салгылаша тургандыгыма ишендирем!» — деп жазыптыр.

...Мен ошол жылдардын документтерин, легендарлуу капитан Дмитрий Семенович Калининдин үй-бүлөсү тарабынан сакталып калган каттарды кайра-кайра окуп отуруп, биздин бир тууган, биздин лениндик партия эң сонун жоокерлерди тарбиялаган, деп сыймыктануу менен ойлоймун.

Ал күндөрдүн жагдайы Измаилди кандай гана айла-амал менен болсо да коргоп турууну талап кылган. Кемелерде, бөлүктөрдө жана бөлүкчөлөрдө партиялык жана комсомолдук ачык чогулуштар болду. Согуштук

милдеттер ар бир кызыл флотчуга чейин толук жеткирилди. Командование мониторлор менси бронекатерлерден кемелердин сокку уруучу үч тобун түздү, алар душмандын жээгине жакындап барып артиллериялык жана пулеметтук атуулар менен анын адам күчтөрүн жана техникасын жок кылуулары тийиш.

Бул учурда мен «БКА-304» катери менен Измаилден измаилдик Чатал тумшугуна чейин күзөттө жүргөн «БКА-221» катеринде болчумун. Лейтенант Иван Данилович Шаронов командачылык кылган «БКА-304» катеринен Тулча айрылышынан душмандын сууда сүзүүчү каражаттарынын кыймылын байкап калышты. Командир суунун айрылышына кирүү, душман топтолгон жерге жакындап баруу жөнүндө чечим кабыл алды. Муну түн ичинде, моторду жүргүзбөстөн туруп, билгизбей иштөөгө мүмкүн болду. Кызыл флотчу Владимир Шевцов менен 2-статьядагы старшина Петр Углов буйрукту орундатуу менен катерди жоон аркандуу жагы менен агым боюнча төмөн жиберишти. Катерди кайыктардын топтолгон жерине тушташ кылып чүмбөттөп коюшту.

Командир эртең менен тегеректи дүрбү менен карап отуруп тиги жээкте баржа жана жүзгө жакын кайык тургандыгын белгиледи (анын баарында кийин тагталгандай, жөө аскерлер, ок-дарылар жана курал-жарактар бар экен).

Чечим бирөө — чабуул коюу! Комендорлор Николай Денисов менен Иван Хоменко ок чыгарышты. Кайыктардын калактары, тактайлар асманды көздөй кантип сапырылып калганы дүрбүсүз деле көрүнүп турду.

Атуу каяктан жүрүп жатканын душман аныктай албагыча көптөгөн сүзүү каражаттары жок кылынды. Жарым-жартылай сууга чөккөн кайыктар душмандын өлүктөрү менен агым боюнча төмөн карай агып кетти.

Душмандын десанты ойрон болду. Фашисттер Дунайды кечип өтүүгө дагы сегиз жолу аракет жасашты,

бирок ар бир жолу чоң жоготуулары менен артка чегинип кетип жатты.

Ошол эле күнү душмандын эки монитору биздин кемелерге коркунуч түзмөккө Тулча айрыгынан Дунайга чыгууга аракеттеништи. Одессадан бизге капитан-лейтенант Август Пертович Туулдун командачылыгы астында торпедалык төрт катер жардамга келди. Катерчилерде душмандын мониторлоруна сокку урууга буйрук бар эле. «Алардын артиллериясынын жаактарын жап кылгылачы!» — деди кыжырдануу менен катерди узатып келген штабдын офицери.

Торпедалык катерлерде тажрыйбалуу командир бар эле. Алардын ичинде кийин Советтер Союзунун Баатырлары болушкан Алексей Федотович Африканов менен Дмитрий Степанович Корымов бар. Алар кемелерди так багыт боюнча алып баратышты. Түндүн бир оокумунда Дунайдын куймасына кирешти. Доошту басаңдатыш үчүн бирден моторду өчүрүп салышты.

Ошондой болсо да душман торпедалык катерлерди байкап калды. Анын чыңдалган району болгон Периправа залптан улам дүңгүрөй түштү. Кантүү керек? Чечкиндүүлүк жана тайманбастык гана мындан куткарышы мүмкүн. Катерлер толук жүрүштөрү менен алга карай жөнөштү да душмандын батареяларынын аткылоолорун жарып өттү.

Абада кызыл жылдыздуу эки истребитель пайда болду. Алар душмандын мониторлорун аткылашып, аларга бирден бомба ташташты. Мониторлор Тулча айрыгына жашырынууга аргасыз болушту.

Дунайдын төмөн жагындагы көлдүү-саздак булуңда гитлерчилер калың өскөн камыштын далдаасына минометторду кайыктарга жана катар тизилген карагайлардын үстүнө көбүрөөк коюша турган болушту. Алар биздин кемелерге көрүнбөй жакындап келишип, аларды көздөй бир нече залп менен атышып анан токтоосуз түрдө турган жайларын алмаштырып кетишет. Маневрлен-

ген минометтуу жабдуулар менен күрөшүү кыйыныраак болду.

— Кана комсомолецтер, муну колго алгылачы,— деди мага флотилиянын командачысы.

Жылып жүрүүчү минометтуу жабдууларды кыйратуучу атайын топ түзүү жөнүндө чечим болду. Бул топту түзүүдө комсомолдук уюмдар командирлерге жардам беришти. Ага эң тартынбаган жана чечкиндүү адамдарды кошушту. Бул ишке секретары Иосиф Церковный болгон глиссерлер[1] отрядынын комсомолдук уюму активдүү катышты.

Биздин жоокерлер глиссерлерге түшүп (моторлорун жүргүзбөстөн, калак менен айдашып) камышты аралап кетишти. Алар дыкаттык менен жашырынып алышты да, минометтор коюлган душмандын кайыктарын байкап таап, аларды пулемет менен аткылап жок кылышты. Глиссерлер буктурмадан моторлорду толук иштетүү менен чыгып кетишти.

Бронекатерлердеги кыйратуучулардын тобун жогоруда окурмандарга тааныш болуп калган 2-статьядагы старшина Петр Кудрицкий жетекчилик кылган, жакшы куралданган бул топ кайыктарга түшүп, өздөрү сүзүп кетүүчү жерге жетип алышты. Алар күндүз душмандын иш-аракеттерине байкоо жүргүзүп, түн ичинде дабыш чыгарбастан алардын жылып жүрүүчү минометторуна жакын келишип, аны жок кылышты.

Ал күндөрдө кемелерде, бөлүктөрдө жана бөлүкчөлөрдө партиялык-саясий иштер зор кулач жаюу менен жүргүзүлдү. Биздин бардык күч-аракетибиз флотилиянын моряктарынын алдында турган милдеттерди орундатууга, майданда жана тылда түзүлгөн жагдайларды түшүндүрүүгө багытталган. Командирлер жана саясий кызматкерлер, коммунисттер жана комсомолецтер чек арадагы салгылашууларда топтолгон согуштук тажрый-

[1] Бат жүрүүчү мотордуу кеме.

баларды пропагандалоо жөнүндө кам көрүшкөн, ар бир айырмаланган адамдын ысмын, ар бир эрдикти белгилеп көрсөтүшкөн.

Тарбиялоо иштери уюштуруу, согуштук мастерликти өркүндөтүү менен бекемделген. Мен бронекатерлердин дивизионунда бат-бат болуп турчумун, ошондуктан анда жүргүзүлгөн иштердин айрым мисалын келтирейин. Бардык иштин баштоочусу командирдин саясий иштер боюнча орун басары батальондук комиссар Григорий Федорович Войтенко боло турган. Ал кеме техникасын жана анын курал-жабдыктарын так билүүчү, ошондуктан өздүк составдын алдында анын кадыр-баркы жогору эле.

Душмандын десантынын мизин кайтаруу үчүн болгон даярданууда бронекатерлерге көп сандагы кол пулеметтору берилген. Айрым моряктар аларды биринчи жолу көрүштү. Комсомолдук чогулуштарда ВЛКСМдин бардык мүчөлөрүнө — моторчуларга, радисттерге, рулдагыларга пулеметту үйрөнө билип жана зарыл болгон учурда согуштук расчетторду толуктоо керектиги жөнүндө чечим кабыл алынды. Мындай бир окуя эсимде, бадалдардын түбүндөгү чөптүн үстүнө плащ-палатка жайылып коюлган. Анын үстүндө ажыратылган пулемет жатат. Батальондун комиссарын тегеректеп — кызыл флотчулар жана старшиналар турушат. Ал буга чейин бир нече сааттар бою пулемет менен алышып, аны үйрөнүп чыккан, эми минтип ал үйрөнгөндөрүн өздүк составга тааныштырып жатат.

— Эмне деген машина экенин көрсөтөйүн, каалайсыңбы? — деп сурады менден Григорий Федорович.

Чарчап турганына карабай ал пулеметту кайра ажыратып, кайра чогултуп кирди. Ал муну мен үчүн эмес, албетте, мобу жоокерлер үчүн, согушта алар күчтүү, мыкты даярдыктуу болгулары келген жоокерлер үчүн иштеди.

Айтмакчы, анын кеңеши боюнча мындай үйрөнүү

шинин комсомолдук активисттер бөлүкчөлөр боюнча да өткөрө башташты. «Комсомолец, сенин ар-намысыңдын иши — автоматтык куралдарды ийне-жибине чейин үйрөнө билүү!» — деген ураан пайда болду. Эгерде бронекатерлердин дивизионунун базасында мына ушул темада кемелик комсомол уюмдарынын секретарларынын семинарын өткөрсө эмне болот? Анткени, автоматтык куралдар эң жогорку устаттыкты талап кылат эмеспи.

Ойдогу иш — орундалды. Бул жолку семинар согуш алдында өтүлгөндөргө эч бир окшошкон жок: докладсыз, инструкторлордун акыл-насаатысыз эле өттү. Бизге салгылашуулардын айрым баатырлары, чабуулдарда, душмандын бекемделген жайларын штурмалоодо, аткылоолордун алдында чеберчилик менен маневр жасоодо жаңы куралдарды жакшы пайдаланышкан жана аны мыкты өздөштүргөндөр да келишти. Плащ-палаткада пулеметтор, автоматтар... Командирлер, анын ичинде старшиналык наамдагылар да алардын тактика-техникалык маалыматтарын билдиришип, куралды урунуунун жана аны тута билүүнүн эрежелерин түшүндүрүшүп, эгер бузулуп калса, тигил же бул кыйын жагдайларда кандай иштөө керектиги жөнүндө кеңеш беришти.

— Суроо барбы? — деп сурады семинарга жетекчилик кылган батальондун комиссары Войтенко.— Жокпу? Анда куралдын жанына келгиле, силердин даярдыгыңарды көрөлү.

Комсомолдук секретарлар талабы күчтүү, бирок өзүлөрүнө пайдалуу бул сыноодон өтүштү. Ал эми согуш оту кайрадан тутана баштаганда биз мындай семинарлын керек экенин жакшы түшүндүк...

## ДУШМАН ЖОЛУН БӨГӨГӨН ОКТУ АРАЛАП

Биздин аскерлер түштүктө курчуган коргонуу согушун жүргүзүүнү улантып жатышты. Биз өз ара биргелешип душманга сокку берип келген 14-аткычтар корпу-

суна түздөн-түз коркунуч туулду. Эми ал майдандын башка бөлүктөрүнөн бөлүнүп калышы мүмкүн. Корпустун аргасыздан Одессаны карай кете башташына байланыштуу флотилиянын кемелери барыдан мурда душмандын чыңдалган району болгон Периправа аркылуу жарып өтүүлөрү тийиш эле. Ошондой эле флотилиянын тылын көчүрүү маселеси да келип чыкты.

Кемелердин Дунай менен төмөн карай кеткен тынымсыз кыймылын душман байкабай койгон жок. Душман согуштук активдүү аракеттерди жасай баштады, өзгөчө Периправа кыштагы тарапка Вилково шаарын басып алуу үчүн душман десант даярдап жаткандыгы көп өтпөй эле биздин чалгынчыларга белгилүү болуп калды. Флотилиянын командачысы 17-июлға караган түнү «Железняков» монитору менен деңиз жөө аскерлеринин 7-ротасын Вилково районуна өткөрүп жиберүү боюнча чечим кабыл алды.

— Ротада комсомолецтер басымдуулук кылат,— деди бригадалык комиссар.— Сиз, жолдош Жуков, алар менен бирге болушуңуз керек. Душмандын десантынын мизин кайтаруу үчүн адамдарды даярдоодо ротанын командованиесине жардам бериңиз.

Деңиз жөө аскерлерин монитордун бортуна түшүрүү уюшкандыкта өттү. Кеме Измаилдан Вилкового өтө берген жерде биз комсомолдук ачык чогулуш өткөрдүк. Күн тартиби адаттагыдан башкача: «Сен канча душманды жок кылганыңды айт, а биз мекениңди сен кандай сүйө тургандыгыңды айтабыз»,— деп коюлган. Ооба, патриотизм жөнүндөгү маселе кырк биринчи жылдын жайында өзгөчө курч коюлуп турган. Айтмакчы, күн тартибинин маселесин тандоодо биз өзгөчөлөнгөн деле жокпуз. Мындай чогулуштар батыш майдандын бөлүктөрүндө өткөрүлгөн, ал жөнүндө «Красная звезда» газетасында жарыяланган.

Роталык чогулуштагы сөздөр ачык-айкын, иштиктүү мүнөзгө ээ болду. Комсомолецтер душмандын десанты-

нын мизин кайтарууда үлгү көрсөтүүгө милдеттенме алышты.

«Железняков» түн ичинде белгиленген жерге келип токтоду. Дециз жоокерлери тез эле жерге түшүштү да жээктеги окопторду ээлешти. Биз ротанын командири улуу лейтенант М. С. Козельбашев жана анын саясий иштер боюнча орун басары политрук В. А. Фелкин менен бирге ротанын жайгашкан жайын текшердик, ок-дарылардын запасын жеткирүүнү уюштурдук, телефон байланышын камсыз кылдык.

17-июлда таң атары менен «Мартынов», «Жемчужин» мониторлору, бронекатерлердин отряды, № 7 (Вилководон) жана № 717 (Жебриянычдан) жээктик батареялар Периправаны көздөй кубаттуу артиллериялык аткылоону баштагшты. Артиллеристтерди Одессанын жанынан учуп чыккан учкучтар колдошту. Алар душмандын батареяларына, анын чыңдалган жерлерине жана сүзүп өтүүчү каражаттарына бомба таштоо менен сокку урушту. Душман ошентип, Дунайдын сол жээгине десант түшүрүүгө батына албай калды.

Флотилиянын кемелери менен бөлүктөрүн Одессага кайра которуу жөнүндөгү Кара дециз флотунун командачысынын буйругу бизге күндүз жетти. Биз рейддин жетекчиси «Мартынов» мониторунун командири капитан-лейтенант Л. С. Шик менен бирге Дунайдын куймасында турган согуш кемелерин жана башка жардамчы кемелерди кыдырып чыктык. Моряктар флоттун командачысынын буйругун убайым көз караш менен угуп турушту. «Биз сага дагы кайтып келебиз, Дунай!» — дешти алар.

Мен кемелерден саясий кызматкерлер, партиялык жана комсомолдук уюмдардын секретарларына жолуктум. Аңгемелешүүлөр иштиктүү болду. Биз кыскача чогулуштар, жекече үлгүлөр, өздүк составды кантип бөлөк баш коштуруу керектиги жөнүндө, апкаарып ка-

луугa, биздин жеңишке ишенүүгө олку-солку болууга жол бербөө жөнүндө сүйлөштүк.

Кемелердин экипаждары туруктуулукту жана моралдык бекемдикти көрсөтүшкөндүгүн айтууга тийишмин. Ошол күндөрдө кызыл флотчулардан жана старшиналардан партиянын жана комсомолдун катарына кабыл алууну өтүнгөн жүздөн ашык арыз түштү.

Кемелердин Одессага өтүшү, артиллериялык жана аткычтар бөлүктөрүн жаңы базаларга жайгаштыруу, ошондой эле флотилиянын тылын көчүрүү иштери уюшкан түрдө өттү. 18-июлдун түнүндө Дунай куймасынан жардамчы кемелер — штабдык «Буг» кемеси, мина төшөгүч «Колхозник», бронекатерлердин дивизионунун сүзүп жүрүүчү мастерскаясы менен базасы, техника, согуштук запастар, күйүүчү майлар, кийим-кечелер, азыктүлүктөр жүктөлгөн сүйрөгүч пароходдор баржалары менен чыгып кетишти. Деңизде бул кемелер Кара деңиз флотунун согуш күчтөрү менен ишенимдүү корголгон.

Сатул-Ноу жарым аралындагы, Даллер, Татару аралдарындагы, Пардино кыштагындагы аткычтар бөлүктөрү Дунайдын сол жээгине чыгарылды. Муну 3-рангадагы капитан К. М. Балакирев башкарган кемелердин тобу аткарды. Бардык аткычтар бөлүктөрү, ошондой эле флотилиянын артиллериялык батареялары 2-рангадагы капитан И. А. Фроликовдун командачылыгы астындагы топко бириктирилген болучу. Бул топ Аккерманды, Одессаны көздөй бараткан. Рениден Болград аркылуу 14-аткычтар корпусунун бөлүктөрү менен бирге 17-пулеметтук рота жана № 724-жээктик батарея да жөнөп кетишти.[1]

Мына, согуштук кемелерге акыркы бөлүкчөлөр — деңиз жөө аскерлеринин 7-ротасы жана Вилково район-

---

[1] Айтылган бөлүкчөлөр да 2-рангадагы капитан Фроликовдун тобуна кирген аткычтар бөлүктөрү менен артиллериялык батареялар сыяктуу эле эч жоготуусуз Одессага жөнөп кетишти.— *Автордун эскертүүсү.*

нунда коргоо милдетин аткарып турган № 7 батарея өттү.

Эң кыйыны — душмандын чыңдалган району болгон Периправанын жанынан жарып өтүү. Бортунда флотилиянын командованиеси жана штабдын оперативдүү тобу бар «Ударный» монитору бронекатерлердин узатуусу менен түн ичинде билинбей өтүп кетти. Монитор Очаков булуңуна калкаланып калды. Ал эми «Железняков», «Ростовцев» мониторлору менен бронекатерлердин отряды салгылашып, жарып өтүүгө туура келди.

Бул кемелердин моряктары алардын үлүшүнө түшкөн оор сыноодо массалык баатырдыкты көрсөтүштү, бронекатерлер соккуну өздөрүнө кабыл алышып, душмандын жээгинде маневр жасап, аларды көздөй артиллериялык жана пулеметтук атууларды жасап, түтүн пардаларын коюшту.

Душмандын артиллериясы «БКА-132» катерин атылай баштады. Снаряддар бирде алдына, бирде артына түшүп, алардын жарылышынан улам катер аябай чайкалып баратты. Лейтенант Майоров билгичтик менен маневр жасап, түз тийүүдөн буйтоодо. Бул иште ага рулду тейлеген 2-статьядагы старшина Федор Шербаха жардам берди.

Кулак тундурган жарылуу болуп, рулчуну ысык аба келип урду. Снаряд бронялуу бөлмөчөнү тешип кирип, анын ичине жарылды. Федор Шербаха оор жарадар болду. Чыдагыс оорудан ал ийиле түштү, бирок ал штурвалды колунан чыгарган жок. Ал кемени мурдагыдай эле белгиленген багытта кармап баратты.

Канга баткан Федор Шербаха алдан тая баштады. А душман болсо жакын, аны талкалоо керек. Ошентип, моряк өзүнүн аскердик ордун таштаган жок. Кемелер душмандын батареяларынын жанынан өтүп, атышуулардын үнү басылгандан кийин гана рулчу Шербаха алсыраган үнү менен командирге:

— Мен жарадармын... деп билдирди.

Рулчу палубага кулап кетти.

Федорду согушта бирге жүргөн достору Филипп Гузий, Никифор Музыченко, Николай Лукашин, Тимофей Повстяной аяр көтөрүп алышты. Ал бир пас акыл-эсине келе түштү. Душманды бир канча жолу бирге талкалашкан жолдошторунун жүздөрүнө бир сыйра карап алды.

— Эч нерсе эмес, эч нерсе эмес. Мени тек койгулачы, достор, деп угулаар-угулмаксан күбүрөдү ал.— Өзүңөрдүн ордуңарга баргылачы. Силерге жакында дагы урушууга туура келет. Душманга ырайым кылбагыла...

Федор Шербаха досторунун колунда үзүлдү.

Активдүү комсомолец жана патриот Федор Федорович Шербаха баатырдык менен курман болордон мурдараак эле партияга кабыл алынган. Ага 25-июнда катерде партиялык билет тапшырылган. Федор билетти алып жатып кеменин бүткүл өздүк составынын алдында жеңиш үчүн күчүн да, өмүрүн да аябай тургандыгын билдирген. Ошентип, ал эң акыркы деми чыкканга чейин партиялык антка берилген боюнча кала берди.

Флоттук акын Павел Панченко Федор Шербахага чын жүрөктөн чыккан ырын арнаган, аны биз кийин «Чалкаят деңиз кеңири» деген ырдын обонуна салып ырдап жүрдүк.

Согуш жаалы деңизден деңизге өтүп,
Айбаттуурак тогузунчу валдан да.
Чабуулга далай чыккан старшина,
Турган далай дал ушул штурвалда.

— Шербаха, коркпо, октон да,
Кармагын бекем рулду,—
деп шык берип өзүнө,—
Көңүлү жолго бурулду.

Бек туруп айткан сөзүнө
Куткарып кетти катерин
Көгөргөн Дунай суусунан.

Бүркүт да коргойт бозумун.
Ушинтип октон жалтанбай,
Көөдөнүн тоскон бул кыраан.

Бирок өлбөйт, Щербаха...
Согуш сүрдүү тогузунчу валдан да.
Жеңди өлүмдү рулчу старшина,
Дайым турат даңкталып штурвалда.

Щербаха курман болду, бирок анын эрдиги, анын ысмы моряктардын эсинде ыйык туудай сакталып, жаңы эрдиктерге шыктандырды.

Перипровадагы чыңдалган районду жарып өтүүдө «БКА»-113» катеринин экипажы да эрдикти көрсөттү. Иш мындайча болду. Катердин тумшук жагына душмандын килейген снаряды келип тийди. Рулдук башкаруу, суунун шилеп туруучу вал иштен чыкты, жарылуу толкунунан түп жаккы тулку өйдө карай ийиле түштү. Өрт чыкты. Катер күйүп жаткан факел сыяктанды. Суунун агымы аны душман тынымсыз аткылап жаткан жээкти көздөй алып баратты.

Тынчтык күндөрдүн турмуш шартында мындай учурда эч нерсе иштей албаса керек. Бирок, согуш жүрүп жатпайбы. Каармандык болуп көрбөгөндөй күчтөрдү жаратты. Өздүк состав эч мүмкүн болбой тургандай көрүнгөн иштерди жасады. Алар өрттү өчүрүшүп, рулдук башкаруусун жоготуп койгон кемени өзүбүздүн жээкке жеткиришти. Өздүк состав катерди таштап кетсин! — деген буйрук берилди. Радист (ал дивизиондун партиялык уюмунун секретары да болучу) Иван Антонович Абиночко документтер салынган ящикти көтөрүп, эң акырында жогорку палубага чыга келди. Ошол учурда ага жакын эле жерден снаряд жарылды. Катерде кайрадан өрт башталды, жарылуу толкуну Абиночкону борттон алыс ыргытыптыр, бирок ал, бактыга жараша аман-эсен калыптыр. Бронекатерлердин отрядынын командиринин орун басары Александр Павлович Жеребцов жээктен күйүп жаткан катерди көздөй чуркады. Ал документтер салынган ящикти өрттөн куткарып алып

калды. Ал эми бир мүнөттөн кийин катерге дагы эки снаряд келип тийди, ошентип ал күйүп кетти.

Бронекатерлер менен аңчы-катер Кара деңизге биринчи болуп чыгышты. Алардын артынан глиссерлер, гидрографиялык кемелер, тральщиктер, порттук жана штабдык катерлер кетип баратышат. Андан кийин мониторлор жана башка кемелер чыгышты. Жебрияновский рейдинде алар токтоп турушат. Ушул эле жерде «Красная Абхазия» кононердик[1] кайыгы да бар. Аны менен № 717 батареянын замбиректерин жээктен ташып келишет.

Кечке жуук кемелер якорлорун көтөрүштү да, Одессага багыт алышты. Деңиз бизди толкун кубалаган күчтүү шамалы менен тосуп алды.

Мен «Мартыновдун» басып жүрүүчү жайында туруп, караңгылыкты карап турам. Монитордун командири капитан-лейтенант Л. С. Шик так команда берип жатат.

— Рулду «Ударныйдын» жүрүп кеткен изи боюнча карма!

— Жарайт, руль монитор «Ударныйдын» жүрүп кеткен изи боюнча кармалат! — деп кайталайт рулчу комсомолец Алексей Тришкин.

— Люктар жана эшиктер көтөрүлүп жабылсын, өздүк состав палубага чыкпасын!

Вахта командири улуу лейтенант Василий Семенович Попов айтылган команданы кеменин радиосу аркылуу кайталап уктуруп жатат.

Жээктен канчалык арылаган сайын толкун ошончолук арбып баратат. Монитордун тумшугу бирде толкундун үстүнө көтөрүлсө, бирде суу алдына кире түшөт. Басып-турган жайга суунун бүркүндүсү чачырап турат. Менин кара көгүш нооту кителим суу болуп кетти, суу өтүгүмдү көздөй ага баштады.

— Никита Яковлевич,— деди командир комиссардын

---

[1] Бир нече замбирек менен жабдылган кичирээк кеме.

орун басарына кайрылып,— аскердик жайларды кыдырып, моряктар менен сүйлөшүп, алардын көңүлдөрүн көтөрүп чыгыңызчы.

Никита Яковлевич Шкляр — тажрыйбалуу саясий кызматкер, флотилиянын саясий пропаганда бөлүмүнүн алдындагы партиялык комиссиянын мүчөсү. Биз ал экөөбүз кемени кыдырып баратабыз.

Кеменин командасы үчүн арналган бөлмөлөрдө жана далистерде кемеге Вилководон кабыл алынган жөө аскерлер тизилип, жайма-жай жатышат. Алар катуу чайпалууларга карабастан өздөрүн токтоо кармашууда, көбү уктап жатат.

Машина бөлүмүндө кыймылдаткыч бир калыпта дүрүлдөп иштеп турат. Машинисттер кеменин белгиленген жүрүшүн так камсыз кылышууда. Электромеханикалык бөлүктүн командири улуу инженер-лейтенант Григорий Григорьевич Стариков карамагындагыларды так башкарууда. Өз кесибин эң сонун билген кабар берүүчүлөр, радисттер, артиллеристтер, пулеметчулар согуштук орундарында ишти сергек жана ирети менен аткарып турушат. Мындагы эң башкы нерсе — адамдар чөгүңкү тартпастан, бирин бири колдоп турушкандыгында. Мен аргасыздан мындай ойго баттым, экипаж — чынында эле кеменин тагдыры да, бүтүндөй экипаждын өмүрү да ар бир адамга байланыштуу болгон бир үй-бүлө.

Жолдон биз Шклярдын бөлмөсүнө кирип чыктык. Бөлмө кичинекей. Анда азыр деңиз жөө аскерлеринин 7-ротасынын командири Козельбашев жана анын саясий иштер боюнча орун басары Феклин катуу уктап жатышыптыр. Уктап жаткандарды ойготуп албас үчүн аярдык менен басып кеменин сыртына чыктык. Бул жерде жеңил дем аласың, балыр менен шыбак жыттанат — көрүнбөгөн жээк анча алыс эмес.

Шамал күчөп, түн караңгы тартты.

— Кабар берүүчүлөр! Байкоо жүргүзүүнү күчөткүлө! — деп команда берди капитан-лейтенант Шик.

Түн уч-кыйырсыз узак болуп кеткенсиди.

— Оң капталда, багыты боюнча кырк бешинчи кеңдикте, суу үстүндө кеме көрүндү! — деп билдирди кабар берүүчүлөрдүн командири Владимир Мовша.

Караңгыга үңүлө тигилип «ИП-23» сүйрөгүчүн көрдүм. Биздин дунайлык бул мээнеткечибиз ок-дарыларды жана азык-түлүктөрдү ташып келүү менен майдандын далай ишине жараган. Азыр ал жардамчы кемелерден калып калып, деңиз кырсыгы менен алышып жатыптыр.

Таңдын атышын чыдамсыздык менен күттүк. Акырында асман да агара баштады. Бизден алысыраак оң жактан «Бодрый» жана «Шаумян» эсминецтерин, «Красная Грузия» тибиндеги канонердик кайыктарды, тральщиктерди байкадык. Бул кара деңизчилер бизди Сулина жана Констанца тараптан коркунуч туудура турган душмандын кемелеринен коргоп турушат.

Күн чыкты, бирок ал аба ырайына эч өзгөрүү алып келген жок. Шамал басылбады. Толкундар мурдагысындай эле бизди чайкалтып жатат. Кеме тынымсыз чайпалып кычыроодо.

— Машина бөлүмүнө суу келип жатат! — деп кабарлашты.

Шкляр, мен болуп трап менен машина бөлүмүнө шашыла жөнөдүк. Бул жерде авариялык топ иштеп жатыптыр. Кеменин тулкусундагы жаракаларды бүтөгүлөшүп, бөрктүү кадоолору түшүп калган тешиктерге тыгын тыгып, сууну сордуруп чыгарышууда.

Трюмчулар менен моторчулар, электрчилер менен машиначылар кемени сактап калуу үчүн күрөшкөн машыгуу учурундагыдай эриш-аркак, кайраттуулук (кадыресе иштей деп айтаар элем) менен иштеп жатышты. Башка иш түшкөндө жасалган иш кымбат турат деген сөз ырас окшобойбу.

Эртең мененки саат алтыга жакын басып жүрүүчү жайдан самолетту байкап калышты. Ал биздин тез учуучу бомбардировщик эле, Одесса тарапка учуп баратат.

Борттун сол жагынан жээк көрүнөт. Артта — Днестр булуңу. Одесса булуңуна чейин 23 милче[1] аралык калды. Аба ырайы анча деле өзгөргөн жок, бирок толкундар пастай баштады. Биз үч сааттан кийин Одессада болдук.

«Мартынов» монитору 20-июлда портко кирип Карантин аялдамасына ыктай токтоду. Ошол күнү эртең менен Одессага биздин флотилиянын жүздөн ашык кемеси жана жардамчы кемелери келди. Дунай боюндагы чек араны коргоо эпопеясы мына ушундайча аяктады.

Мен трап менен төмөн түштүм да, ушул эле жерге токтогон «Ударныйды» көздөй бастым. Анын жанына жүрүштөн келген моряктар чогулушту. Чарчап-чаалыккан, шөмтүрөп суу болушкан, көздөрүнөн кыжырдануу оту кайнаган моряктар:

— Кечир, Дунай! Бирок, биз жээгиңе кайтып келебиз, биз фашисттик акмактарды талкалайбыз! — дешип, кыйкырып айтып жатышты.

Монитордон флотилиянын командачысы түшүп келди. Ал аянтка бүт кемелердин өкүлдөрү келгиче токтоп турду, анан Жогорку Командованиенин тапшыруусу боюнча Аскер-Деңиз Флотунун эл комиссары адмирал Н. Г. Кузнецов жиберген телеграмманы окуп берди. Анда:

«Дунайлык согуш флотилиясы алдына коюлган тапшырманы толук орундатып, согуш иштеринин эң сонун үлгүсүн көрсөтүп, кайраттуу жана чечкиндүү аракеттенди. Даңктуу дунайлыктар душманды Дунайда кандай талкалаган болсо, мындан ары да ошондой эле талкалашаарына ишенем! — деп айтылган болучу.

[1] Деңиз аралыгы. 1 милде 1825 метр бар.

## ӨЛҮМГӨ БАШ БАЙЛАП САЛГЫЛАШАБЫЗ!

### ТҮШТҮК БУГДА

Одесса...

Ырга толуп, куйкум сөздүн учкундары чачыраган, күнөстүү бул шаар кимдерге гана жакпайт? Биринчи жолу Измаилге, Дунай флотилиясына бара жатып бир күн кечке анын каштан дарактуу көчөлөрүн кыдырып, атактуу Потемкин тепкичине барып токтогонум эсимде. Көңүлүм ачык, жайдары элем.

Мына, эми биз башка Одессаны — тынчтык күндөрдүн бейкуттугун сыйрып таштап, коргонуунун чектерин каармандык менен куруп жаткан, душманга багынып бербешке толук ынанган Одессаны көрдүк.

Одесса... Өзүбүздүн Одесса... Сенин коргоочуларыңдын катарына биз бүгүн дунайлык жээктеги батареялардын уруштарда сыналган командаларын өткөрүп беребиз. Бир аз убакыт өтөт, анан сен биздин колдоону кайрадан сезесиң — флотилиянын кургак жердеги бардык бөлүктөрү тендра согуштук участкасынын составына келип кирет. Алар менен кошо биздин кемелер да салгылашат. Эми биздин алдыбызда башка жолдор, багыттар. Кара деңиз флотунун командачысынын буйругу менен Дунай флотилиясы 22-июлда Николаевге, Түштүк Бугдун сууларына сүзүп өтөт.

Одессада экенибизде эле бизге «Жумушчу дыйкан Кызыл армиясында саясий пропаганда органдарын кайра уюштуруу жана аскердик комиссарлардын кызматын киргизүү жөнүндө СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1941-жылдын 16-июлдагы Указы келген болучу. Бул Указ Аскер-Деңиз флотуна да таратылган. Саясий органдар жана комиссарлар командирлер менен бирдикте армия менен флоттун күч-кубатын бардык чаралар менен чыңдоолору, аскерлердин турмушунун жана согуштук иштеринин бардык жактарына ар күнкү

партиялык таасирди камсыз кылуулары, өздүк составды партияны жана анын Борбордук Комитетинин айланасына тыгыз баш коштуруулары тийиш болучу.

Флотилиянын Военкому болуп бригадалык комиссар П. В. Беленков, саясий бөлүмдүн начальниги болуп полктук комиссар С. И. Дворяненко дайындалды.

Одессада флотилиянын партиялык активинин чогулушу болуп өттү, анда СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указынан келип чыккан милдеттер талкууланды. Чогулуштун катышуучулары согуштун биринчи айындагы партиялык-саясий иштердин тажрыйбасын жалпылашты. Мен чыгып сүйлөп, комсомолду партиялык жетекчиликке алууга арналган партиялык активдин чогулушун жакынкы мезгилде өткөрүүнү сунуш кылдым. Бул боюнча мени көбү колдошту, анын ичинде саясий бөлүмдүн начальниги да бар эле. Флотилиянын военкому Акер-Дециз флотунун Башкы саясий башкармасынын начальнигинен флотилиянын командованиесинин адресине келген телеграмманы окуп берди.

«Мен,— деп жазат 2-рангадагы армиялык комиссар И. В. Рогов,— сиздердин тайманбаган баатыр кызыл флотчуларга, эр жүрөк командирлер менен саясий кызматкерлерге суктанам... Сиздердин адамдар душман менен күрөшүүнүн эң сонун барактарын жазышты. Жоокерлерге, командирлерге жана саясий кызматкерлерге большевиктик саламымды билдирип жана согуштук эң сонун иштери менен куттуктап коюңуз... Саясий кызматкерлер, а демек, саясий бөлүм бүт бойдон флотилиянын согуштук иштерин камсыз кылуунун үстүндө большевиктерче иштешти. Алдыда али көптөгөн оор иштер турат... Душман менен болгон күрөштө жаңы согуштук ийгиликтердиң каалаймын!»[1]

Акер-Дециз флотунун эл комиссары жана Башкы саясий башкарманын начальниги тарабынан Дунай фло-

[1] ЦВМА, ед. хр. 34, л. 66.

тилиясынын согуштук иштерине берилген бааны биз өздүк составдагылардын ар бирине жеткирдик. Бул баа зор шыктануу менен кабыл алынды.

Дунайдагы уруштардан жана деңиз аркылуу оор жол жүрүүдөн кийин дарыя кемелери шашылыш ремонтту керектеди. Аны 3-рангадагы инженер-капитан Николай Алексеевич Мунаев жетектеди. Кеме куруу заводдорунун жумушчулары, инженерлери жана техниктери майдандык тапшырмаларды орундатууну жигердүүлүк менен колго алышты. Ремонт иштери жогорку сапатта аткарылды. Жумушчулар менен бирге моряктар да эмгектеништи. «Железняков» монитору, «МО-127» катери, бронекатерлер, тральщиктер, глиссерлер жыгач иштеринин ремонтунан өттү, «Ударный» мониторунда замбиректер алмаштырылды. Кемелерди ремонттоо күнтүнү менен жүргүзүлдү, он күндүн ичинде бүт катарга коюлуп, кайрадан согушка даяр болду.

Биз июль күндөрүнүн биринде «Жемчужин» жана «Ростовцев» мониторлорун жүрүшкө узаттык. Алар Днепрди өрдөп Киев районун көздөй жол тартты, ал жактан Пинск согуштук флотилиясынын составына кирди.

Комсомол уюмдарына партиялык жетекчилик жонүндөгү маселе талкууланган партиялык активдин чогулушу биз, комсомолдук кызматкерлер үчүн чоң окуу болду. Чогулушту даярдоого жана өткөрүүгө саясий бөлүмдүн бардык кызматкерлери катышты. Топтолгон тажрыйбалар жалпыланды, жаш жоокерлерди тарбиялоону мындан ары жакшыртуу боюнча чаралар аныкталды.

Саясий бөлүмдүн начальнигинин докладында жаштар менен иш алып баруу ишинде майда-барат эч нерсе жок экендиги баса көрсөтүлдү. Мында бардыгы тең моряктарды душмандын кемелери, танктары самолеттору, жөө аскерлери менен салгылашууга кандайча үйрөтүү керектиги, патриотизм сезимине, фашисттик бас-

кынчыларга карата жек көрүү сезимине кандайча тарбиялоо керектиги, уруштан кийин тамактанууну жана эс алууну кандайча уюштуруу керектиги сыяктуу эле баары тең маанилүү. Ошондуктан командирлерге, саясий кызматкерлерге, коммунисттерге жаштар менен тыкай байланышта болуулары, анын көңүлдөгүсүн жана суроосун таба билүү өзгөчө зарыл.

Партиялык жетекчиликтин деңгээлин жогорулатуу комсомол уюмдарында партиялык өзөктү мындан ары чыңдоону талап кыла тургандыгы жөнүндө да айтылды. Биз эсептеп көрсөк, согуштун өткөн айында комсомолдук топтун уюштуруучусу, жаштар арасында агитатор, күжүрмөн баракчалардын редактору болуп иштеген коммунисттердин саны эки эсе арбыптыр. Бардык кемелердеги жана бөлүктөрдөгү баштапкы комсомол уюмдарынын секретарлары коммунисттер болучу, анын үстүнө алардын ичинен 70 проценти партиялык бюронун составында эле.

Партактивдин чогулушунда комсомолдук бюронун секретарлары менен мүчөлөрүнүн иш стилдерин өркүндөтүүнүн зарылчылыгы жөнүндөгү ой айтылды, биз аны дароо эле колго алдык. Согуштук кырдаалда комсомолецтердин баарын чогултууга мүмкүндүк болбогон учурда жетекчи активдердин ВЛКСМдин мүчөлөрү менен жекече байланышуулары биринчи планга чыгат. Биз адамдардын көңүлүндөгүлөрдү, алардын муктаждыктарын жакшыраак билүүгө, комсомолецтердин демилгелерин активдүүрөөк колдоого алууга аракеттендик.

Уруштун биринчи айы, бул жөнүндө партактивдин чогулушунда көрсөтүлгөн, флотилиянын моряктары согуштук курал-жарактардын бардык түрлөрүн пайдаланууу менен сууда гана эмес, кургакта да кармаша билүүлөрү тийиш экендиги бизди ойлонтту. Бөлүктөр менен бөлүкчөлөрдүн комсомол уюмдары жоокерлерди талаа шарттарындагы аракеттенүүлөргө машыктырууда командирлерге жардам беришти. Окууларда, семи-

нарларда жана жыйындарда кол гранаталарды танкка каршы колдонуу тажрыйбасы, жарым автоматтык мылтыктан анын кароол тешиктери аркылуу мээлеп атуунун, кол жана станоктуу пулеметтордон атуунун тажрыйбалары үйрөтүлүп турду.

Комсомол уюмдары снайперлерди даярдоого өзгөчө активдүү кошулушту.

— Эгерде снайперлик кыймылда ийгиликке жетишсең,— дей турган командачы,— бул душман менен болгон кармашууга кошкон дагы бир салымың болот!

Биз эмнеден баштадык? Дунайда экенибизде эле деңиз жөө аскерлеринин 7-ротасынан снайпер-комсомолецтер Ахмет Ахметзянов менен Николай Маленков айырмаланышкан. Алардын тажрыйбасы, албетте көңүл буруууга арзыган. Мына ошону жалпынын кенчине айландырыш керек эле. Штабдын бөлүмүнүн начальниги лейтенант Михаил Петрович Князев менен бирге снайперлердин семинарын өткөрүүнү чечтик.

Ошентип, 7-августта авиациялык окуу жайынын кино аянтына бардык бөлүкчөлөрдөн эң мыкты аткычтар чогулушту. Ахметзянов менен Маленков бутаны издөөнүн эң бир оңунан чыккан, өзүн актаган ыкмалары, снайпердик мылтыктан атуунун эрежелери жөнүндө айтып беришти. Алар, кийин белгилүү болгондой, шериктешип иштешчү экен. Бирөө душмандын пайда болушун байкап турса, экинчиси атууга даяр туруучу. Кээде снайперлер бир нече саат бир да ок чыгарбаган учурлар да боло турган. Бирок алар эч шек билдирбей бутанын пайда болушун чыдамкайлык менен күтө беришчү.

— Снайперден,— дей турган Маленков,— эң күчтүү байкагычтык талап кылынат. Эч нерсе, ал тургай бир карагайга анча маанисиз болсо да көз жаздымда калбоого тийиш. Снайпердик шериктиктеги эң кыйыны — бул душмандын чүмбөттөлүп алган снайперин байкай билүү.

— Атуучу жайды тандоодо,— деп баса белгилөөчү Ахметзянов,— окшоштурулуп жасалган нерселер, мурда өзү турган нерсенин накта ордунда турушуна көңүл буруу керек. Антпесе, душман снайпердик чекитке токтоосуз ок атат. Жакшы даярдалган аткычтар душманга кандай каршылык көрсөтөрүн жана азыр да көрсөтүп жатканына семинардын катышуучулары ынанышты. Айтмакчы, Ахмет Ахметзянов менен Николай Маленков ошол кезде гитлердик 24 солдатты жана офицерди жок кылышкан.

Снайпердик аңчылык жөнүндөгү аңгеме атып көрсөтүү менен толукталды. Ахметзянов менен Маленков снайпердик мылтык менен атышты. Алар тарабынан берилген сабак эң жакшы аткычтарды үйрөтүүгө жардам берди.

Бизде бир аз убакыт калган эле, мен Леонид Соболевдин Одессаны коргоочуларга, кара деңиздик моряктарга кайрылган сөзүн семинардын катышуучуларына айтып берүүнү чечтим. Одессада болгонубузда мага ал жазуучу менен болгон жолугушууга катышуу бактысы туура келген болучу, ошондо мен анын сөзүн дээрлик толук бойдон жазып калгам.

— Кана, жолдоштор, угасыздарбы? — деп кайра сурадым мен.

— Суранабыз, суранабыз, жолдош кенже политрук!

Леонид Соболевдин өзү биздин чогулушта катышып тургансып залда тынчтык өкүм сүрдү.

— «Мен силерге ыраакы Балтикадан, силердин бир туугандардан, балтикалык моряктардан күжүрмөн кызыл флоттук саламды жана: фашисттерди дем албастан талкалагыла, айбандарды аёосуз жана дем алыш албастан соккула! — деген чын жүрөктөн чыккан каалоону алып келдим. Балтикалыктар кара деңизчилердин суудагы, абадагы жана жердеги даңктуу иштерин билишет жана аны өз жеңишиндей көрүп, сыймыктанышат.

Согуш — олуттуу нерсе, достор. Бирок биз адамдын уруштагы тартибинин негизги закондорун эсибизде тутканда гана биздин соккуларыбыз таамай болмокчу.

Бул — ыкластуулук, туруктуулук жана тартип.

Биз кол салууну мүнөт сайын күтүү менен согуш талаасына баратабыз. Мына бул жердеги биринчи милдет — байкоо. Сууну жана асманды көз айырбай, ынтаа коюп, кыраакы кароо... Көрбөй калгандан көрө кайра кайра кароо керек, иш тетири болуп чыкпасын үчүн ак чардакты самолет катары, тешикти турнабай катары кабыл алган жакшы.

Экинчи милдет— дайыма, бардык жагдайларда өзүңдү колго алуу. Биз өз адамдарбыз, бизде уяла турган эч нерсе жок, кана эмесе, чын жүрөктөн сырдашалы. Албетте, олуттуу коркунучтардын учурунда — түнкүсү жөнүндө айтылып жаткан жок (муну сиздерге да, өзүмө да каалабайм) — миналар жарылган, же самолеттун тик сайылып келаткан коркунучу, же торпедалардан буйтап маневр жасаган учурларда — албетте адамдардын көбүнүн эле, айтыла жүргөндөй, «буроолору бошоп кетет». Бул табигый нерсе. Мында эч кандай шылдың деле жок, коркунуч деген коркунуч, а адам деген адам, жана анын нерви темирден эмес. Маселенин баары, алиги буроонун сайынын канчасынын керектен чыкканында.

Эгерде алар такыр эле керектен чыкса жана адам өзүн өзү кармай албай, эң барып турган коркунучтуу душмандын — коркуу менен дүрбөлөңгө түшүүнүн бийлиги астында калса, мындан өткөн маскаралык жок. Муну сезгенден кийин — сен, биздин ар бирибиз, чынын айтканда, муну көп эле жолу сезгенбиз — эрктин күчү, акыл-эс, жеңишке жетүүнү эңсөө, душманга болгон жек көрүү менен өзүңдөгү ошол сезимди басып салууга жана бошоп кеткен буроону жерине жеткире бурап коюуга милдеттүүсүң.

Коркунучту көрүп туруп, өлүмдү көзмө-көз көрүп

туруп коркуу сезимин жана тап-такыр үмүт үзүүнү, эрксиздик жана абдырагандык сезимди жеңип чыгуу, өзүңдү колго алуу жана өзүңдүн согуш ишиңди улантуу — эрдиктин өзү».

Мен окууну бир паска токтотуп:

— Кызык бекен, достор? — деп сурадым.

Бири калбай, баары тең:

— Андан ары окуй бер,— дешти.

Ошентип, адамдар кайрадан көңүлдөрүндө жазуучу Леонид Соболев сүйлөп жаткан кемеде отурушкандай болушту.

— «Үчүнчү милдет,— деп улантып окудум мен жазуучунун сүйлөгөн сөзүн,— бул — уруштагы тартип. Өзүңдүн командириңди көңүл коюп уккунуң жана баардык буйругун так, токтоо жана тез орундат...»

Мен флоттун сүйүктүү жазуучусунун жалындуу сөзүн 30 мүнөттөн ашык окудум. 30 мүнөттөн ашык убакка дейре эч ким тынчтыкты бузган жок. «Баатырларды тарбиялоодо, аларда жеңишке умтулууну өнүктүрүүдө сиздин бизге, командирлерге жана саясий кызматкерлерге жардам бергендигиңиз үчүн ракмат сизге, кымбаттуу Леонид Сергеевич Соболев!» — деп айткыбыз келди.

Флотилиянын комиссары ошол кечте бизге Түштүк майдандагы аскерлердин абалы дагы начарлагандыгын айтты. Немецтик-фашисттик командование флангга жана тылга сокку уруу максаты менен далай күчүн түштүктү көздөй буруптур. Душман биздин 9-армияны Түштүк Бугга, Николаев районундагы аркы өйүзгө өтүүчү жерлерди көздөй, ал эми Айрым Приморьелик армияны Одессаны көздөй артка кетүүгө аргасыз кылды.

— Биз баштан өткөргөндөрдүн баары,— деп сөзүн улады В. К. Беленков,— башталышы гана. Негизги урушстар алдыда. Ошондуктан сиздерден, саясий кызматкерлерден көптөн көп сураганым, мурда болуп көрбөгөндөй тыкан болгула. Сиздердин сөзүңүздөрдөн да,

сиздердин кылык-жоругуңуздардан да, ал эле түгүл сырткы көрүнүшүңүздөрдөн да ишенимдүүлүк сезилип турсун...

Биз ачык-айкын тапшырмаларды алып тарап кеттик. Мени саясий бөлүмдө калтырышып, бөлүктөрдөн келип түшкөн кабарларды жазууну тапшырышты.

— Эрдиктер, баатырлар жөнүндөгү билдирүүлөргө өзгөчө көңүл бөл,— деди С. И. Дворяненко. — Андай ар бир факт алтындан кымбат.

Мен бир нече күн бою телефондун жанында отурдум. Штаб сыяктуу эле саясий бөлүм да бардык бөлүкчөлөр менен, ошондой эле Кара деңиз флотунун саясий башкармасы жана 9-армиянын саясий бөлүмү менен байланышы бар болучу. Көп учурларда карандаш менен жазылуучу жазуулардын айрымдары сакталып калыптыр.

«4-августта Түштүк майдандын штабы Вознесенскиден Николаевге көчүрүлдү. Жогорку Командованиенин Ставкасынын чечими боюнча флотилия майдандын командачысы И. В. Тюленевге түздөн-түз баш ийдирилген».

5-августта Одессанын баатырдык коргонуусу башталды. Кийинки күнү немецтик танктар түштүктү көздөй жылышын улантуу менен Вознесенск шаарына жутунуп киришти».

А бул жазуу флотилиянын жоокерлеринин каармандыгы жөнүндө, душманга каршылык көрсөтүүнүн өскөндүгүн баяндайт. «Ударный» монитору жана бронекатерлердин эки отряды чабуул коюп жаткан душманды көздөй артиллериялык атуу жүргүзүп жатышты. Флотилиянын флагмандык артиллеристи улуу лейтенант Подколзин аткычтар полкунун командиринин Троицкое кыштагындагы (бул Николаевден болжол менен 25—30 километр алыстыкта — **Я. Ж.**) байкоо жүргүзүү пунктунда болучу жана кемелердин атууларына түзөтүү киргизип турган. Уруш бир нече күнгө созулду. Ошол

урушгарда «БКА-224» бронекатеринин рулчусу, бронекатерлер дивизионунун комсомолдук бюросунун мүчөсү, коммунист Борис Петрович Ефремов курман болду. Ал азамат адам эле, Жагдай канчалык коркунучтуу болсо, анын мүнөзү ошончолук ачык-айкын ачылуучу, уруш канчалык оор болсо ал өзүн ошончолук калтаарыбай алып жүрө турган. Мени менен болгон маектешүүдө комсомолецтер так эле Борис Ефремов сыяктуу адамдарды көз алдыларында туткан болуу керек. «Фронтто эң сонун насаатчы-коммунисттерибиздин болгондугу менен биз бактылуубуз. Советтик адамдарда болгон бардык жакшы нерселердин баары аларда — лениндик жоокерлерде топтолгон!»

Душман Вознесенскини басып алгандан кийин бугдун талааларына техникаларын арбын санда топтой баштады. Штабдын саясий бөлүмдүн начальнигине алып келинген чалгындоонун маалыматында көрсөтүлгөнгө караганда танктан эле 250 гө жакыны болгон. 12-августта таңдын атышы менен душмандын аскерлери чабуулга өтүштү да саат 14 тө аэродромду жана Сливины кыштагын ээлешти. Деңиз жөө аскерлеринин 7-ротасынын жоокерлери күч жагынан артыкчылыкка ээ болгон душмандын кысымы алдында согушуу менен Варваровка көпүрөсүнө чегиништи. Алардын артында Николаев бар эле.

Ошол эле күнү «Ударный» монитору Жаңы Одессадан чыгып, Түштүк Буг боюнча жогору сүзүп жөнөдү. Ал түн ортосунда 11 километр аралыктан Вознесенскидеги танктар менен складдарды башкы калибрдеги замбиректер менен аткылай баштады. Отузунчу залпта моряктар жүз метрге жеткен от-жалынды көрүштү. Монитордун рейдинин натыйжасында ок-дары запасынын склады жарылгандыгы, бир канча танк жана оор замбиректер жок кылынгандыгы чалгынчылардын билдирүүлөрү аркылуу эртең менен штабга белгилүү болду.

Троицкое кыштагынын жанында турган «Железня-

ков» монитору дарыяга жарып кирген душманды көздөй ок жаадырып жаткан. Кабар берүүчү Николай Гунько үйүлгөн самандан чыккан түтүндү байкап калып, ал жөнүндө командирге билдирди. Монитордун артиллеристтери ошол эле замат башкы калибрден самандын үймөгүн карай залп менен ата башташты. Өзү жүрүүчү замбиректер жалбырттаган самандан кандайча кетенчиктеп суурулуп чыга баштаганы көрүнүп турду. Монитор дагы бир залп бергенде өзү жүрүүчү замбиректин узун түтүгү жер сүзүп калды. Аңгыча болбой үймөктүн ордунда жалын менен түтүн асмандап көтөрүлдү. Жердин топурагы сапырылып асманга чыкты. Сыягы, ал саманга дагы бир өзү жүрүүчү курал, же ок-дары запасы жашырылып коюлса керек. Мен бул окуя жөнүндө, анын баары кабар берүүчүнүн билдирүүсүнөн башталгандыгы тууралу флотилиянын военкомуна айтканымда бригадалык комиссар мындай деди:

Бул — согуштук байкоочулуктун, согуштук кыраакылыктын үлгүсү. Мындай фактыларды жалпылап туруп, баракча чыгарууга болбос беле?

Биз так ошондой иштедик. Баракчаны моряктар кызыгуу менен окушту. А комсомолец Гунько болсо, кийин өзү айткандай, ал баракчаны үйүнө салып жибериптир, эмне десе, алардын уулу кандай согушуп жатканын билип коюшсун дептир.

Душмандын танктары Вознесенскиден Түштүк Бугду кечип өтүп, сол жээк боюнча чабуулга өттү. Алар 463-зениттик батарея аткылап, жол бөгөп турган Водопой аэродромуна (Николаев шаарынын так ортосунан 9 километр аралыктагы) жарып өтүштү.

— Батареянын өздүк составы танктар жана автоматчылар менен урушуп жатат,— деп телефон чалды саясий бөлүмгө 46-айрым зениттик-артиллериялык дивизиондун военкому батальондук комиссар Сорокин.

Мен бул жөнүндө флотилиянын военкомуна билдирдим.

— Машинаны алыңыз да аэродромдун районун көздөй жөнөңүз,— деди мага военкомдун жанында отурган контр-адмирал Н. О. Абрамов. — Жагдайды тактап билгиле да автоматчыларды сүрүп чыгууда батареяга жардам бергиле.

Менин карамагыма пулеметчу Павел Поздняков жана штабдык ротадан үч кызыл флотчу бөлүнүп берилди. Бир жарым тонналык машинага станоктуу жана кол пулемет, ок, граната салынган ящиктерди салып, Николаевден чыгып жөнөдүк.

Биз аэродромго өтүп келген кезде батарея токой отургузулган жерди ээлеп, танктар менен уруш жүргүзүп жатыптыр. Анын бир замбиреги талкаланыптыр. Душмандын автоматчылары бөжөңдөп чуркашып батареяга жакындап келатат.

Кийинчерээк, мага ал окуяны өз көздөрү менен көргөндөрдүн аңгемесинен улам уруш кандайча башталып, ал кандайча ырбаганын аныктоого мүмкүн болду. Байкоочулар машиналардын жылып келатканын билдиришкенде батареянын командири Г. М. Охота:

— Танктарды карай атууга даярдангыла! — деп команда берет.

Батарея эч качан танктар менен урушуп көргөн эмес эле. Бирок зенитчилер абдырап калышкан жок. Жердеги буталар боюнча атууга тез эле даярданышты. Алар машиналар жакын келгенге чейин түз мээлөө менен таамай атууну чыдамдуулук менен күтүштү.

— Аткыла! — деп команда берди Охота. Душмандын огу анын бутун сындырып кетти. Охота сыртынан токтоо көрүнүү менен өзүнүн орун басары лейтенант Георгий Порфирьевич Яковлевге урушту башкарууга буйрук берди.

Командирдин катардан чыгышы өздүк составдын арасында баш-аламандыкты пайда кылган жок. Ал эле түгүл зенитчилер акыркы демдери калганга чейин сал-

гылашуу үчүн болгон өздөрүнүн чечкиндүүлүктөрүн көрсөтүшүп, дагы бекем баш кошо башташты.

Фашисттик үч танк түз эле жарып өтмөкчү болду окшойт. Батарея алдыңкы танкты аткылап, аны токтотту. Башка эки танк зенитчилердин жаадырган огуна чыдабай, кайра бурулуп кетти.

Бирок, токтоп калган танк атуусун уланта берди, анын снаряддары өздөрүнүн автоматчылары сулап өлүп жаткан жерлерге тийип жатты.

Биз бараткан жерибизден эле ок ата баштадык. Биздин машина бирде көрүнсө, бирде көрүнбөй калып катуу ылдамдыкта аэродромду көздөй зуулдап баратты. Мен таянычтарын кабинанын үстүнө коюп коюп «дегтярдан» атып бараттым, Поздняков болсо арт жакта кузовго орнотулган «максимден» ок жаадырууда.

Жер кепелердин биринин жанында төшүндө Кызыл Туу ордени бар бир китель илинип туруптур. Танктар аэродромго капыстан келип калгандыгы, учкучтар самолетторду куткарыш үчүн шашылыш учуп чыгышканы айкын болду. Биз кителди машинага салып алдык.

Уруш тынчый түшкөндө батареянын политругу Горель алиги токтотулган танкты жардырууну сунуш кылды. Алар машинанын шоферу Федор Купоросов менен бирге жардыргычтарды алышып, боортоктоп жылып жөнөштү. Алардын артынан кол пулеметту алып старшина Петр Ищенко жылды.

Душман советтик жоокерлерди байкап калып, аларды көздөй аткылай башташты. Снаряддын чачырандысы политруктун башынан темир калпагын жулуп кетти. Купоросовдун ийни катуу күйүп калды.

— Сиз тирүүсүзбү, жолдош политрук? — деп сурады Купоросов ооруга чыдап, жылышын улантып баратып.

— Танкты баары бир жарабыз! — деп жооп берди политрук.

Гитлерчилер эми өздөрүнүн токтоп турган танкын

көздөй аткылай башташты. Снаряддар машинанын жан жактарында жарылып жатты. Экипаж танктын ичинде жок болуп чыкты. Политрук машинаны изилдеп чыгып, анын согушка жараарына көзү жетти. Мына бул жерден техникалык билимдин пайдасы тийди. Горель кызыл армиянын катарында жүргөндө бронетанкалык бөлүктө кызмат өтөптүр.

Зенитчилер танктын ичинен ар кандай буюмдарды: балдардын ич кийимдерин, бут кийимдерди, костюмдарды, топчуларды, атырларды табышты. Мунун өзү вермахтын офицерлери менен солдаттары талоончулар жана зордукчулар экендигин дагы бир мертебе айгинелеп турду.

Танкты сактап калуу жөнүндө чечим болду. Кызыл аскерлер Василий Киселев менен Павел Чертишев тракторду айдап келишип, танкты сүйрөтүп алышты. Олжого түшкөн танк душмандын аткылоосу астында батареянын карамагына мына ушинтип жеткирилген.

Зенитчилер танктын кыймылдаткычын иштетишип, ички жарык бергичтерин күйгүзүштү, пушкалардын атуучу механизмдерин текшерип көрүштү. Пушкадан атууга болот экен, бирок кулпунун ургучу иштебей, пружинасы ийилип калыптыр. Танктагы запас бөлүктөрдүн арасынан жаңы пружина да табылып калды.

Эми танк батареянын атуучу жайынын оң тарабында, согушка даяр болуп турду. Ошентип, ыңгайлуу учур көп күттүрбөй келди. Байкоочулар гитлерчилердин бышып турган буудай талаасынан сороюп көрүнүп турган комбайндын ичинен атууга түзөтүү берип жатышканын билдиришти. Старшина Ищенко танктын замбирегин комбайнды көздөй багыттап түздөдү, политрук Горель бут менен аткычты басып калды. Биринчи эле атуу менен байкоо жүргүзүүчү жай жок кылынды.

Согуш ошол учурда кайрадан күч алды. Танктар колдогон жөө аскерлер жарым алкакчага айланып, батареяны көздөй жылып келатты. Снаряддар батареянын

атуучу жайында жарылып жатты. Дагы бир замбирек катардан чыкты. Куралдар азайып, өлгөндөр жана жарадарлар боло баштады.

Лейтенант Яковлев атуу жайын которуу жөнүндөгү чечимге келди. Ал олжого түшкөн танктын экипажына ага чегилген трактор менен бирге батареянын орун которуусун калкалап турууну тапшырды. Политрук башында болгон зенитчи-танкисттер оор басырыктуулук менен аракеттеништи. Алар батареяны көздөй келаткан фашисттик танктын бортуна эки снарядды жөнөтүштү.

— Бул батареянын командири Николаев үчүн! — деп кобурады старшина Ищенко.

Сол жактан дагы бир танк чыкты. Горель олжо танктын кароолун аны көздөй бурду да ата баштады. Бир нече жолу аткандан кийин тиги танк күйө баштады, ал жарым тегерек жасап барып токтоду.

Батарея атуучу жайын алмаштырды. Ал эми олжо танкты анда болгон снаряддары түгөнгөн соң жарып жиберүүгө туура келди. Жоготууларга учуроо менен душмандын жөө аскерлери чегинүүгө өттү. Бирок ошол учурда душмандын тылынан жарыша атылган «максимдердин» үндөрү бизге чейин келип жетти — алардын үнүн башка эч нерсе менен чаташтыра албайсың. Биз кулак төшөп угуп туруп, батареянын пулеметчулары урушуп жатканын түшүндүк. Курчоодо калган жоокерлер калдастап калышпаптыр. Алар өтө коркунучтуу минуталарда бөлүмдүн командири комсомолец Николай Зубаковдун айланасына бекем баш кошкон. Командир аларга:

—Өлсөк өлөбүз, бирок багынып бербейбиз! Эң акыркы ок калганча кармашабыз. Гранаттарды даярдагыла! — деп кыйкырган...

Пулеметчулар гитлерчилердин кысымынын мизин кайтарышты да батареяга келип кошулушту.

Аэродромдун үстүндө жапыз учкан И-16 истребители

пайда болду, ал конууга ыңгайлашып келип жерге конду да, биздин машинаны көздөй айдап келди.

— Моряктар, бай болгурлар, жер кепеден кителди алып келип бергилечи! — деп сурады учкуч кабинадан чыкпай туруп.

— Мына сиздин кителиңиз, аман-эсен кийип жүрүңүз! — дедим да,— каякка кеттиңер? — деп сурадым.

— Херсонго! — деди тиги.

Биз учкучка ийгилик кааладык да жарадарларды көздөй шашылдык, аларды тезинен шаардык оорукана га жөнөтүш зарыл, ал үчүн ар бири менен сүйлөшүү керек.

Мен ошол эле күнү саясий бөлүмгө келдим. Николаевден жогору Түштүк Бугда аракеттенип жаткан флотилиянын кемелери үчүн өлүм коркунучу туулуп жаткандыгы ушул жерден гана мага ачык белгилүү болду. Душман Варваровка көпүрөсүн ээлер менен эле алардын артка кетүүчү жолу жабылат да калат. Днепр куймасынан жарып өтүү жөнүндөгү буйрукту кемелерге берүү керек эле, бирок алар менен радио байланышы туруктуу эмес. Муну иштөө глиссердин командири Иван Альяновго тапшырылган.

Түн ичинде, душмандын эле көз алдында, глиссер атылап жаткан зонадан жарып өттү да, мониторлордун дивизионунун командири Криновго буйрукту жеткирди.

«Ударный», «Железняков», «Мартынов» мониторлору жана бронекатерлердин дивизиону дарыя ылдый жүрө баштады. Албетте гитлерчилер аларды оң жээктен атылоого алышты. Варваровкадагы Түштүк Буг аркылуу курулган көпүрөнү өрттөөгө туура келди, себеби, кемелерди өткөрүш үчүн ал көпүрөнү ажыратуу керек эле.

Альяновдун глиссери душмандын снаряддарынан жана миналарынан буйтап отуруп көпүрөгө жетип келди. Көпүрөнү тез эле экиге ажыратты. Ошентип, бардык кемелер жалын каптаган кууш жыра аркылуу ий-

гиликтүү өтүп кетишти. Ал эми көпүрөдөгү жалын болсо улам күч ала берди. Мотору авиациялык бензин менен иштеген глиссердин от аралап өтүп кетиши абдан коркунучтуу эле. Бирок глиссер андан болгон ылдамдыгы менен чагылгандай эле атып чыкты.

13-августта гитлерчилер Варваровкага жасаган кысымын кайрадан улантты. Алар кечке жуук кыштакты батыш жагынан айланып өтүп, Кичи Коренихти басып алышты да, Түштүк Бугдун жээгине чыгышты. Душмандын артиллериясы биздин кемелерди жана Николаевдеги кеме куруу заводун түз мээлеп аткылай баштады.

— Картага көз чаптырыңыздарчы,— деди флотилиянын командачысы саат түнкү бирде анын чакыруусу боюнча баарыбыз чогулган кезде,— Советтик Армиянын баатырдык менен каршылык көрсөткөнүнө карабастан немецтер Днепрдин чегине чыгышты, Запорожьеге жана Днепропетровскиге жарып киришти. 18-армия Никополдун босогосунда коргонуу урушун жүргүзүп жатат, 9-армиянын бөлүктөрү Ингул жана Ингулец дарыяларынын жээктерин көздөй чегинүү менен иш жүзүндө жарым жартылай курчоодо калып, акырындап Херсондун түндүк-чыгыш жагынан Днепрди көздөй чегине, катуу кармашып жатат.

Контр-адмирал демейдегидей эле токтоо, кыскача сүйлөп жатты, бирок анын үнүнөн туталанганы билинип турду. Анткени согуштун башталганына аз эле убакыт болбодубу, а биз болсо Түштүк Бугдун жээгине жетип келдик. Канча адам жок болду, убактылуу болсо да, канча жерибизди душманга тепсетип отурабыз...

Командачы колун кайрадан жогору көтөрүп, картанын үстүнөн алып өттү да:

— Днепрди Казактар лагеринен тартып анын куймасына чейин коргоо, жолдоштор, Дунай флотилиясынын моряктарына — биздин баарыбызга жүктөлөт!... деп кулактандырды.

Кемелер түн ичинде Түштүк Бугдан Днепрдин куй-

масына чыгышты, ал эми флотилиянын зениттик батареялары, аткычтар роталары жана тылдык бөлүктөрү шоссе жолу менен Херсонду көздөй артка кетишти.

Штабдык ротанын жоокерлеринин тобу жолдон душмандын эки танкы менен беттешип калды. Анын бирөө бузук экен, гитлерчилер аны оңдоп жатышыптыр. Комсомолецтер Анатолий Злобин менен Михаил Ефремов танкты көздөй гранаталарды жана бензин куюлган бөтөлкөлөрдү ыргытышты. Тирүү калган төрт танкист, анын ичинде бир обер-лейтенант туткунга түштү.

Сурак учурунда обер-лейтенант өзүн текебердене кармап, а түгүл коркутууга да аракеттенди. Айтмакчы, ал жумушчу үй-бүлөдөн экен, өзү бир кезде берлиндик заводдордун биринде электрчи болуп иштептир. Офицердин чөнтөгүндө аялынын балдары менен түшкөн сүрөтү, франциядагы кайсы бир уруш үчүн алган кандайдыр медалдары сакталуу экен. Гитлердик кур кыйкырык жана Европадагы оңой-олтоң жеңиштер бул бузукунун да башын айлантыптыр.

15-августта биз «Ударный» монитору менен Днепрдин куймасына келдик. Күн ачык тийип турду. Кеме чоң Потемкин аралынын ары жагына далдаланды. Днепрдин бул жердеги куймаларында дарыя пароходдору жер сузуп дарыя тазалагычтар, сүйрөткүчтөр, техника, азык-түлүк, күйүүчү майлар жүктөлгөн катерлер, баржалар арбын экен. Ошондо ушул кемелерди чыгарып кетиш үчүн жергиликтүү уюмдардын жетекчилери бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана алыштыбы, жокпу ачык айта албаймын, бирок аларга олуттуу коркунуч туулуп калган болучу.

Херсондо Түштүк фронттун жоокерлери жок болучу. Ошондуктан флотилиянын бөлүктөрүндө жүргөн Аскер-Деңиз флотунун эл комиссарынын орун басары вице-адмирал Г. И. Левченко шаарды коргоонун жоопкерчилигин дунайчыларга жүктөгөн. Контр-адмирал Н. О. Абрамов ошол эле замат жетекчи составды чогултту да

чыцдалган чекти түзүү, бөлүктөрдүн өз ара биримдикте аракеттенүүлөрүн жөнгө салуу, аларды кеменин артиллериясынын атуулары менен калкалоого алуу боюнча ачык-айкын милдеттерди алдыга койду. Штабдын жана саясий бөлүмдүн кызматкерлери кемелер жана бөлүктөр боюнча бөлүштүрүлдү. Мага Николаев — Херсон жолун душмандын кол салуусунан ок атуу менен калкалап турган деңиз жөө аскерлеринин 7-ротасында болууга туура келди.

Командачы кеңешме аяктар алдында Херсондун комендантты кылып штабдын кызматкери капитан-лейтенант К. И. Балакиревди дайындай тургандыгын кулактандырды. Алардын алдына шаарда тийиштүү майдандык тартипти келтирүү милдети коюлду. Балакиревге жардамдашуу үчүн командирлердин жана саясий кызматкерлердин тобу бөлүндү.

Комендант жана анын жардамчылары калкты суудан өткөрүүнүн багыттарын белгилеп, аларды азык-түлүк менен жабдууну уюштурушту. Сол жээкке жарадарларды алып өтүштү. Алдыңкы чекке ок-дары запастарын, ысык тамакты жеткирүү тезинен жөнгө салынды.

Кеңешмеден кийин көп өтпөй эле вице-адмирал Г. И. Левченко жана контр-адмирал Н. О. Абрамов Запорожьеге, Түштүк майдандын штабына жөнөп кетишти.

Алар түшүп бараткан глиссер Никополдун жанынан душмандын аткылоосуна дуушар болду. Глиссердин командири 2-статьядагы старшина Николай Иванов акылэстүү демилгени көрсөттү. Ал кемени сүзүп чыгуучу жайга жиберип, калың өскөн камыштын далдасына жашырып, моторун өчүрүп койду, андан соң калактын жардамы менен башка орунга сүзүп барышты да ыңгайлуу учур келээр менен моторду жүргүздү. Глиссер чоң ылдамдык менен маневр жасап, буйтап отуруп коркунучтуу зонадан шарт чыгып кетти.

Комсомолец Ивановдун иш аракетине бөлүкчөдөгү жолдоштору суктанышты. Тигил аны угуп туруп, сук-

тана тургандай анын эмнеси бар экен деп ойлоду. Ал андан башкача иштей албайт эле да. Анткени сен өмүрүн сактап калуучу аскер башчысы бизди урушка алып баратпайбы...

Дециз жөө аскерлеринин 7-ротасында иш чачтан көп эле. Бул жолу мен кандай гана иштерге катышпадым. Өздүк составды урушка даярдоодо взводдордун командирлерине жардамдаштым, замполит менен бирге комсомолдук активди чогултуп, күжүрмөн милдеттерди түшүндүрдүм, ротанын позициясын кыдырып жүрүп окоптордү терең казууга, жашырынгычты жакшыртууга кеңеш бердим, танкка жана бронемашиналарга каршы колдонулуучу гранаталардын тобун кандайча даярдоо керек экендигин көрсөттүм, жоокерлер менен, өзгөчө урушка али бир да жолу катыша электер менен чын көңүлдөн чечилип сүйлөштүм.

Ротага жаңы эле толуктоолор келген. Жигиттер сабаттуу экен, бирок курал-жарактарды урунуунун бекем ыкмалары али жок болучу. Ошондуктан сүрдөп, толкунданып турушту. Жаш жоокерлер жөнүндө кам көрүү, аларды күжүрмөн катарга тезинен кошуу — комсомолдук активисттер үчүн башкы нерсе. Алар жаңы келгендер менен ар-намыс жана аскердик милдет жөнүндө, уруштагы тартип жөнүндө аңгеме өткөрүштү, кемчиликтерди жолдошчо түшүндүрүштү, жардам беришти. Бюронун заседаниесинде комсомолдук тапшырмалардын кандай аткарылгандыгы, душмандын танктары менен урушка даярдыктары жөнүндө ВЛКСМдин мүчөлөрүнүн отчетторун уктук.

17-августта эртең менен гитлерчилер чабуулга өтүштү. Биздин аскерлер, анын ичинде 7-рота душманды бир учурда атылган ок менен тосуп алышты. Бизге кеме артиллериясы жакшы жардам берди. Алып жүрмө түзөтүү киргизүүчү пост Херсондун коңгуроолуу жайына жайгашкан. Ошол күнү үч бронекатер жана дивизиондун 46-айрым зениттик артиллериясынын батареясы Ан-

тоновканын жанынан Днепрден өтүп жаткандарды калкалап турушту. Ал эми «Мартынов» монитору жана беш бронекатер Никополдун жанынан Днепрди кечип өтүүгө аракеттенген душманды токтотуп турду.

Деңиз жөө аскерлери кечинде душмандын кезектеги чабуулунун мизин кайтарууга даярданып жатты, ок-дары запастарын толукташып, куралдарды тартипке келтиришти, күндүз иштен чыгып калган окопторду жана далдалагыч каражаттарды калыбына келтиришти. Рухий күч-кубат топтоону камсыз кылуу — ВЛКСМдин мүчөлөрүн жаңы эрдиктерге шыктандыруу да маанилүү иш эле. Бардык комсомолецтерди чогулткубуз келсе да, жагдай ага мүмкүндүк бербеди. Делегаттардын чогулушун өткөрүүнү чечтик.

Командалык пункттун жанына комсомолецтер — бардык взводдор менен бөлүмдөрдүн өкүлдөрү чогулушту. Ротанын командири, улуу лейтенант Козельбашев бир күндүн ичиндеги уруштардын жыйынтыгы жөнүндө айтып берип, моралдык туруктуулук, өз ара жардамдашуу жана эр жүрөктүүлүк биз үчүн мындан ары да өтө зарыл экендигин баса белгиледи. Командирдин артынан комсомолецтер чыгып сүйлөштү. Алар Ата Мекенге, партияга чексиз берилгендиктерин, душманды ырайымсыздык менен талкалоого даяр тургандыктарын билдиришти.

Делегаттар бөлүмдөргө тарап барышкандан кийин кабыл алынган чечимди өздүк составдагылардын ар бирине жеткиришти.

Кийинки күнү душмандын алдыңкы отряддары Херсонго кирип барууга аракет жасашты, бирок кайрадан артка сүрүлүп ташталды. Бул жерде аларды Батыш Европада тосуп алышкандай, ак желек менен тосуп алышпасына көздөрү жеткен соң, гитлерчилер бир аз мезгилге тынчышып, арттагы жөө аскерлерин, танктарын, артиллериясын алга тартып, адам күчүнөн жана техника

жагынан артыкчылыкты түздү. Ошондон кийин гана алардын шаарга жаңы чабуулу башталды.

Мен турган ротанын позициясын душман артиллериялык жана минометтук аткылоого алды. Баары теңчандын алдында калды, жер бети безгек болгонсуп калтырап жатты. Кызыл флотчулар улам катардан чыга берди. Санинструктор комсомолец Иван Сарнацкий жарадар болгондорду таңууга араң үлгүрүп жатты.

Душмандын артиллериясы менен минометтору биздин позицияны атып жаткан кезде, анын жөө аскерлери улам бөгүп чуркашып, бизге жакындай берди. Аткылоо коргонуунун тереңин көздөй которулаар замат, душмандын автоматчылары чабуулга өтүштү. Темир калпакчан, жеңдерин түрүнүшкөн, көкүрөгүнүн бүчүлүгүн жаг-жайтып ачып салган солдаттар тикесинен тик турушуп, аткылап келатышты.

Деңиз жөө аскерлери автоматчыларды чукул келтиришти да аларды мөндүрдөй жааган ок менен тосуп алышты. Бул жерде аларды аябай турганын сезишип, фашисттер ызы-чуу түшүп калышты. Талаа өлүккө толуп кетти.

Биз бир күндө он бештен ашык чабуулдун мизин кайтардык.

Биз үчүн кийинки эки күн да катуу кармаш менен өттү. Душман урушка улам жаңы жана жаңы күчтөрүн салып жатты. Биздин ар бир жоокерге эми танктар, минометтор, артиллерия колдогон жыйырмадан ашык гитлерчи туура келди. Деңиз жөө аскерлери душмандын жөө аскерлеринин жана танктарынын соккуларынын мизин кайтарып, уруш менен шаардын четин карай, айыл чарба институтунун багытына чегинип баратты. Биздин оң жагыбыздан, аэродромдун ары жагынан шаарга танктар жутунуп киришти. Алар дароо эле шаардын так ортосун көздөй, андан соң деңиз портуна жөнөштү. Танктардын артынан автоматчылар биздин тылга кирип келатышты.

Ротанын командиринин уруксаты менен мен жоокерлердин тобун башкарып, аларды контрчабуулга алып чыктым. Биз автоматчыларды талкаладык. Мен ошол согушта бир автоматты олжого алдым.

Ошол топтогулардын арасында мурда Херсондогу деңиз техникумунда окуган, шаарды жакшы билген комсомолец Борис Пушкарев бар эле. Ал аткылоолорго кулак түрүп туруп, уруш порттун тегерегинде жүрүп жатканын айтты. Биз гранаттарды даярдап алып шаардын көчөлөрүн аралап, Днепрди көздөй жөнөдүк.

Портто жүк жүктөлүп жаткан пароходдор жана баржалар туруптур. Аларда аялдар, балдар, жарадарлар бар экен. Немецтик танктар пристанда турган кемелерди аткылап жатышат. Жүргүнчүлөр, анын ичинде жарадарлар өзгөчө көп чогулган «Ленин» теплоходу чөгүптүр. Жарадарлардын ичинде флотилиянын саясий бөлүмүнүн улуу инструктору улуу политрук Валентин Иванович Федоров да бар экен. Теплоход чөгө баштаганда ал сүзүп отуруп сол жээкке чыгат да, ал аркылуу Цюрупинскиге келет.

Суворов проспектисинин ары жагынан бизге ротанын командиринин байланышчысы жолугуп, кыска жол менен дарыя вокзалына алып келди.

Флотилиянын причалда турган мина тоскуч «Колхозник» кемеси портко жутунуп кирип келаткан фашисттерди карай замбиректерден жана пулеметтордон үзгүлтүксүз аткылап жатыптыр. Бизге ошол кемеге отурууга буйрук болгон эле. Кеме акыркы мүмкүнчүлүгүнө чейин кармалды, бирок танктардан коргонуу үчүн броня тешүүчү снаряддары жок болгондуктан эски Днепрдин айрыгын көздөй артка кетүүгө жана Чоң Потемкин аралынын ары жагына далдаланууга аргасыз болду.

Немецтик танктар жана батареялар менен болгон урушка биздин бронекатерлер киришти. Атуу чукул аралыктан жүрүп жатты. Катерлер буйтап, маневр жасаган кезде танктар имараттардын далдасына жашыры-

нын калып жатты. «БКА-201» катери пристанга жакын жерде турганында ага ири колибрдеги снаряд келип тийди. Андан дивизиондун командири капитан-лейтенант Иван Константинович Кубышкин, дивизиондун военкому политрук комиссар Константин Тимофеевич Семенов, бронекатердин командири лейтенант Сергей Ильич Кулишов жана кеменин өздүк составы дээрлик бүт окко учту[1].

Порттогу имараттардын бирине бекинип, шаардын коменданты, капитан-лейтенант К. М. Балакирев баштаган жоокерлердин тобу урушту жүргүзүп жатып, көп отной октору жана гранаттары түгөндү. Эрөөлдү байкап турган глиссерлер отрядынын моряктары «Жардам бериш керек!» деп чечишти.

Башкы старшина коммунист Василий Приценконун командачылыгы менен глиссер душмандын огуна карабай, элеватордун жанындагы кеме токтоочу жайга жетип барды, анын бортуна Балакиревдин жоокерлери түштү. Тайманбастар атышып жатып, аркы жээкке жашырынып кирип кетишти.

Глиссерге отурардын алдында Константин Михайловичтин жанына пулеметчу-жоокер чуркап келип ага:

— Катерге жөнөңүз, мен сизди коргоп турам. Сиздин өмүрүңүз, жолдош командир, керектүү, сиз урушка жетекчилик кылып жатасыз, кеч болуп кала электе дарыяны көздөй сойлоп жөнөңүз! — дегенин Балакирев кийин айтып берди.

Ысмы билинбей калган пулеметчу гитлерчилерди далай убакытка чейин бөгөп турду. Душман ал урушка киришээк танктарды жиберди. Пулеметчу алардын бирин граната менен уруп, иштен чыгарды да кароол тешик аркылуу башка танкты атууну уланта берди. Огу түгөнгөн кезде анын пулемету унчукпай калды.

---

[1] Согуштан кийин Килиянын калкы И. К. Кубышкиндин жана К. Т. Семеновдун ысымдарын өздөрүнүн шаарынын көчөлөрүнө коюшту. — *Автордун эскертүүсү.*

Командирдин өмүрүн сактап калган белгисиз пулеметчунун окуясы көп жагынан сабак болорлук. Советтик жоокер чынында эле мамлекеттик мааниде ой жүгүртөт: «Сиздин өмүрүңүз, жолдош командир, керектүү, сиз урушка жетекчилик кылып жатасыз». Муну биздин бөлүм да баалады. Бир нече күн өтөт, анан флотилиянын саясий кызматкерлери бул темада саясий информация өткөрүшөт. Гитлердик генералдар снайперлерге жана бүлүнткүч топторго советтик командирлерди — уруштун уюштуруучуларын жана жетекчилерин жок кылуу үчүн атайын тапшырмаларды берип жатса да, андан эч нерсе чыкпасын да айтып беришет. «Командирдин өмүрү үчүн өзүңдүн өмүрүңдү да аяба!» — мына бул ураан окоптордо жаралган, ал ар бир жоокердин ички буйругу болуп калды.

Флотилиянын командачысы менен военком Жыланач Пристань кыштагындагы штабдын жана саясий бөлүмдүн кызматкерлерин чогултуп, азыркы түзүлгөн жагдайды айтышты. 9-армиянын аскерлери жана флотилиянын бөлүктөрү Днепрдин сол жээгинде Казактар Лагеринен тартып Днепр куймасына чейин коргонуп жатышат. Кемелер Днепрдин куймасындагы бир топ айрыктарга бөлүштүрүлүп коюлган. Алардын милдети — дарыядан душманды өткөрбөө.

Флотилиянын башкы артиллеристи улуу лейтенант Михаил Евгеньевич Подколзин менен бирге душмандын батареясын көздөй мына-мына атканы жаткан «Ударный» мониторун көздөй шашып баратабыз. Монитор Белогрудный аралынын ары жагында Конка дарыясынын куймасынын оң жээгинде бийик өскөн талдарга далдаланып турат. Кеме ушунчалык жакшы жашырылгандыктан биз аны катер менен жанаша кирип барып гана таптык.

Өздүк состав чогулду. Мен Ата Мекендик согуштун учурдагы абалы жөнүндө билдирүү жасап, фронттун түштүк участкасындагы жагдайды түшүндүрүп, биз

душмандын артиллериясынан көргөн жоготуулар жөнүндө айтып бердим. «Анын жаагын жап кылуу — экипаждын маанилүү милдети»— бул сөздөрдү кызыл флотчулар менен старшиналар зор жактыруу менен кабыл алышты.

Подколзин менен артиллериялык күжүрмөн бөлүктүн командири лейтенант Павел Кручин алдыда боло турган атууга түзөтүү киргизе турган шарттуу белгилердин таблицасын иштеп чыгууга киришишти. А биз кеменин военкому Иван Алексеевич Бошин жана комсомолдук бюронун секретары Иосиф Сеньченко менен бирге согуштук артиллериялык атууларды өткөрүүгө байланышкан комсомолдук чогулушка даярдана баштадык.

Чогулуш жандуу жана активдүү өттү. Монитордун командири капитан-лейтенант Иван Александрович Прохоров доклад жасады. Жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөр өткөн атышуулардагы эрдиктер жөнүндө жылуу пикир айтышты.

— Бул жолу да, татаал, кыйын шартта кандай атуу керек болсо, так ошондой атабыз деп сөз беребиз,— дешти комсомолецтер,— душман биздин да каарыбызды, биздин да күчүбүздү байкасын!

Биз түн ичинде катерге түшүп Херсонду көздөй чыктык. Биз дегеним — сыртка чыгып барып атууга түзөтүү киргизип туруучу посттун тобун башкаруучу улуу лейтенант Подколзин, мен, радист Алексей Курдюков, пулеметчулар Иван Любенко, Иван Овчинников, моторчулар Михаил Фисенко, Афанасий Косый. Топ Кичи Потемкин аралына барып түштү, камыштын арасына дыкаттык менен жашырынып алып, рацияны иштетип, кеме менен байланышты жөнгө салды.

Тандын атышы менен душмандын батареясын, сегиз замбиректи жакшы көрүп турдук. Солдаттар замбиректерди тазалап, аспаптарды текшерип, снаряддарды ташып келип жатышат. Андан кийин эртең мененки тамакка кетишти.

Күн улам жогору көтөрүлө берди, адам чыдагыс ысык боло баштады. Душмандын батареясында согуштук тревога жарыяланды. Оттун жарк эткени көрүнө калды — гитлерчилер атууну баштады.

Радист Алексей Курдюков тарабынан биздин мониторго берген маалыматтары боюнча бир эле учурда «Ударный» да атууну баштады. Ал бул жерден алыс, бизге көрүнбөйт.

Биринчи атуу болду. Анча-мынча жетпей калды. Флагмандык артиллерист Подколзин түзөтүү киргизди. Экинчи атуу — дал бутага тийди.

— «Дал тийди!» Билдириңиз,— деп кыйкырды Подколзин радистке.

Жарым мүнөттөн кийин кеменин замбиректеринин залптарын уктук. Көзүбүздү айырбай душмандын позициясын карап турабыз — жарылуулар биринин артынан бири болуп жатат. Снаряддар батареяны тим эле жер менен жер кылып салды. Кубанганыбыздан эмне кылаарыбызды билбей калган биз, эми бул жөнүндө кемеге билдирүүгө ашыктык.

Биз милдетибизди аткарып, байкоо жүргүзүү жана байланыш постун текшерүү үчүн коңшу аралга өттүк. Мага белгилүү болгондой, ал постто баары тең посттун начальниги 2-статьядагы старшина Яков Головин, радист Иван Хоменко жана кабарлоочу Василий Куприян комсомолецтер болучу. Бирок бул эмнеси? Дарыянын жээгиндеги кароол мунаранын жанында Головин да, Хоменко да, Куприян да өлүп жатышат. Денелеринин кейпи кеткен, көздөрү чукулган, ичтери кесилген, ичеги-карындарын сыртка алып салышып, ичегилерин жыгачтарга керип таштатшкан. Жыгачтын бутактарында мазактаган сөздөр жазылган барактар илинип турат. Гитлерчилердин бул аралда болгонун билдик.

Бадал, чөптөрдүн арасын карап чыктык, бирок душмандын изи эчак сууптур. 21-августта саат 17 де аралга душмандын офицери баштаган чалгынчылардын тобу

түшүрүлүптүр. Алар байкоо жүргүзүү жана байланыш постуна билинбей жакын келишет, атышууда байланышчыларды өлтүрүшүп, аларды чечинтишет да, жырткычтык менен кордоого алышат. Бул жөнүндө кийин табылды.

Биз үн катпай, салтка айланган салют атпай, башыбызды ийип туруп, урушта бирге болгон жолдошторубузду мүрзөлөрүнө койдук.

Атууга түзөтүү киргизүүдөн келерибиз менен ошол эле күнү кечинде Жылаңач Пристандагы саясий бөлүмгө бардык комсомол уюмдарынын секретарлары чакырылды.

Мен жырткычтык менен өлтүрүлгөн байланышчы-моряктар жөнүндө билдирүү жасадым. Алексей Курдюков, Иван Любенко жана Иван Овчинников менин сөзүмдү толукташты.

Кийинки күнү кемелерде, бөлүктөрдө, бөлүкчөлөрдө өздүк составдын чогулуштары болуп өттү. Биз анда да гитлерчилердин биздин байланышчы-моряктарга көрсөткөн мыкаачылыктарын айтып бердик.

Убактылуу басып алган советтик территориядагы баскынчылардын мыкаачылыгы жөнүндө флотилиянын моряктары газеталардан билишти. Бирок, билген бир башка, ал эми мыкаачылыкты өз көзүң менен көрүү бул башка нерсе. Жоокерлер мыкаачы фашисттик баскынчыларды ырайымсыздык менен жок кылууга ант беришти.

Биз кийинки жолу М. Е. Подколзин менен бирге душмандын күйүүчү майлар сакталган складын, ошондой эле Херсон тарабында кайрадан пайда болгон батареясын жок кылган «Железняков» мониторунун атууларына түзөтүү киргизүүдө болдук.

Ал окуяга акын Михаил Голодный төмөнкү ырын арнаган:

Туздуу шамал Кара деңизде,
Моряктардын ырын учурат.
Биз сүйүнүп, душман күйүнгөн,
Жеңиш үнү жакын угулат.
«Железняков» биздин монитор,
Басты жаагын батареянын,
Кара деңиз, бизге кубат бол!

Флотилиянын кемелери Никополдун алдында да активдүү согуштук аракеттерди жүргүздү. «Мартынов» монитору жана беш бронекатер ал күндөрү чабуул коюп жаткан душман менен дээрлик тынымсыз салгылашып турду. Алар ошондой эле 18-армиянын бөлүктөрү Днепрдин сол жээгине өтүп кетишине да жардам беришти.

## СУВОРОВ СОГУШКАН ЖЕРДЕ

Крым жарым аралынын биз ээлеген бөлүгүн Кинбурн саяңынын чыгыш бөлүгүндө аябай бекемдеп орношуп алдык. Биз күткөнгө каршы бул жерде туздуу жана тузсуз көлдөр арбын экен. Чыгыш бөлүгү — саздак.

«Кинбурн саяңы... Бул эмне деген жер?» — деп кызыгышат жоокерлер. Муну биз, саясий кызматкерлер, түшүндүрүп беришибиз керек эле. Биз туш келген бул жер атактуу жер, бул жерде Суворов согушкан деп түшүндүрөбүз. 1787-жылы 1-октябрда орус армиясы анын жетекчилиги менен түрктөрдүн ири десантынын талкаланын чыгарган.

— Биз дагы фашисттерди талкалайбыз,— дешет кызыл аскерлер менен кызыл флотчулар өз ара. — Учуру келет — алар да качып жөнөйт!..

Кимдир бирөөнүн:

— Качканга алы келсе десең... деп түзөтүп жатканын кулагым чалды.

Одессага кирип келаткан жерлердеги транспорт кыймылын камсыз кылуу максатында 1941-жылдын августунда флоттун командачысынын буйругу менен Тенд-

ра согуш участогу (ТСУ) түзүлгөн болучу. Аны генерал-майор И. Н. Кузьмичев жана полктук комиссар А. С. Бойко башкарышкан. Бирок ал участок деңиз жактан эмес, кургактан көбүрөөк коргонууга туура келди.

Тендра согуш участогуна Дунай флотилиясынын кургак жердеги бардык бөлүктөрү, флоттун торпедалык катерлеринин экинчи бригадасы, деңиз жөө аскерлеринин 2-Кара деңиздик полку, 106-аткычтар дивизиясынын 534-полкунун 1-батальону, 8-инженердик батальон жана 122 миллиметрлүү замбиректүү бир батарея кирген[1].

Флотилиянын кургактагы бөлүктөрүнөн 1941-жылдын 11-сентябрында кошмо полк түзүлгөн, полковник Василий Александрович Матвеев анын командири, буга чейин саясий бөлүмдө иштеген улуу политрук Василий Иванович Колчин военкому болуп дайындалды.

Согуштук участканын бөлүктөрү Днепрден тартып Каркинит булуңуна чейинки (Збурьевка, Чулаковка, Бехтери, Железный порттору) коргонуу чектерин ээлешкен. Штаб Циммервальд кыштагында жайгашкан. Флотилиянын кемелеринин алдына ошол аскерлердин сол тарабын артиллериянын огу менен калкалап туруу милдети жүктөлгөн.

Мен 12-сентябрда мурдагы 7-ротанын базасында түзүлүп, кошмо полктун составына кирген деңиз жөө аскерлеринин батальонунда болдум. Батальон Чулаковкада өз позициясын ээлеп турган. Көз алдыда жүгөрү, буудай аянттарынын жарым жартылайы гана жыйылган кеңири талаа созулуп жатат. Командирлер атуу системаларын иштеп чыгып, жоокерлер окоп казып жатышат. Алар кыйналып жатышыптыр. Жер кумдуу болгондуктан эшилип жатат. Артиллериялык батарея кыштак-

---

[1] ЦВМА, ед. хр. 669, л. 26, 28.

тын түштүк жакка четинен орун ээлептир, жер казуу иштерин аяктап коюшуптур. Артиллеристтер окоп казуудан эч заарканышпай тургаанын мен байкадым. Жакшы казылган окоп чынында эле чеп экенин алар түшүнүшөт.

Жагдайды талдап чыгышкан соң батальондун командири М. С. Козельбашев менен военком Г. Е. Хмельницкий токтоосуз түрдө чалгындоо жүргүзүү керек деген тыянакка келишти. Гитлерчилер ал күндөрдө жолдо самсып Крымга келатышкан. Эл жашаган ири пункттарды ээлешкен, ал эми түнкүсүн болсо согуштук кароол коюша турган, алар курчоодо калуудан коркушуп, жыйналган буудайдын үймөктөрүн, сары кыр самандарды, колхоздун мал сарайларын жалбырттата өрттөшүп, ракета аткылап туруша турган.

Душмандын кайсы бөлүктөрү биз тарапка бурулганын биз билбей калдык. Мындай шарттарда чалгындоонун маалыматтары өзгөчө мааниге ээ болуучу. Ошентип мен чалгынчылардын тобун жетектөөнү чечтим. Ага тажрыйбалуу кызыл флотчулар Яков Бондаренко, Владимир Давыденко, Николай Букреев, Андрей Линьков жана башкалар киришти. Биз Михаил Ефремов айдаган жүк ташуучу машинага түшүп Каланчак, Скадовск багытын көздөй жөнөдүк. Мен бул жерлерди бир аз билүүчү элем. Кышында Севастополдон бул жакка эки жолу келгем. Анда биз тептегиз талааны автомашина менен каршы-терши кыдырып, коён уулаганбыз.

Кыштактын аркы-терки жолдору менен жүрүп баратабыз. Жолдон жолуккан айыл-кыштактарга абайлап көз салабыз. Анда жашоочулар жер төбөлөргө түшүп жашырынып калышыптыр; үйлөрүндө түн ичинде гана болушат. Чалбасы кыштагында душмандын чалгынчылары болушуптур. Гитлерчилер машина-трактор станциясынын директорун жана милиционерди кармап алышып, аларды ремонт мастерскаясынын дарбазасына асып кетишиптир. «Эгерде чыгарып алчу болсоңор,—

деп коркутушкан фашисттер ал жерде жашаган калкты,— баарыңар ушулардай болосуңар!»

Мыкаачылар мыкаачы боюнча кала берет!

Душмандын аскерлери чаңды асманга сапырып, машиналар менен жүрүшөт. Алардын кыймылы күндүз жакшы көрүнүп турат.

Биз кечке жуук Каланчактын жөө аскерлердин топтолгонун байкап калдык. Санасак, 150гө жакын машина, 200 мотоцикл, 150 велосипед, танкка каршы колдонуучу 10 замбирек экен. Танктарды да байкадык, онго жакын, андан ашпайт. Скадовскиде душмандын 10 бронемашинасы, 150 автомашинасы, 12 мотоцикли жана минномету менен 3 автомашинасы бар экен.

Душмандар кечке жуук барып токтошту. Биздин машина Колончак булуңуна аябагандай тездик менен жакындап баратты. Мен караңгыда жолдун ары жагынан чыга калган караанды байкап калдым.

— Машинаны токтот,— деп буйрук бердим шоферго.

Кузовдо олтурган кызыл флотчулар атууга даярданып калышты.

— Атпагыла — өзүбүздүкү! — деген үн чыкты караңгыдан.

Машинанын жанына бир адам басып келди. Башында темир калпак, үстүндө байкалтпас күрмөсү бар экен, андан матростор кийүүчү жол-жол агы бар көйнөк араң көрүнөт. Мени боорукер, шайдоот көздөр тиктеп турат, бирок мен аны каяктан көргөнүмдү эстей албай койдум.

— Жолдош кенже политрук, тааныбай турасызбы?— деди басып келген адам. Аны үнүнөн тааный койдум, бул Павел Городецкий — 725-батареянын комсомолдук бюросунун мүчөсү эмес беле. Ал бизди батареянын сырттан туруп атууга түзөтүү берүүчү посту жайгашкан окопко ээрчитип барды. Окопто башкармасынын взводунун командири лейтенант Андрей Никитович Абрамов, радист Константин Астафьев жана пулемётчу Ва-

силий Батраков бар экен. Баары тең комсомолецтер, менин эчактан берки согуштук досторум.

Батареячылардын Дунайда далай атышууларды баштарынан өткөрүп, Измаилди коргошуп, фашисттерди суудан өткөрбөй таамай атып, Тулчадагы атуучу жайлардын жаагын жап кылып турушканы албетте, окурмандардын эсинде. Батарея азыр Перекоп мойнунда турат, ал жээктеги коргонуунун Каркинит секторуна кирет.

Артиллеристтер бизге кечээ душмандар моюнга жарып кирүүгө аракет жасаганын айтып беришти. Чабуулга танктар, бронемашиналар жана жөө аскерлер чыгышкан. 156-дивизиянын 417-полкунун жоокерлери аларды көздөй бир мезгилде ок жаадырышкан. Перекоптун үстүнөн 725-жана башка кара деңиздик батареялардын замбиректеринин залптарынын жаңырыгы алыска угулуп турду. Фашисттер бир нече танк, көп мотоциклчилеринен жана автоматчыларынан ажырагандан кийин чабуулун токтотту. Алар эми артиллерияны арттан жылдырып келе баштады.

Батареянын командири капитан Г. В. Ясинский атууга түзөтүү киргизүүчүлөрдү душмандын тылына узатып жатып, барыдан мурда аларга артиллериянын атуучу жайларынын ордун аныктоо милдетин койду.

— Бул милдетти,— деп айтып берди бизге лейтенант Абрамов,— сырттан туруп атууга түзөтүү берүүчү пост орундатты, жана биздин батарея замбиректердин бири менен ата баштады. Үчүнчү снаряддан кийин биз: «бутага дал тийди!» деп билдирдик.

— Анан, андан ары эмне болду? — деп кызыга сурадым мен.

— Батареянын төртүнчү залпы менен душмандын артиллериясынын жаагы жап болду...

Түзөтүү киргизүүчүлөр өздөрүнүн батареясынын согуштук аракеттери жөнүндө. Петр Бондаренко ири калибрдүү пулеметтон «Юнкерсти» кантип атып түшүргөн

дүгү, андан кийин душмандын 30 бомбардировщигинин чабуулунун мизи кандайча кайтарылгандыгы, согуштун жүрүшүндө батарея атуу жайларын кантип алмаштыргандыгы жөнүндө сыймыктануу менен сүйлөштү.

— Атуу жайларын алмаштыруу жөнүндөгү буйрук жээктеги коргонуунун Каркинит секторунун командалык пунктунан келип түштү,— деп улантты сөзүн лейтенант Абрамов,— трактористтер Константин Титов, Василий Онуприенко, Иван Задорожный жана Тихон Борисенко душмандын огунун алдында замбиректерди кубаттуу сүйрөгүчтөргө бекитишти да, аларды жаңы жайга алып чыгышты.

Артиллеристтер бул урушта чоң кайгыны баштарынан өткөрүштү, алар Дунай флотилиясынын жээктеги коргонуусунун уюштуруучусу, жээктеги коргонуунун Каркинит секторунун командири, эң сонун жолдош, таймanбас жоокер жана коммунист полковник Ефим Тимофеевич Просяновдон айрылышты.

Анын бейитинин жанында сөз сүйлөнгөн жок.

Батареянын залптары, душманды айыптаган залптар баатыр артиллеристтердин абалын да, алар күрөштүн акырына чейин бекем турууга көрсөткөн чечкиндүүлүктөрүн да билдирип турду. Ал так ошондой эле болду. Жылдар өтөт, анан түштүк майдандагы уруштардын түздөн-түз катышуучусу армиянын генералы П. И. Батов өзүнүн эскерүүлөрүндө «Кара деңизчилердин бөлүгүнүн чыгыш жээгинен орун алган жээктеги батареясы күрөштүн бүткүл оордугун өзүнө алган. Моряктар каармандык менен аракеттенишкен»[1] — деп жазат.

Өз ара пикир алмашкандан кийин биз түзөтүү киргизүүчүлөр менен коштоштук. Биздин машина кайрадан жолго чыкты.

Кийинки күнү Чулаковкага кайтып келдик. Эс алуу-

---

[1] Батов П. И, Жүрүштөрдө жана уруштарда. М., 1974-жыл, 60-бет.

га үлгүрө элегибизде эле бизди Покровкага — ТСУнун штабына чакырып калышты. Бул учурда ал жерде Аскер Деңиз флотунун эл комиссары вице-адмирал Г. И. Левченко менен Кара деңиз флотунун согуш Советинин мүчөсү дивизиялык комиссар Н. М. Кулаков бар экен. Аларга биз көргөндүн баарын айтып берүү керек эле. Чынын айтсам, штабга кирип барганыбызда сүрдөп кеттик. Бирок эл комиссарынын орун басары менен согуш Советинин мүчөсү бизге көңүл бөлүп, кызыккан суроолорун берип, бизди өздөрүнө бат эле тартып алышты, ошентип биздин аңгемебиз, сыягы, пайдалуу болуп чыккансыды, анткени Гордей Иванович Левченко да, Николай Михайлович Кулаков да чалгындын катышуучуларын чын жүрөктөн куттукташып, бизге жаңы күжүрмөн ийгиликтерди каалашты.

Военком Хмельницкий менен бирге батальонго кайтып келгенден кийин биз взводдордун агитаторлорун чогулттук. Мен аларга № 725-батареянын комсомолец-артиллеристтеринин согуштук эрдиктери, Чалбасы кыштагындагы фашисттердин жырткычтыктары, Каланчакка жана Скадовскиге душмандын аскерлеринин топтолуп жаткандыгы жөнүндө айтып бердим. Батальондун военкому агитаторлордун алдына бул фактыларды токтоосуз түрдө ар бир жоокерге чейин жеткирүү, өздүк составда алдыда турган согушка даярдыкты өнүктүрүү милдеттерин койду.

Душмандын чабуулу кийинки эле күнү башталды. Гитлерчилер жүгөрүнүн арасынан бизди көздөй жайылган катары менен, тикелеринен тик туруп, темир калпакчан, колдорунда автоматтары бар, бирок атпастан келе беришти. Бул, көрсө үрөй учурма чабуулу экен.

Биз мылтыктардан жана пулеметтордон ата баштадык. Ошол учурда тиги жабылып келаткан жөө аскерлердин каптал жагынан мотоциклдер, анын артынан танктар чыга келди. Мотоциклчилер алдыларын көздөй, ошондой эле жан жактарына — бадалдарды, чабы-

ла элек буудайды, жүгөрүнү карай тытыратып үзүп-үзүп аткылап келатышты. Ал атуу менин байкашымча, дагы үрөй учурма сыяктанды, тытырагы өтө эле арбын. Бирок ал деле эч кимди коркута алган жок. Кызыл флотчулар танктарды күтүү менен эч шек билдиришпей, кудум эле катып калгандай болуп турушту. Дүрүлдөк жакын кирип келгенде гана машиналарды көздөй гранаттар жана бензин куюлган бөтөлкөлөр ыргый баштады. Үч танк күйүп кетти, көбү ошол эле жерден артка бурулду, бир нече гана машина коргонуунун ичин көздөй жарып өттү.

Бул жерден биздин жоокерлер дагы көбүрөөк кайраттана түшүштү. Душмандын жөө аскерлерин мүмкүн болушунча жакын кое берип, анан аларды мээлеп алып аткылай башташты. «Үрөй учургучтар» чыдай алышпады, жондорун салып качып жөнөштү. Биз «ураалаган!» бойдон контрчабуулга өттүк.

Уруш көпкө созулган жок, бирок жолдуу болду: биз эки туткунду колго түшүрдүк — сурак үчүн, үч танкты жок кылдык, 5 миномёт, 3 мотоцикл, мылтыктар, októ-дарылар түштү. Кыйраган жана тепселген жүгөрү аянтында душмандын 30 солдатынын өлүгү жатты. Туткундарды суракка алып, танктар, бронемашиналар менен күчтөндүрүлгөн 22-жөө аскерлер дивизиясы бизге каршы аракеттенип жатканын тактадык. Алар тендердик согуш участкасын курчап алууну жана авиация менен бирге аракеттенип, аны жок кылууну алдыларына милдет кылып коюшкан.

Уруштун акыр жагында батальондун командири капитан Марк Степанович Козельбашев жарадар болуп калды. Аны душмандын жааган огунан комсомолец Иван Хархорин — миномёттук атуунун жөнгө салуучусу алып чыкты. Батальондун командири болуп флотилиянын штабынын катардагы составын толуктап түзүү жана даярдоо бөлүмүнүн начальниги улуу лейтенант Михаил Петрович Князев дайындалды. Жоокерлер аны

мурунку уруштардан улам жакшы билишчү. Анын бийгирээк боюн, ачык-айрым жөнөкөй ажарын, саргыч чачтарын, акылдуу, ойноок көздөрүн мен бүт өмүр бою эстеп калдым. Ооба, ал бүт тулку бою менен кыймылда болуп, ар дайым кайдадыр умтулуп тургансып, шайдоот эле...

Ошол урушта экинчи ротанын командири лейтенант Павел Петрович Ломакин да жарадар болду. Аны взводдун командири лейтенант Иван Михайлович Турчанинов алмаштырды. Ал көп узабастан эле ротаны чабуулга тайманбай алып чыкты, жакындап кармашууда жеке өзү беш гитлерчини жок кылды. Рота фашисттердин взводун качууга мажбурлады.

Михаил Косенконун минометтук расчету да атууну билгичтик менен жүргүздү. Минометчулар бронемашинаны, эки мотоциклди жана 1 взводго жакын жөө аскерлерди катардан чыгарышты. Санинструктор кенже сержант Иван Сарнацкий да айырмаланды. Ал уруш талаасынан жарадар болгон он жоокерди куралдары менен алып чыккан. Мен баарын тең куралы менен деп бекеринен эске түшүрүп жатканым жок. Ал күндөрдө курал өзгөчө баага ээ болгон — анткени, аны бизге эч ким таап бере алган эмес. Куралды жоготконду катуу жазалап, ал эми курал тапканга кызуу алкыш айтылчу. Комсомолго кабыл алып жаткан кезде көп учурда: «А куралга кандай мамиле кыласың?» — деп сураша турган.

14-сентябрда түштөн кийин 17-пулеметтук рота Эски Збурьевкага көчүрүлдү. Мага алардын артынан жөнөөгө буйрук берилиптир. Автомашина менен Днепрди көздөй зуулдатып баратканбыз, бирок Эски Збурьевканы душман басып алганы аныкталды. 534-аткычтар полкунун 1-батальонунун кызыл аскерлери акыр аягы кыйналышып, өжөрлүк менен каршылык көрсөтө, бирок көп жоготууларга учуроо менен баары бир чегинүүгө аргасыз болушту. Абалды калыбына келтирүү үчүн ко-

мандование душманга контрчабуул коюуга буйрук берди.

Биз жети түндө Эски Збурьевканы көздөй бараттык. Жолго жарыш багыт менен баратабыз. Жер ңцкул-чуңкул экен, өтүктөрүбүз кумга батып кетет. Менин катарымда ротанын командири улуу лейтенант Алексей Николаевич Матвейчук жана взводдун командири кенже лейтенант Иван Иванович Лихаузов келатышат. Биздин ар бирибиздин сол жеңибизде ак чүпүрөктөн байлоо бар, аны биз өзүбүздүн адамдарды душмандардан айрып таануу үчүн байлаганбыз.

Кыштактын жарымынан өттүк, душмандан дайын жок. Көчө бизди мектеп жана почта орношкон аянтка алып чыкты. Карап көрсөк, бул жердеги аянтта душмандын төрт замбиреги — танкка каршы өзүнчө бир батарея турат. Бизди азырынча эч ким таназар алган жок. Кадамыбызды бир азга басаңдатып, жердин уусун алдык. Биздин пулеметчуларды көрдүк, алар далдаланып алышып, бизге карама-каршы тараптан батареяны айланып өтүп баратышат, алдында взводдун командири Алексей Логачев. Ошол эле мезгилде аларды душмандар да байкап калышты көрүнөт, бирок аларды жергиликтүү жашаган адамдар деп ойлошту окшойт, орусча:

— Ким келатат? — деп кыйкырды.

Пулеметчулар жооп берип үлгүрө электе эле, автомат тилге кирди — взводдун командири эстен тана жыгылды. Ротанын командири Матвейчук фашисттерге гранатты далдап туруп ыргытты.

Гитлерчилер да биздин тарапты көздөй ок жаадырышты, бирок кеч болуп калган эле, батареянын күзөтчүлөрү жана тейлөөчүлөрү бир пастын ичинде жок кылынды.

Мектепте жайгашкан гитлердик офицерлер өзгөчө айыгышкандык менен каршылык көрсөтүштү. Аткычтар терезелердин жанына боортоктоп жылып жетишти да бир нече граната ыргытышты. Гитлерчилер кутулуп ке

түүгө аракеттенишип, ачуу кыйкыра башташты, бирок терезелерди көздөй пулемет да аткылап кирди.

Эски Збурьевка кайрадан биздики болуп калды...

Мен бул эскерүүлөрдү жазып жүргөн учурумда бир радиоберүүнү уктум. Анда космонавттар Борис Волынов жана Виталий Жолобов «Союз-21» космос корабли менен «Салют-5» орбиталык илимий станциясынын бортуна учурулгандыгы билдирилген. 35-космонавт Виталий Жолобов 1937-жылы Збурьевка кыштагында туулган. Биз анын туулуп, өскөн кыштагында гитлерчилер менен салгылашып жаткан чакта ал бар болгону 4 гана жашта экен.

Бул жерден көптөгөн эң мыкты моряктар чыккан. Виталийдин атасы алыска сүзүүнүн капитаны болгон. Виталий өзү да моряк болгусу келген, бирок көрүп тургандыбыздай космонавт болду да ааламды космос корабли менен сүзүп чыкты.

...Душман эртең менен чыңдоолорду алып келип чабуулга өттү. Оң тарапта атышуулар жүрүп жатты. Пулеметтук ротанын взводунун командири сержант Николай Починин душманды көздөй ок жаадырды. Эки гитлерчи кулап түштү, калгандары жатып калышты. Жоокер Трофим Лысун сержантка жардам берди. Ал командирге кайрылып:

— Жолдош командир, алар мына бул жерге жата калышты! — деди да граната ыргытты.

Граната тигилердин тарпын асманга чыгарды!

Ою оңунан чыкпай калып жинденген гитлерчилер бизге карай пулеметтун огун жаадыра башташты. Починин аярдык менен четкерээк жакка жылып барып, дүрбүнүн жардамы менен бизди баш көтөртпөй жаткан душмандын дзотун издеп табууга аракеттенди. Таамай атуунун устаты, сержант анын үнүн бат эле басты.

Көп өтпөй фашисттер кайрадан чабуулга өтө башташты. Бет алдыларынан атылган октон алар өлүп, жарадар болуп кулап жатышты, а түгүл артка чегине баш-

ташты, бирок офицерлер жаалданышып, солдаттарды пистолеттери менен кайра сүрүп алга айдашат.

Ута турган учур келгенин түшүнүп, Починин жоокерлерди контрчабуулга алып чыкты. Бирок ошол учурда фашисттик снаряд жарылып, сержантты жерге сулатты. Починин контузия болсо да, ооруну тиштене жеңип, ордунан турду да, жоокерлерди кайрадан алдыга сүрөп алып чыкты.

Ал уруштун акырына чейин взводдун аракетине жетекчилик кылды. Анын тарбиялануучулары — комсомолецтер Василий Кублет, Тимофей Лесовой, Григорий Осейко, Николай Костенко командирден калышкан жок. Алар душмандын атуучу 5 жайын жана көптөгөн жөө аскерлерин жок кылышты.

Түшкө жакын тынчтык өкүм сүрдү. Мен мурунку эле күнү ВЛКСМдин мүчөлүгүнө кабыл алынган пулеметчулар Николай Костенкого, Анатолий Моралинге, Григорий Осейкого жана Сергей Тимофеевге окоптордо комсомолдук билеттерин тапшыргам. Мага бул ардактуу милдетти далай жолу аткарууга туура келди жана ар дайым кубанычты сезчүмүн. Уландар комсомолдук билетти алып жатып, фашисттерди талкалоодо күч-кайратын жана өмүрүн да аябаска ант беришет. Демек, комсомолдук идеалдар алардын аң-сезиминде тереңтамыр жайган. ВЛКСМдин мүчөлүгүнө жаңы кабыл алынгандарга комсомолдук билеттерди өз убагында тапшырууну мен өзүм үчүн кужүрмөн тапшырма деп эсептөөчүмүн жана аны кандай учур болсо да орундатчумун.

...16-сентябрда контр-адмирал А. С. Фролов Дунай флотилиясынын командачысынын кызматын аткарууга киришти, флотилиянын военкому болуп полктук комиссар С. И. Дворяненко, саясий бөлүмдүн начальниги болуп батальондук комиссар К. В. Лесников дайындалды. Согуштук катаал жагдайда командованиенин — бул алмашуусу биз үчүн табышмак эле. Мында Аскер Де-

циз Флотунун мурдагы эл комиссары Н. Г. Кузнецов өзүнүн мемуарларында «Биз оор учурларда абалдан чыгууну командованиени алмаштыруудан издеген учурларыбыз аз эмес[1] деп жазган принцип роль ойносо керек.

Мен үчүн пулеметтук ротанын турган жерине саясий бөлүмдүн жеңил автомашинасы келди. Согушка чейин Крымда такси айдоочу болуп иштеген, улгайып калган шофёр мага Кара деңиз флотунун саясий башкармасынан жетекчи жолдоштордун келгендигин жана саясий бөлүмдүн бардык кызматкерлерин кеңешмеге чакырып жаткандыгын билдирди.

Биз куйманын жээги менен баратабыз. Жол таптальштыр, бирок төмөн жактары жалаң эле баткак экен. Кетип баратып бир убакта биздин эмка баткакка тыгылып, өчүп калды. Баткакка белчеден батып, машинаны түртүп чыгарууга туура келди.

Шофер буюм-теримин салчу жеринен кыл арканын сууруп чыгып жатып, аны менен кошо иконаны да алып чыкты.

Мен ага таңдана карап:

— Иван Петрович, бу сиз, саясий бөлүмдүн начальниги менен кошо кудайды ташып жүргөнүңүз кандай?— дедим.

— Жигит,— деп жооп берди шофер,— бул кудай эмес, бул Александр Невский — жеңишчил-жоокер, бул жөнүндө азыр Москвада да эстеп жатышат.

— Сиз аны каяктан алдыңыз?

— Биз Бессарабия менен келатканда бир кемпир берген. Жек көрүндү жексурларды тезирээк талкалоону каалаган...

Жаштарга рухий таасир көрсөтүүнүн каражаттары жөнүндө, жоокерлерди чыйралтуу жөнүндө аргасыздан ойго батамын. Согуштук жагдай канчалык татаал бол-

---

[1] Н. Г. Кузнецов. Флоттордогу согуштук тревога. М., 1971, 130-бет.

гон сайын саясий органдардын, партиялык жана комсомолдук уюмдардын тарбиялык жана уюштуруучулук иштери ошончолук активдүүрөөк, принциптүү жана так, ачык-айкын түзүлүүгө тийиш деп туура айтышат. Флотилиянын кемелеринин жана бөлүктөрүнүн саясий кызматкерлери, коммунисттери, комсомолдук активисттери ар дайым адамдар менен бирге, бардык жагынан жеке үлгүлөрүн көрсөтүшөт. Бирок бизде чечилбеген маселелер да бар. Анын бирөө—запастан чакырылган аскер кызматкерлерин катарга кошуу. Алар али жетиштээрлик согуштук тажрыйбага ээ эмес. Майдандагы убактылуу оңунан чыкпай калуулардын шартында өздүк составдын жогорку моралдык калыбын кантип кармап туруу керек? Коллективди кантип чыңдоо керек? Партиялык саясий иштердин кандай түрлөрүн өздөштүрүү, кайсыларынан баш тартуу керек?

Бул маселелер саясий бөлүмдө чакырылган кеңешменин катышуучуларын да ойлонтуп жатканына көзүм жеткенде мен чын дитимден кубандым.

Айрым командирлер менен саясий кызматкерлер жагдайдын татаалдыгын жана тез өзгөрүп турушун шылтоо кылышып өздүк составды саясий тарбиялоону көңүлдөн чыгарып, шашылыш учурларда бир-эки ооз сөз менен чектелише тургандыктары кеңешмеде айтылды. Флоттун саясий башкармасынын өкүлү ынангандык менен мындай деди: Владимир Ильич Лениндин мамлекет массанын аң-сезимдүүлүгү менен күчтүү, кеңири массанын согушка катышуусу, алардын аң-сезимдүүлүгүнүн жана демилгесинин даражасы акыр аягы барып ар кандай уруштун аякташына чечүүчү таасир көрсөтөт — деген көрсөтмөсүн бул жерде, алдыңкы чекте да эсте тутуу керек.

Докладчы андан ары бөлүкчөлөрдү кыдырып жүрүп таратылбай калган газеталардын, китепчелердин жана баракчалардын таңгактарын көргөндүгүн айтып өттү. Муну, өзүңөр көрүп турбайсыңарбы, шарт катаал, жоо-

керлер кечкисин чарчап калышат деп түшүндүрүүгө да болот...

— Шарт чынында эле оор, жоокерлерге жеңил эмес. Бирок,— деп баса белгиледи саясий башкарманын өкүлү,— аскер кызматкерлери саясатка, партиялык басма сөзгө аябагандай кызыккандыктарын көрсөтүп жатышканы да туура.

Докладчы муну өздүк составда болуп, алардын өтүнүчтөрүн карап чыгууга үлгүргөн бир пулеметтук ротаны мисал кылып айтып берди.

— Бөлүкчөлөрдүн биринен,— деп улантты докладчы,— мен Одессада, Смоленск менен Ленинграддын алдында эр жүрөктүүлүк менен салгылашкан баатырларды билесиңерби деп жоокерлерден сурадым. Жооп жок. Согуш башталгандан бери биринчилерден болуп Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наамды алышкан эр жүрөк ленинграддык учкучтар Здоровцевдин, Харитоновдун жана Жуковдун ысымдарын атадым. Бирок аларды да аз эле адамдар эстешти. Мунун өзү туурабы?

Саясий башкарманын өкүлү биз менен далайга сүйлөштү. Бетке айтылган сын ачуу болду, бирок ал биздин күчүбүздүн да белгиси эле. Ойлоп көрүңүзчү, жан аябас салгылашуу жүрүп жатат, жагдай аябагандай эле коркунучтуу, а биз болсок бири-бирибизге чындыкты айтуудан, аны көзмө-көз, талап коюп айтуудан чочулайбыз.

Комсомол уюмдарынын секретарларына аз жардамдашканым, аларды өз иштерин туура түзүүгө үйрөтпөгөндүгүм үчүн ал жолу мага да сөз тийди. Саясий башкарманын өкүлү бир нече бөлүкчөлөрдө болуп чыкты да, бир жуманын ичинде комсомолдук жетекчилер эмне иш иштегендигин кызыгып сурап калды. Өзгөчө деле эч нерсе болбоптур. Алар убакыттын аздыгы, командирлер аларга комсомолдук иш тапшырбаганы менен актанышты.

Бул актануулар, албетте, саясий бөлүмгө чогулган биздин баарыбызды кейитти. Ал убакытты, деги ким бөлүп берет? Аны өзүң издешиң керек. Саясий башкарманын өкүлү, бардык жагынан алганда аябай тажрыйбалуу жана көптү көргөн адам, мына ушулар жөнүндө айтып өттү.

— Беш мүнөттүк тыныгууда сен өзүңдүн чарчаганыңды да унут, адамдардын арасына барып отур да аларга көңүл сергиткен, жакшынакай сөздөрдөн айтып бер,— деп кеңеш берди докладчы,— куралга кош көңүл мамилесин көрдүңбү—ага ошол эле жерден ынанымдуу, салмактуу кеңеш айтып кой. Же башкасы. Жергиликтүү маанидеги уруш ийгиликтүү аяктады дейли. Ошол жеңишти башка участкалардагы, мейли алыстагы жетишилген ийгиликтер менен болсо да байланыштыр, биздин ийгилигибиз бүтүндөй жагдайга кандай таасир тийгизээрин көрсөт. Жоокер өзүнүн окобунан, өзүнүн чегинен туруп бүткүл майданды көрүп, биздин жалпы ишибизге өзүнүн катышын сезип, душманды талкалоодо жалпы милдеттин бир бөлүгү катары өзүнүн да күжүрмөн милдетин түшүнүшү керек. Ошентип, жолдош жардамчы, сен буларды мурутуңа бурап кой,— деп достук сезим менен жыйынтыктады докладчы.

Ырас, менде мурут жок эле, бирок уруш канчалык айыгышкан түрдө өтсө, биздин саясий, партиялык, комсомолдук иштерибиз ошончолук жалындуу болушу керек экендигин жакшы түшүнүп турдум.

Мен ошол кемчиликтердин бирин кийинки эле күнү оңдоого аракеттенгеним эсимде.

Деңиз жөө аскерлеринин батальонунда иштөөгө кетип баратып, мен өзүм менен кошо борбордук газеталарды ала кеттим. «Красная звездада» танкалык командир Василий Александрович Мишулиндин эрдиктери жөнүндө айтылыптыр. Ал Забайкальеде кызмат өтөгөн, Халкин-Голдо согушууга туура келген, ал жерде эр жүректүүлүк менен салгылашып, орден алган.

1941-жылдын жазында эле эр жүрөк командир 57-танкалык дивизияны жетектей баштайт. Согуш алдындагы жагдай дивизияны Забайкальеден Бердычев, Щепетовка районуна которууга себеп болот. Танкисттер согушту эр жүрөктүүлүк менен каршы алышты. Аларга душмандын сан жагынан артыкчылык кылган күчтөрү кысып кирип барат. Биздин көптөгөн башка бирикмелерибиз сыяктуу эле танкалык дивизиябыз да чыныгы гвардиялык туруктуулуктун үлгүсүн көрсөтүштү. Борисовонун алдында да, Красное кыштагынын алдында да 57-дивизиянын танкисттери душманга Смоленскиге өтүп кетүүгө жол беришпей көпкө жана туруктуулук менен кармап турушту.

Мен «Красная звездадан» Мишулиндин Смоленскинин алдында урушуп жатканын, башкача айтканда Москвага кетүүчү жолду тосуп жатканын окуп бергенимде, мени угуп отурушкан жоокерлер алдыга серпиле түшкөндөй болду. Биздин кымбатыбыз, биздин жүрөгүбүз Москва — биздин эң негизги камыбыз эле.

Мына ошол Смоленскинин алдында,— деп уланттым мен,— мындай бир окуя болуп өттү. Согушта жарадар болгон полковник В. А. Мишулин госпиталга келип жатат. Ал анда өзүнүн дивизиясынын бөлүктөрүнүн бири душмандын курчоосунда калганын капыстан билип калат. Полковник дароо эле госпиталды таштап, бронемашинага түшүп өзүнүн жоокерлерине жетип барат. Ал жерден эң зор эркти, билгичтикти көрсөтүп жатып бөлүктү уюшкандык менен эч жоготуусуз курчоодон алып чыгып кетет. Андан кийин өз демилгеси менен немецтик жөө аскерлердин Москвага өтүүгө умтулган дивизиясына каршы согушка кирип, аны аябай майкандайт. Совет өкмөтү Мишулиндин эң сонун эрдигин жогору баалады, ал Советтер Союзунун Баатыры болуп калды, ошол эле күндөрдө ага генерал-лейтенанттык наам берилди.

— Келгиле эмесе, Мишулиндин танкисттерине кат

жиберели,— деп бири-биринен озуна сүйлөштү кызыл флотчулар,— биз алардын согуштук каармандыктарына суктанганыбызды билдиребиз. Анан дагы бул жерде, Кинбурндун кууш саяңында да өз күчүбүз менен душманды тосуп турганыбызды кошумчалайбыз.

— Болду, болду жазабыз! — деп бүт рота бир чечимге келди.

— Катты кайда жазабыз? Адресин билбейбиз да,— деди кимир бирөө.

— «Красная звездага» жиберебиз, ал жерден Мишулинди жана анын баатырларын издеп табышат,— деп жооп бердим мен.

Биз ошол эле замат кат жаздык, аны биз бир жалындан экинчи жалынга жөнөттүк, жөнөткөндө да өзүбүздүн жоокердик тилектештигибиздин, өзүбүздүн ажырагыс бир туугандыгыбыздын бир бөлүгү катары жөнөттүк. Ал кат жеттиби, же жокпу билбеймин, бирок газеталарда Советтер Союзунун Баатыры Мишулиндин фамилиясы кайрадан пайда болгон кезде биз кубануу менен: «Бул биздики!» — дей турганбыз. Андан кийинчерээк мен эки коммунист менен — партиялык комиссиянын секретары полктук комиссар Тихон Сергеевич Камышников жана инженер-механик Михаил Исидорович Левченко менен комсомолецтердин жолугушуусун өткөрдүм. Азыр мен алар эмнелер жөнүндө айтып, согуштук жагдайда эмне кылуу керек деп жана кандай кеңеш бергендерине токтолуп олтурбайм, бир гана нерсени айтмакчымын. Жолугушууга катышкандар ал экөөнө жыйырмадан ашык суроо беришти. Алар ушунчалык ачыктык менен кызыгып суроо бере берип, акыр аягында өздөрү да чарчап калышты. Карыя коммунисттердин чын дилден айткан аңгемелери жаштарга кандай рухий дем берээрине дагы бир жолу көзүм жетти.

...Саясий башкарманын окулу кеңешмеде бизге саясий бөлүмдүн жаңы начальниги — батальондук комиссар Константин Васильевич Лесниковду тааныштыр-

ды. Биз ошол эле күнү бригадалык комиссар Владимир Кондратьевич Беленковду Севастополго узаттык. Ажырашуу аянычтуу болду, анткени Улуу Ата Мекендик согуштун биз үчүн оор болгон учурунун далай жолдорун бирге басып өтпөдүк беле.

Саясий бөлүмдөгү кеңешмеден кийин бизди командалык пунктка чакырышты. Ал жерден флотилиянын командачысы контр-адмирал Александр Сергеевич Фролов майданда биздикилер тарапта түзүлгөн жагдай жөнүндө айтып берди.

— Душмандын жөө аскерлеринин полктору,— деди командачы,— кайра топтоштурууну жүргүздү да танктар жана авиация менен өз ара аракеттенүү аркылуу жаңы чабуулга өтүштү. Душман сан жагынан алда канча артыкчылыгынан пайдаланып, биздин коргонууну Чулаковканын жанынан экиге бөлүүгө аракеттенүүдө. Андан кийин ал Прогная жана Свободный портторуна чыгып, биздин аскерлерди азык-түлүктөн жана сүзүүчү каражаттардан ажыратып, аларды Днепр-Буг булуңундагы жээктерге жана Егорлыцк булуңуна кысып барып курчоого алуу менен жок кылмакчы.

Штабдын жана саясий бөлүмдүн кызматкерлери командирлерге, саясий кызматкерлерге өз орундарында жардам берүү үчүн бөлүктөргө жана кемелерге жөнөп кетишти. Мен Черниговка кыштагына түн ортосунда келдим. Ал жерде деңиз аскерлеринин батальонунун ээлеген орундары бар эле. Биз военком Хмельницкий менен бир катар чараларды карап, комсомол активинин кеңешмесин да өткөрдүк. Сөз барыдан мурда бюро мүчөлөрүнүн, комсомолдук топтун уюштуруучуларынын жана агитаторлордун жекече үлгү көрсөтүүлөрү жөнүндө болду. Акыркы демге чейин коргонуу, артка бир кадам да жылбоо жөнүндө айтылды.

Батальондо душмандын танктары менен бронемашиналарын жок кылуу боюнча ыктыярдуулардын тобу түзүлгөн. Ага комсомолецтер кенже сержант Петр Лу-

каш жана аткыч Сямулла Фаттяхов кирген. Топту военком Хмельницкий башкарган. Айтмакчы, ал ушундай топту түзүүнүн демилгечиси да эле. Жөө аскерлер түнүчүндө танктар келчү багыттан кууш окопторду казышып, аларды жакшылап далдалап коюшту, өздөрү гранаталарды жана күйүүчү аралашмалар куюлган бөтөлкөлөрдү топтоп алышты. Мунун баары тең, согуш көрсөткөндөй, пайдалуу болуп чыкты.

Ооба, уруш демилге жаратат. Мына ушундай демилгелер курал-жаракка кошумча болуп, күчтү эки эселентип, тактикалык милдеттерди мыктылап чечүүгө жардам берет.

19-сентябрдын таңында жөө аскерлердин атакасына чейин биздин ээлеген жерлерибиз фашисттик авиациянын бомбалоосунда калды. Самолеттор тобу менен бирде окопторду көздөй кайкып учса, бирде бизден алыс эмес жерде турган кемелерди көздөй кайкып учуп жатты. Биз алдыңкы чекте 62 авиабомба жарылганын санадык. Албетте, жоготуулар да болду. Түз тийгендиктен Егорлыцк булуңунда турган «БКА-401» бронекатери жана «Колхозник» мина төшөгүчү чөгүп кетиптир.

Мина төшөгүчтү көздөй 11 «Юнкерс-87» учуп баратты. Аларды кабарлоочу Василий Савченко башкалардан мурда байкай койду. Согуштук тревога берилди. Самолеттор тик сайылып кире баштаганда зенитчилер ата башташты. Замбиректин командири Александр Никитин, пулеметчулар Григорий Силенок жана Николай Пучков таамай атышты. Эки самолет дароо эле атып түшүрүлдү, алар булуңга, кемеден алыс эмес жерге кулады. Бирок, кийинки «юнкерс» бир нече бомбаны таштоого үлгүрдү: алардын бирөө басып жүрүүчү жерге келип тийип, палубаны тешип өттү да машина бөлүмүнөн жарылып, өрт чыкты. Кеменин командири улуу лейтенант коммунист Петр Максимович Сергеев, анын жардамчысы лейтенант Иван Михайлович Портной,

пулеметтук расчеттун командири Григорий Силенок, пулеметчу Николай Пучков, рулду башкаруучу Антон Пархоменко курман болушту.

Өрт күчөй берди. Политрук Иван Михайлович Гутник: «Коммунисттер менен комсомолецтер, менин артыман жүргүлө!» деп кыйкырды да, өрттү өчүрүүгө умтулду. Башкы старшина Яков Корнев, 2-статьядагы старшиналар Демьян Матвиенко, Григорий Бовтун, Виктор Савченко, кызыл флотчу Иван Бобровник өрт менен тайманбай алышышты. Алар ал кырсыкты жеңип чыгышат эле. Бирок кемеге дагы бир нече бомба келип түштү, жарылуу толкуну баатыр коммунисттерди ээ-жаа бербей жалбырттаган өрттү көздөй ыргытты, ошентип алар да курман болушту.

Замбиректин командири Александр Никитин оор жарадар болду, бирок душмандын самолетторуй аткылоону уланта берди. Ал өзүнүн жоокердик ордун таштап кеткен жок жана кеме менен кошо курман болду.

Мен Саша Никитинди жакшы билчүмүн — ал чыныгы патриот эле. 1919-жылы Ярославлда туулган, ошол жерден окуган жана иштеген, комсомолго өткөн, ал эми согушка чейин эки жыл флотко кызмат өтөөгө келген.

Ал алгачкы кездерде татаал механизмдерди билгичтик менен башкарышкан моряктарга суктануу менен көз сала турган. Саша аспаптар, механизмдер боюнча адистикке тырышчаактык менен үйрөнө баштайт. Натыйжалар көпкө күттүргөн жок. Вахтаны өз алдынча жүргүзүүгө жиберүү боюнча экзамендерди ал «эң жакшы» деген баага тапшырды. Бирок чыныгы устаттыкка жетүүгө али көп бар эле, аны ал түшүнчү. Жаш моряк күчүн да, убактысын да аябастан чиймелерди, инструкцияларды үйрөнүп, машыгып бир нече саат бою отура турган.

Саша кызмат өтөгөн «Колхозник» мина төшөгүчү Днепр, Кара деңиз жана Дунай менен далай аралыкты

өттү. Артиллерист-моряктын өнөрү жүрүштөрдө жана окуп-үйрөнүүлөрдө өркүндөдү. Ал 1-класстагы адис, кемедеги эң мыкты артиллеристтердин бири болуп калды. Көп өтпөй комсомолецтер аны комсомолдук бюронун составына шайлап алышты. Дунай флотилиясынын сыймыгы — Саша Никитин Мекендин душмандары менен ушундай салгылашкан жана жашаган. Эгерде бул саптар анын жердештерине жете турган болсо, анда алар Александр Яковлевич Никитин кандай баатыр болгонун ушундан улам билип коюшсун.

Авиация, артиллерия жана танктардын колдоосу менен душмандын жөө аскерлери биздин аскерлердин коргонуусун кетип баратып эле аңтарып салып баса бергиси келди. Уу-чуу көп болду, сиреналар улуп-уңшуп, автоматтар менен пулемсттор тытырап жатты... Мас болгон гитлерчилер кыйкырышып, сөгүнүшүп, мээлебей эле аткылап келатышты. Бирок алардын атакасын эми жинге тийме деп атай албайсың. Солдаттары тышкы түспөлдөрүн өзгөртүп алышыптыр, андан да өзгөчөлүгү жерди көздөй ыкташат.

Биз душмандын жөө аскерлерин уюшкан түрдө атуу менен каршы алдык. Анын катарлары биринин артынан бири артка чегине берди. Согуш талаасында гитлерчилердин өлүктөрү жатты.

Бир саат өттү. Душмандын кысымы күчөй берди, бирок деңиз жөө аскерлери чектен чегинишкен жок. Мен жүргөн ротага каршы душмандын үч танкы жана бир ротага жакын автоматчылары урушуп жатышат. Мына, танктардын бири алдыга жутунуп келатат. Мына, ал демдерин ичине катып, танктарды талкалоочулар отурушкан жолго жакындап калды. Күркүрөп келаткан машинаны көздөй гранаттардын жана күйүүчү суюктук куюлган бөтөлкөлөрдүн топ-тобу ыргытыла баштады. Танк күйүп чыкты. Берки экөө кайра бурулду да артка кетти.

Деңиз жөө аскерлери атакалап келаткан автомат-

чыларды көздөй ок атууну топтоштурду. Тигилер чыдай албай жата калышты. Атаканы кайталаган кезде гитлерчилер тактикасын алмаштыра турган болушту. Эми атакага чыгуудан мурда алар биздин артиллериянын жайгашкан жерлерине жана жолго дыкаттык менен чалгындоо жүргүзүп, биз койгон миналарды тазалоого аракеттенишет. Танктардын атакасынын учурунда алдыга бронемашиналарды салат. Кенедей эле жоготуулар боло баштаса, танктар кайра бурулат да артка чегинет.

Душмандын жөө аскерлери менен танктарын кемелердин артиллериясындай эч бир нерсе түйшүккө салбаса керек. Биздин үстүбүздөн учуп өткөн анын 130 жана 100 миллиметрлүү снаряддары гитлерчилердин топтошкон жерлеринде жарылып жатты. Биздин катарыбызда деңиз жөө аскерлеринин согуштук тартиптеги алып жүрүп атууга түзөтүү киргизүүчү посттору жайгашкан. Алар кемелер менен такай радио байланыш жасап, аларга мээлеген жерди билдиришип, атууга түзөтүү киргизип турушат.

Кинбурндун кууш саяңынын учун айланып бизге жардам берүү үчүн Днепрдин булуңунан Егорлыцк булуңуна «Ударный» жана «Железняков» мониторлору өтүп келишти. Дээрлик бир күн бою, 18 саатка жакын алардын үстүндө «юнкерстер» айланып жүрдү.

Өз көздөрү менен көргөндөрдүн айтымында булуңдагы окуя мына мындайча болгон.

Немецтик-фашисттик командование кемеге каршы кечке жакын бир эле учурда 22 самолетту жиберди. Алар бомба таштоого туш тараптан учуп келе башташты. «Ударный» мониторунун командири капитан-лейтенант И. А. Прохоров жүрүштүн ылдамдыгын алмаштыруу менен самолеттордон чууруп түшүп жаткан бомбалардан ар кандайча буйтап жатты. Артиллеристтер менен пулеметчулар тосмолоп атуунун торун түзүштү. Алар бир самолетту атып түшүрүштү, экинчисин да ал-

дынан атып кыйратышты. Замбиректер менен пулеметтордун стволдору ысып чыкты.

Ошондой болсо да «юнкерстер» «Ударныйга» тик сайылып чабуул коюшту. Эрөөл улам барган сайын кайгылуу боло берди. Монитордун тумшук жагына бомба тийди, биринчи машина катардан чыкты. Моторчулар Максим Судаленко, Алексей Анисимов жана Андрей Гончаров жарылуу учурунда машина бөлүмүндө вахтада турушкан. Андрей сол ыптасынан жарадар болду. Судаленко ага тепкич менен үстүгө чыгууга жардам берди, жаратын таңды. Бирок жарылуу толкуну Гончаровду сууга ыргытып салды. Моряк андан керемет менен аман калды. (Ал азыр Николаев шаарында жашайт жана «Вольный» теплоходунда механик болуп иштейт).

Монитор жүрүшүн бир машина менен эле уланта берди. «БЧ—5 тин» командири 3-рангадагы инженер-капитан Владимир Викентьевич Авласенок авариялык партияны жетектеди. Суу ички бөлмөлөргө уламдан улам кирип толо берди. Күр-шар түшүү, жалын, снаряддардын чачырандылары... Моряктар — бөлүмдүн командири 2-статьядагы шамдагай старшина Илья Горулев, машинист Дмитрий Яковлев, электрчилер Иван Овсянников менен Алексей Спекторенко, моторчулар Иван Стороженко, Николай Муштак, Никита Малакость менен Семён Тарасовец кандай гана тырышпасын кеменин ичине кирип жаткан сууну токтото алышпады. Анын капталдары бүт тешилген, суу машиналарды, бөлмөлөрдү, далистерди фонтандай атылып каптап жатты.

Бомбардировщиктердин кайталап чабуул коюшунда мониторго он эки жолу таамай тийүү болду. Артиллериялык жер төлө согуштук запастары менен жарылды. Ошентип, ал кеме Покровка кыштагынын түштүгүрөөк жагында Егорлыцк булуңуна чөгүп кетти. Аны менен кошо 55 адам, анын ичинде кеменин командири капи-

тан-лейтенант Иван Александрович Прохоров, флотилиянын штабынын гидрографы Константин Васильевич Орлянский курман болушту. Офицердик составдан военком Иван Алексеевич Бошин гана тирүү калды. Аба толкуну аны кемеден алыс ыргытыптыр. Иван Алексеевич суула аман калып, жарадарларга, алдан тайгандарга жардам көрсөткөн.

Абдан караңгы кирип калган эле. Аңгыча болбой моряктар мотордун дүрүлдөгөнүн угуп калышты. Аларды көздөй 2-статьядагы старшина Николай Кадников башкарган катердик тральщик шашып келатыптыр. Ал моряктарды Покровкага жеткирип, аларды өлүмдөн куткарды. Бардыгына тең медициналык жардам көрсөтүлүп, жарадарлар госпиталга жаткырылды.

Чейрек кылым өткөндөн кийин, 1963-жылдын жайында «Рабочая газета», «Авангард» ыктыярдуу спорт коомунун Борбордук Совети жана УССРдин суу алдындагы спортунун федерациясы тарабынан кыйраган кемелерди издөө боюнча украиналык биринчи суу астындагы экспедиция түзүлдү. Аны спорттун мастери Игорь Заседа жетектеди. Экспедиция Егорлыцк булуңунда иштеп жатып «Ударный» мониторун тапты. Игорь Заседа менен аквалангист Константин Левицкий кеменин ичине өтүшүп, анын ички бөлмөлөрүндө болушту. Алар кеменин сейфин табышып, аны сыртка алып чыгышты да, андан али окууга боло турган китептерди, документтерди чыгарып алышты. Бөлмөлөрдүн биринен мониторго 1941-жылы майда Кызыл Туулуу Балтика флотунун суу астында сүзүүчү 2-бригадасынан келген кызыл флотчу Иван Филиппович Дрожжиндин күндөлүгү табылган.

Андан кийин «Ударныйга» командирдин уулу — инженер-куруучу Виктор Прохоров аквалангисттер менен бирге түшүп чыкты.

Суу астындагы биринчи экспедициядан кийин «Водный транспорт» газетасынын демилгеси боюнча «Удар-

ный»— мониторунан тирүү калган моряктарды издөө башталды. Газетанын «Кайдасыңар, полктош-достор?» деген чакырыгына радиочу Александр Березовский, моторчу Николай Бабяк (ал экөө тең азыр Черкасскиде жашашат) дайындарын билдиришти.

Бирок азыр Егорлыцк булуңунда улантылган урушка кайрылалы. «Железняков» монитору таамай тийүүдөн буйтап качып жатты, бирок жакын жерге түшкөн бомбалардан оор зыян келди. Кеме тик сайылып качырган 13 бомбардировщиктин чабуулуна туш болду. Атакалар биринин артынан бири болуп турду. Самолеттор туш тараптан жуп-жубу менен учуп келип, бомбаларды ызы-чуу менен ыргытып кетип жатты.

Жарылуулардан кеменин тулку бою термелип турду. Көптөгөн аспаптар менен механизмдер бекитилген жерлеринен үзүлүп чыгып, өйдө карай ыргып жатты. Басып-туруп жүрчү орун тосулду. Ичкериге суу кире баштады. Ыраакты өлчөгүч менен рация иштен чыкты, башкы калибрдин мунарасы бүтөлдү. Военком Василий Корнеевич Кихно, кызыл флотчулар Степан Бозель менен Василий Бейкун жарадар болушту.

Кихно жарадар болгонуна карабастан капталдагы тешиктерди карап чыгуу үчүн сууга биринчи болуп түштү. Суунун кире баштаган жери табылар менен комсомолдук бюронун секретары Григорий Мудряк жана активдүү комсомолецтердин бири Василий Чумак кеменин капталындагы 16-туура жыгачтын тегерегиндеги каптама темирди сыйрышып, жыгач шынааларды урушуп, жаракаларды май сүртүлгөн чатышкан кендирлер менен бүтөштү да, аларды тирөөчтөр менен тиреп коюшту. Суу кирбей калды. «Железняков» мониторуна Тендра саяңын көздөй жол тартууга буйрук берилип, ал жерге чоң түйшүк менен араң жетти.

«Ударный» кыйрап, «Железняков» Тендрага кеткенден кийин бизге гитлерчилердин чабуулунун мизин кайтаруу кыйын болуп калды.

Биз кечинде бардык взводдордо танктарды кыйратуучу топторду түздүк, бул топтордун составына эң бир тайманбас жана чечкиндүү моряк-коммунисттерди жана комсомолецтерди бөлдүк. Командирлер жоокерлерге гранаттарды жана күйүүчү аралашма куюлган бөтөлкөлөрдү мээлеп ыргытууга көнүктүрүштү. Кол гранаттын 1933-жылкы үлгүсүнөн танкка каршы түйүн түзүүнү көрсөтүштү. Комсомолдук бюронун секретары Василий Перов кагаздын барактарына немецтик танктын сүрөтүн тартып, анын кыйраар жерин кызыл кайчы сызык менен белгилеп койду. Сямулла Фаттяхов жылып келаткан танкты көздөй окоптон гранаттардын түйүнүн мээлеп ыргытуунун тажрыйбасын бөлүштү.

Биз биринчи ротанын политругу Георгий Дмитриевич Большаков менен бирге түн ичинде аскердик күзөттү текшерип жүрөбүз. Душмандын окопторунан ызычуу угула калды. Биздин оң жагыбыздан ок атылды. Биз ошол жакка жөнөдүк. Окоптордун жанында жоокерлер Юрий Приходько менен Иван Макрин турушуптур, алардын бут астында бирөө өлүп жатат. Жоокерлер гитлерчинин мактангансып окоптордун жанынан ат менен бастырып өткөнүн айтышты. Ал чукул кирип келгенде Приходько атып жиберген. Ат үркүп кеткенде фашист ээрден кулап түшкөн...

Таңдын атышы менен, артиллериялык жана миномёттук даярдыктан кийин душмандын жөө аскерлери кайрадан атакага жылып жөнөштү. Бул жолу да фашисттер баягыдай тик турбастан эле келатышты.

Биз алардын үрөй учуруп, жинге тийме спектаклдеринин жинин өткөн уруштарда кагып койгонбуз.

Биздин жоокерлер өздөрүн токтоо кармашты. Армиялык алыска атуучу батарея чабуул коюп келаткандарды көздөй ок чыгарды. Зениттик дивизиондун батареялары бронreceived атуучу снаряддар менен танктарды жана бронемашиналарды, ал эми роталык ми-

пометтор жөө аскерлер менен атуучу жайларды көздөй атып жатышты.

Гитлерчилер деңиз жөө аскерлеринен коркуша турган, алар аны согуштун биринчи эле күндөрүндө «кара азезилдер» деп аташкан. Эми да матростордун карала көйнөктөрүн көрүшүп дароо эле жүрөк заада боло түшүштү. Деңиз жөө аскерлери автоматчыларды жамгырдай жааган ок менен тосуп алышты да алардын жолун тосуп салышты. Окоптордун алдында өлүктүн саны арбып кетти, жарадарлары акырындык менен артка жылып кете башташты. Бир аздан кийин душмандын атакасынын мизи кайтарылды.

— Окопторду кыдырып чыгалы,— деди политрук.

— Кеттик...

Биз ар бир окопто, ар бир расчетто болдук. Адамдар урушка, эң негизгиси ийгиликке таасирленип калышыптыр.

— Ыракмат,— дедик биз,— сиздер эң мыкты урուштуңуздар, чаарала көйнөктү бекер кийбепсиздер. Бирок бошоңдобогула, душман атаканы кайталайт. Окопторду, курал-жарактарды тартипке келтиргиле, согуштук запастарды толуктагыла.

— Караңызчы,— деп токтотту мени взводдун командири Иван Гуленков, анан мага «Боевой листокту» сунду. — Чабармандан азыр гана алдык...

Ал чакан дептердин барагынын эниндей кагаз экен. Анын бетине карандаш менен: «Согуштук бир туугандар — деңиз жөө аскерлери, силерге даңк! Силер менен катарлаш урушуп жатканыбызга биз сыймыктанабыз. Дагы бир мертебе даңк!»— деп үч сап сөз жазылыптыр.

Аягына «Силердин кошунаңар — зениттчи-комсомолецтер»— деп кол коюлуптур.

Гуленков күтүлбөгөн иштен улам абдырап калды.

Бирок мен ага мындай дедим:

— Сиз дагы аларга жазып жибериңиз, анткени ар-

тиллеристтер дагы мактоодон ашык салгылашып жатышпадыбы!

Душман атаканы кайталады. Ошол 20-сентябрь күнү биз анын эң күчтүү үч кысымынын, кан майдандын чегин жарып өтүүнүн үч жолку аракетинин мизин кайтардык Деңиз жөө аскерлери кечке жуук гана сан жагынан басымдуулук кылган душман күчүнүн кысымы алдында буйрук боюнча жаңы коргонуу чегине: Бузовый кыштагына, Егорлыпк булуңуна чегиништи. Бул Кинбурн саяңынын дээрлик эң кууш бөлүгү эле. Биздин артыбызда Прогнов, Василевка, Покровка кыштактары, андан ары деңиз жаткан.

Кан карайды. Уруш тынчыды. Батальондун командири менен комиссарынын түйшүгү арбын: согуштук запасты толуктоо, адамдарды тамактандыруу, жарадарларды алып кетүү, күчтөрдү кайрадан топтоштуруу керек... Бирок эртең менен кайрадан урушка чыгып, душман менен бетме-бет беттеше турган жоокерлер менен чын ыкластан сүйлөшүү да керек. Бөлүкчөлөрдө комсомолдук кыскача чогулуштарды өткөрүүгө макулдаштык. Князев экинчи, Хмельницкий үчүнчү ротага барып, мен биринчиде калмай болдум.

Биз тарапта түзүлгөн оор абал жөнүндө комсомолецтерге айтып бердим. Эртеңки уруш эрдиктерди талап кыларын ачык эле айттым. Комсомолецтер дагы ушундай мааниде сүйлөштү. Бул чогулуш иш жүзүндө душман менен кашык кан калганча салгылашуу, айыгышкан кармашуусуз бир таман жерди да калтырып кетпөө үчүн жоокерлер менен командирлердин Мекенге, Коммунисттик партияга берген коллективдүү анты болду.

Жаңы күн башталды, аны менен бирге жаңы уруштар да башталды. Деңиз жөө аскерлерине каршы фашисттер броневиктерди жана биздин батальондон үч эсе ашып түшкөн автоматчыларды жиберди. Биринчи ротанын жоокерлерине батальондун военкому Глеб

Хмельницкий келиптир. Ал кошулган бөлүм бул тегеректеги жерлерге үстөмдүк кылуучу абалга ээ болгон бийиктикти ээлеп алган. Алар бийиктиктен душмандын аракетине байкоо жүргүзө башташты. Ушул эле жерге снайпер Маленков да келип жайгашты. Айтмакчы, Хмельницкий өзү да мылтыкчан жүрө турган, ал снайпер менен бир жуп болуп ишке киришти. Бийиктиктен жарым километр аралыктан фашист көрүнөөр менен, сыягы ал байланышчы болсо керек, комиссар аны атып калды. Тиги окопко жашырынды.

— Тээ-тетиги окопту байкап турчу,— деди комиссар снайперге,— Ал жерден азыр гитлерчи жылып чыгат...

Чын эле ал көп өтпөй аярлык менен, эки жагын элеңдей карап окоптон көтөрүлдү. Маленков мээлеп күтүп турду, качан гана душмандын солдаты окоптон эмгектеп алга жыла баштаганда, ал илмекти басып калды.

Бир нече минута өттү. Өлгөн гитлерчиге дагы экөө жылып келе баштады. Алар да беркиндей эле жазмышка кабылышты.

Душмандар Маленковду байкап калышты, аны көздөй пулеметтон жана автоматтан ок жаадырышты.

— Абайлаңыз, жолдош комиссар, алар сизге карай мээлеп жатышат,— деди Маленков.

Ошол учурда Хмельницкий мээлеп туруп атуучу илмекти басып калды. Бирок фашист военкомду атууга үлгүрүп калды.

— Жолдош...— деп кайрылды Маленков Хмельницкийге, анан дароо эле: Комиссарды өлтүрүштү!— деп кыйкырып жиберди.

— Комиссар курман болду!—деген кабар окопторго тарап кетти. — Комиссар үчүн өч алабыз!

Биз эр жүрөк жоокерден, эң сонун адамдан, кужурмөн саясий кызматкерден айрылдык. Мен эң жакшы досуман айрылдым. Жаңы военком дайындалганга чейин анын милдетин аткаруу мага туура келди.

Кинбурн саяцындагы жагдай аргасыз болуп калды, ошондуктан Түштүк майдандын командованиеси бул жерде болгон бөлүктөрдү Тендра саяцына көчүрүүнү чечти.

Егорлыцк булуцунун суусу тайыз, ошондуктан аскерлерди ташуу үчүн майда кемелерди гана пайдаланууга болот. Жээгинде пристандары да жок эле. Бизге Покровка кыштагындагы бузулган сарайлардан кеме токтоочу жай куруууга туура келди. Курулуш иши, аскерлерди көчүрүү душмандын тынымсыз бомбалоолорунун алдында жүрүп жатты.

Биз 22-сентябрда батальондун тецин Тендрага өткөрүү үчүн Покровка саяцына топтоштурдук. Душмандын автоматчыларынын тобу биздин арт жагыбызга өтүп кетиптир, бирок биз карбаластап калган жокпуз. Байланышчы-моряктар Георгий Ефимов, Василий Карпенко, Константиин Швец, Василий Каравашкин, Данил Коломеец — (баары тец комсомолецтер) аттарды токуп минишип, Долгое көлүн кечип өтүштү да душмандын автоматчыларын курчоого алышып, жок кылышты.

Кинбурн саяцындагы коргонуунун акыркы күнү өзгөчө оор болду. 24-сентябрда душман Прогной кыштагына бардык күчү менен чабуул койду. Күн бою биз бир канча атаканын мизин кайтардык. Ал уруштарда Николай Букреев, Михаил Цветков, Андрей Линьков, Яков Бондаренко өңдүү комсомолецтер окко учту. Көптөгөн кызыл флотчулар жарадар болушту. Оорукананын комсомол уюмунун секретары, аскердик фельдшер Владимир Смоктий аларга согуш талаасынан түздөнтүз жардам көрсөттү. Ал жарадарлардын баарын Тендрага жөнөттү.

Тозоктой кыйынчылыктарга карабастан, биздин жоокерлердин аскердик ац-сезимдери жогору эле. Покровканын жанынан бөлүмдүн командири Дмитрий

ИБ № 2335

Терүүгө 13. 11. 81. берилди. Басууга 20. 01. 82. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 70×108 1/32. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 6,0 физ басма табак, 8,40 шарттуу басма табак, 8,64 учёттук басма табак, 8,663 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 7000. Заказ № 436. Баасы 55 т.
«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.
Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

## *КЫМБАТТУУ ОКУРМАНДАР!*

«Мектеп» басмасынын педагогика бөлүмү 1982-жылы төмөндөгү наамдагы китептерди чыгарат:

**Приданцева А. М.** Кенже окуучуларга СССР Конституциясы жөнүндө.

**Лисовский В. Т.**
**Иванов В. Г.** Татыктуу жашоо.

**М. Серебро-Саенко.** Конституция күнү.